

# АЛА-ТООДОГУ КЫРК ИЗ

# Ала-Тоодогу Кырк из

(Аңгемелер жыйнагы)



Рысбек

Бишкек
2000

# *Арноо*

*Пайгамбар дегендер көп. Бул китеп силерге баарынан жакын турган, силердин эне—тилинерди билип, кыргыздын жашоо—тиричилигин башынан өткөрүп, кыргыздын үрп—адаттарына түздөн—түз катышкан пайгамбарга арналган.*

# Кириш сөз.

Мен бул ангемелерди кыргыз болууга ыраазы болгон досторум үчүн жаздым. Жазган ойлорум силерге жаңы көрүнөт го. А силер бул үрп–адаттарды мага биринчи көрсөтпөдүнөр беле. Бул ойлор жана бул аңгемелердин негизи дайыма биерде болгон. Эми мен алардын үстүндөгү чаңын сүрттүм. Биз бетме–бет сүйлөшкөндө мен ошол ангемелрди силерге айтып бергим келген, бирок силердин бай нукура Кыргыз тилинерге тилим жетпеди. Эми бул китепти досторум, силер үчүн жазып, которуп чыгардым.

Таттуугүлүмө,
Ата–энелериме,
Базаркол байке менен Айнура эжеге,
Биздин молдобузга,
Кызуу молдо (бул китептин көбү сиздики),
Сабыр имамга,
Баатыр Аскарга,
Эр жүрөк Дамирге,
Макуга,
Анарга,
Молдо балдарына,
Кыргыз эки буттуу тракторлоруна,
Балбан иниме,
Тирүү аяттарга,
Турусбек байкеге,
Гулнара, Эльмира, Динарага, Камчыбекке жана Айбекке,
Жайлоодогу аксакалдарга,
Кыргыз рухуна,
Ала–Тоонун тынчтыгына жана жолдорунарда болгон машайакка ырахмат. Силер менен бирге болгонума, чогуу иштегениме, маектешкениме ыраазымын.

Баарыныздардан көп үйрөндүм. Баарыбыз бул китепти чогуу чыгардык. Катуу сөздөрдү эле өз мойнума алам.

Бул китепти өз ата-бабалардын динин саткандарга да, чоочун сектке өтүп кеткендерге же чет элдердин көз карамагындагыларга да, Ала-Тоонун тынчтыгын бузгандарга бербегиле деп суранам. Алар Ала-тоонун касиеттүүлүгүн түшүнбөйт да көрбөйт. Алар менин биринчи китебиме каршы чыгып, боз үйдүн ыйыгына ылдый караган. Мен ошол кишилерден жакшы эмесмин. Мен да туура эмес кылып, көп билбей жүрөм. Катуу сөздөрүмдүн себеби, бул кризисте Бир жараткан кудайды – кыргыз элине жардам берген Манас атанын көкө теңирин изилдебесек, таппасак, ага таазим кылбасак, анын жарын башкаларга бөлүшпөсөк болбойт.

Кудайдын Кыргызстанга берген ак батасы көп элдерге тийсин.

Омийин.

*Кудайдын сырлары*
*Кудайды данктайт.*
*Ошол сырларды ачуу*
*Хандардын аброюн көтөрөт.*

*(Сулайман пайгамбар)*

# Сөз башы

Бүгүнкү гезиттерде: "Жаштар өз динин сатып жатышат!", "Эмне үчүн башкалар бизди Жаратканга кыргызча эмес, чоочун башка бир тилде сыйынууга мажбурлап жатышат?", "Кыргыздар өз ата журтуна аркасын салып, чет жактагы шаарларга бет алууда!", "Чет элдиктер жаштарыбызды сатып алып, башын айлантып жатышат," — деп жазылган көп нерселер силер сыяктуу, мени да өтө тынчсыздандырат.

Кызыгуум артып, мен да Кыргызстандын бүткүл тарыхындагы эң чоң изденүү, изилдөөгө кошулууну чечтим. Биз тоонордо катылган алтындан да терең жаткан жана тоолордун өзүнөн да алда канча баалуу нерсени издеп жатабыз. Биздин издегенибиз – Ала Тоонун түбөлүктүү Жаратуучусу, кыргыз элинин таза руху жана байыркы ата—бабаларыңардын нукура ишеними, алардын дини.

Эгерде Кудай чындыгында эле силерди жаратып, ушул жерди мекен кылып берсе, анда — мен буга толугу менен ишенем — анын силерге тартуулаган байлык—кенчтерин табуу үчүн менин Меккеге, Москвага же Вашингтонго баруумдун эч кажети жок. Ошон үчүн мен өз иликтөөмдү Ала Тоодон баштап, Ала Тоодон бүтүрмөкчүмүн.

Анда камчыны колго алалы да, атыбызга минип, изилдөөбүздү баштайлы.

Чү!



# Бүркүт

Мен балапан кезде ата—энемдин ушунчалык эркин, ушунчалык сулуу болгону дале эсимде. Көпкөк асман жалгыз алар үчүн жаралгандай, эркиндик жалгыз аларга берилгендей туюлчу. Канаттарын шамалга жая каалгып учушаар эле. Алар Кыргызстандын мелтиреген асманын жана улуу тоолору менен өрөөндөрүн мекендешчү.

Уянын ичинен ата—энемдин учканын көпкө чейин карап турганым да эсимде. Учуп жүрүп, алар Кыргызстандагы бүткүл адамдар менен жан—жаныбарларды эркиндикке чакырып шаңшышаар эле. Алардын чакырыгы сөз же кандайдыр башка доош эмес болчу, чакырык алардын рухунан чыкчу. Кыргыз асманына көтөрүлүп, өйдөлөгөн сайын алар: "Эркин болгула, Кудай силерди азаттык үчүн жараткан! Эркиндикте өмүр сүргүлө!" – деп чакырып шаңшып турушаар эле

Ата—энем учуп жүргөндө, машиналар да, жылкычылар да, жөөлөр да — баары тен тып токтоп калышканын

байкачумун. Токтой калып, алар көк асманга чалкалап, анын бийигине суктангандай, ата—энемдин артынан кандайдыр бир башка дүйнө ачылгансып, тигилип карашаар эле. Бул алардын кыялындагы дүйнө болчу. Ооба, атам менен энем алардан көз жетпеген алыстыкка учуп кетишкенде да, карап турган кишилер, башка дүйнөдө жүргөнсүп, айланасындагыны элес албай, көктү телмирип тиктеп тура беришчү.

Ата—энемдин учканы алардын ажайып көрүнүшүн байкап турган ар бир адамдын жан—дүйнөсүн козгойт эле. Алардын кайкып учканын көргөндөн канча деген адамдардын көңүлү эргип, кубулжуган обондор, сонун ыр, поэмалар жазылды.

Мен дагы бүркүт болгонума сыймыктанаар элем. Ал эми бүркүт болуп жаралыш үчүн дайралары көк мелжиген тоолордон агып түшкөн Кыргызстандан, күлүк аттарын чаап, жүзүнөн күлкү кетпеген жайдары эли бар Кыргызстандан, бүркүттөргө окшоп, эли да эркиндиктикти жанындай көргөн Кыргызстандан, адамдары алдына меникинен алда канча асыл максаттарды, милдеттерди коё билген Кыргызстандан артык жер болмок беле!

Мен бүркүт болгонума сыймыктанар элем. Бүркүт үчүн Кыргызстандан башка артык дагы кайсы жер бар эле?!

Мен да канаттарымды жайып, ажайып кооз мекенимдин бийик чокуларынын үстүнөн кайкып учаар күндү көксөчүмүн. Жүрөгүмдүн түпкүрүндө ар бир тал канатымды шамалдын салкын агымы сылап сергитип, аркам күндүн жылуу нурун сезген убакты энсеп жүрдүм. Менин учканым токтой калып, мени суктана, көз тигиле караган кишилердин жүрөгүндөгү кылдарды козгоп, ыр ойготор күндү самар элем.

Мен бейкүнөө жаныбарлардын эти, каны менен азыктанган сыймыктуу бүркүт болчумун. Күч—кубатка толуп, бийик учуп, адамдарды алга сүрөөм үчүн ошол күнөөсүз айбандар өздөрүн курман чалышчу. Бирок ошол бейкүнөө жаныбарлар бүркүттөрдүн бийик учушу үчүн гана курман болушчу эмес. Алардын курмандыгы эркиндик үчүн, эркиндиктин бийик учуп,

адамдарга дем бериши үчүн да болгон. Алар Кыргызстандын эң жогорку нарк—насили — эркиндиктин өтөлгөсү эле.

Бирок кийин баары өзгөрүп кетти. Мен чоноюп, алгач учуп чыгарыма аз калган күндөрдүн биринде бир кыргыз киши мен жашаган уяга чыгып келди. Ал мени колу менен кабыштыра кармап, баштыгына салды.

Арадан эки күн өткөн соң, ал мени бир арабдын колуна тапшырды. Тиги болсо мени кармап келген кыргыз кишиге акча берип, алкышын айтты. Ошондон кийин мен кутуга камалган бойдон көпкө жер кездим. Жол бою күчүмдүн барынча күрөшүп келдим. Бүркүттү туткундаганга адамдын кантип колу барды экен? Мени кутуга камаганы менен ал жаратылышка каршы адамкерчиликсиз иш кылбадыбы.

Бир топ күндөн кийин мени төрт дубалдуу, үстү жабылган үйдөгү капаска салышты. Мен барган жер Кыргызстанга дегеле окшобогон, адамдары жадырап күлбөгөн, бири—бирин сүйбөгөн, жада калса күлүк ат минбеген жер экен. Ал жердеги адамдар эркиндиктен көрө динге жамынып алганды, пайдасыз ырым—жырымдарды, жасанып—кийингенди артык көрүшөт экен Мен ушундай жерге туш келипмин. Мен бүркүттөр учуу үчүн гана жаралган Кыргызстанымдан аябагандай ыраакта калдым. Ооба, мен эркиндиктен, өз үйүмдөн алыстадым.

Көнүлүм чөгүп баратканын сезип, мен ак кардуу чокуларды, асман тиреген теректерди, күч—кубаты толук бүркүттөрдү эстеп, көнүлүмдү көтөрүүгө тырышам. Бирок эскерүүлөрүм да акырындык менен өчө баштады. Улам барган сайын Кудай жараткан максатта колдонулбай калган канаттарымдын көркү кете баштады. Териси, сөөгү, каны жок, эскирген эт азыгым болду. Абасы конурсуган, ысык, тар капаска камалгандыктан бир кездеги курч көздөрүм тунарып, жакшы көрбөй калды. Мурда керилген көкүрөгүм ичине кирип, көп узабай, үй ээси мени конокторуна да көрсөтпөй калды.

Мен Кыргызстандын мелтиреген кең асманынын алдында төрөлгөн эркин бүркүт элем. Эми болсо бай кишинин дүр—дүнүйөгө толгон үйүндө тоок сымал өлүп баратам. Мен акындар

ыр салган, дайралары аска—зоолуу тоолорду аралап аккан асыл жерде төрөлгөм. Азыр минтип бурганактаган кум менен иттерден башка эч жан жок чөлдө кууpаганы калдым. Мен бүркүттөр элдин сүймөнчүгүнө ээ болгон жерде туулган элем. Эми болсо жырткычтар өкүм сүргөн жерде көз жумганы турам. Мени ушул тозоктон куткарар бирөө бар бекен? Жардамга аябай муктаж учурда каралашчу асылзат кыргыз элим кайда? Же алар дагы бир чоочун элге туткун болуп калышканбы?

Ушинтип, мага окшоп, бардык кыргыздар да үйүнөн алыстап, максатынан тайып, Кудайдан айрылып, кум сапырылган чөлдө, жат динчилдик өкүм сүргөн жерде жыркычтарга жем болобу?

Бизди ким куткарар экен?

وَالَّتِيٓ أَحۡصَنَتۡ فَرۡجَهَا فَنَفَخۡنَا فِيهَا مِن رُّوحِنَا
وَجَعَلۡنَٰهَا وَٱبۡنَهَآ ءَايَةٗ لِّلۡعَٰلَمِينَ ﴿٩١﴾

*(Курандан)*

# Кырк из менен кырк от

*Акыйкаттын ак жолундагы кырк из,*
*Кудайдын жолдошу болгон кыргыз.*

Кудай кыргыз эли менен түбөлүк бирге болгусу келет. Ошондуктан силерди ар дайым түбөлүк жайылып турган дасторконунан даам сызууга чакырууда. Бирок ал эч качан өзүн силерге тануулабайт да мажбурлабайт. Эгерде андан башкаларды сүйүп, өзүнөрдү аларга арнагынар келсе, эрк өзүнөрдө. А эгер аны менен ширешип, бирге болгунар келсе, анда чоочун көнүлдөштөрүнөрдөн баш тартып, Кудайдын ыйык Рухунун чакырыгын уккула.

Рух аранардан далайынардын карангы дүйнөнү таштап, Кудайдын жарыгына кайта турган мезгил келерин билген. Ошондуктан өзү менен бир кылып, түбөлүккө жеткирчү жолду табууга жардам бериш үчүн үрп–адаттарынарга жана жергенердин көп жайларына изин калтырган. Менимче, Кудайдын силердин жеринерде болгондугун көрсөтүп турган кырк чон из (жана сансыз кичине издер) бар. Бизди өзүнүн башталышына алып бара турган ошол издерди табышыбыз керек. Биз чыныгы жана тирүү Кудайды табышыбыз керек. Кудайды жандили менен берилип издегендер аны сөзсүз табаарын Кудай өзү убада кылган. Ушуну эстеп калгыла.

Кудуреттүү Кудайдын бул чон кырк изи мамлекеттик желегинердеги сүрөттөгү боз үйдүн түндүгүн курчап турган күндүн кырк жалындуу тилинен даана көрүнүп турат. Кудай

силерге бул издерди өзүнө алып баруучу жолду көрсөтүүчү жарык болсун деп берген.

Тилекке каршы, көп адамдар Кудайдын жарыгына жана анын ыйык Рухунун чакырыгына назар салышпайт. Алар Кыргызстанды төмөн жактагы тунгуюк сайга кеткен жолго салгысы келет. Арийне, кыргыз эли андай тагдыр үчүн жаратылган эмес! Силер да, ошол жалган жолго түшүп, Кудайдын нурунан тескери жакка, тунгуюкка кетип калбоо үчүн сак болгула. Жогоруда айтылган абдан баалуу Кудайдын нурларын этибарынарга албай койсонор, силерге асмандан Тенир каарданат. Ошондо жол көрсөтүүгө берилген бул жалын силерди жана Кудайды данктабагандардын баарын куйкалай турган башкача жалынга айланышы мүмкүн.

Кудай Сөзүндөгү мына бул пайгамбарчылык сөздү эсинерге сактап калгыла:

*"Төртүнчү периште өз чөйчөгүндөгү нерсени күндүн үстүнө төгүп жиберди эле күнгө адамдарды куйкалай турган кудурет берилди. Мээ кайнаткан ысык адамдарды куйкалаганда алар бул апааттарга өкүмү өтө турган Кудайдын алдында күнөөлөрүн мойнуна алып тобо келтирип, аны данктабастан, тескерисинче аны каргапшилешти."*

*Бул сөз Инжилдеги Аян китебинде жазылган. (16: 8—9).*

Ошондой эле эл ичинде айтылып жүргөн мына бул накыл сөздү да көнүлүнөргө түйүп алгыла: "Колго түшкөн коенду кое берген онобу?" Колунарга конгон бакыт кушун кармап калгыла.

Кыргыз эли уйкудан ойгонуп, Кудай Рухунун ушул 40 улуу изин берди, аны таба турган күн – бүгүн. Ал издер силердин элинердин үстүнөн жаркырап жанып, нурун төгүп турат. Бүгүн — Кудайдын улуу чакырыгын кабыл алчу күн.

# Козунун кайрылуу сөзү

*Бул аңгемени жазганымдын максаты мындай: Инжилде Кудай сөзү Өзү адам кейпин кийип, биздин арабызда жашап кеткени айтылат. Бул Машаяк—адам Кудайдын Козусу деген ат менен белгилүү болгон. Мен Америкада жашаганымда, козулардын тарткан азабын эч качан жакындан көрбөгөндүктөн, Машаяктын ошондогу момундугун мен анча түшүнө берчү эмесмин. Бирок Кыргызстанга келгенимде, ушул момун каармандардын кыйналганын өз көзүм менен көрүп, алар аркылуу Кудайды жакшыраак түшүнө баштадым. Кыргызстандан мына ушундай таалим таасир алганыма мен абдан ыраазымын.*

*Ошондой эле мен силердин жоош каарманыңар, Кыргызстандын козуларына да абдан ыраазы болуп, алар менен сыймактанам. Мен бул окуяны алардын силерге арналган каты катары жаздым.*

Сүйүктүү кыргыз жерим!

Мен сенин көп козуларыңдын биримин. Андыктан ошолордун атынан мындай деп кайрылгым келет:

Мен — сенин коомуңдагы эң төмөнкү катмар ынанмын. Сени менен чогуу, сага баш ийип жашап келдим. Сенин ар бир көйгөйүнөн менин да жүрөгүм сыздайт. Бийик тоолорунда жашаган айылдыктардын оор турмушу да, кайгыга баткан кезиндеги көзүңдү тунарткан караңгылык да мага маалым. Мен сенин козуңмун. Кыргыз болуу эмне экенин мен баарынан жакшы билем.

Калың кар жаап, сарайыңдын же чатырыңдын терезеси жок аңырайып, шамал арылдап турганында, суук түшүп, суу тонгондо, мен муну биринчи болуп сезем.

Баш калкалаганга көлөкө жок, жайкы күн мээни кайнатып турганда, кудуктагы суу соолуп, бак—дарактар менен жайыттар саргайып куураганда, баарынан көп кыйналган ким? Албетте, мен.

Жаан жаабай, чөп күйүп кетип, энемдин желининен сүт чыкпай калганда мен өлөм.

Сенин адамдарың аракка тоюп алганда, мен алардын аялы, бала—чакасы менен кошо кыйналам. Мен сенин козуңмун. Кайгы тартканыңда сени менен биргемин.

Кыргыз жерим, сенин тарткан кайгың чет жактан келип, кайрымдуулук кылгандардан, дин устаттарың менен саясатчыларыңан, тайманбас баатырларың менен кудайларыңан көрө мага көбүрөөк сезилерин унутпа. Мен сенин көйгөйлөрүң менен турмушуңдун кыйынчылыктарын жакшы билем. Мен сенин козуңмун. Менин жаным сени менен бирге.

Арaңан бирөө көз жумганда, мен ошол жердемин: өлгөн адам менен кошо мен да өлөм.

Бирөө үйлөнүп, той берсе, мен ал жактамын: ак дасторконуна менин этим тартылат.

Ысык—суугуңду гана билип тим болбостон, мен сага азык, үстүңө үй, кийим—кечек жана башка керектүү нерселериң да болуп берем. Өзүмдү толугу менен сага, сенин жашоо—тиричилигиңе курман кылам. Ооба, менин сага бергеним бардык кайрымдуулук кылгандар менен диний устаттарыңдын, өкмөтүң менен кудайларыңдын бергенинен алда канча кымбат. Анткени мен сага өзүмдү, өз жанымды тартуу кылам.

Ооба, мен кыргыздын кайгысын башкалардан жакшы билем, сага бергеним да башкалардыкынан көп. Турмушуң менен коомуңдагы ыйык эсептелген нерселердин баарына менин жазыксыз каным төгүлүп, катышат. Сен үчүн баалуу болгондун баары эң алды менин таза каным аркылуу ыйыкталып, корголот. Мен сенин козуңмун, кыргыз жерим. Мен сенин жашооң үчүн курман болом.

Колунду көкүрөгүүнө коюп, сөзүмө кулак салып, мага жооп бере аласыңбы, асылзат кыргыз жерим? Мен түшүнө албай жүргөн бир суроо бар. Сени менден жакшы билген башка барбы? Жердештерим, кымбаттуу кыргыз эли, айтсаңар мага, баарынан жогору турган чабаның болгон Кудайың, көктөн түшүп, өзүн кемсинтип, сени менен кошо жүргөн жок беле? Асмандагы улуу чабаның сенин азап—кайгыңды көтөрүп, аларды мага окшоп сезген эмес беле?

Эгерде антпеген болсо, анда ага караганда сени мен жакшыраак билгеним чын эмеспи? Ооба, Кудай асмандан түшүп, адам кейпин кийип, сени менен кошо жердеги жолуңду баспаган болсо, андай кудайыңдан көрө мен сени жакшыраак билет экем.

Асмандагы койчуң сага оокат менен үй—жайыңдан баалуу бир нерсе бердиби? Же болбосо сен үчүн бир нерсени ыйыктап, өз канын төктүбү? Дегеле анын касиети дүйнөгө төрөлгөнүн, чоңоюп бойго жеткенин, үйлөнгөнүң, балалуу болгонуң менен көз жумганда окулган жаназаңдан башка дагы эмнене тийди эле?

Сенин эң жогору туткан чабаның сен үчүн өз канын төкпөсө, анда ал сенин кичинекей козуң болгон менден да алсыз, сенден алыс, өзүмчүл, коркок кудай эмеспи?

Айтчы мага, кыргыз жерим, сага баарынан, атүгүл кудай—койчунан да жакын жашап, баарынан көп нерсени берип, жашооң үчүн эң жогорку бааны төлөгөн мен эмесминби? Же Кудайың сага менден ашык бир нерсе бере алабы? Эмне үчүн менин бул суроомо эч ким жооп бербейт? Суранам, Кудай сени мен үчүн жараткан деп жооп берүүгө аракеттенбечи. Эгерде кудайың сенин кайгыларыңды менчелик сезе албаса, анда анын коркок экени айдан ачык.

Бирок сен Кудайдын сеникиндей же меникиндей кейипти кийип, жерге келгенин, өзүн кемсинтип, менчилеп сенин жанында жүргөнүн, сени менен кошо кайгыңды бөлүшүп, ал тургай, мага окшоп, сен үчүн канын төккөнүн айтып бере алсаң, анда мен да ошого ишенейин да мындан ары эч качан ооз ачпайын.

# Күндүн нуру

*Мен бул аңгемени кыргыздардын арасында далай жылдардан бери Иса Машаяк жөнүндө туура эмес, караңгы түшүнүктөрдүн өкүм сүргөндүгү Кудайды тажатып бүткөн себебинен жаздым.*

Мурдагы зулум өкүмдарларынар силерди күчүнө таянып эзип, өздөрүнүн жарыгынын сырткы кооздугу менен алдап келишкен. Бирок эми жаңы заман келди. Бул — түнкү оттордун жарыгын таштап, күндүн нуруна кире турган мезгилинер. Мына эми кыргыздар өздөрүнүн жоголгон тагдырын күндүн таң каларлык, ажайып нурунан табышсын.

Ооба, силерди баскынчылар башкарып турганда орокко окшош жарым айдын жарыгы эң бир кооз көрүнө турган. Ал эми кызыл жылдыздын жарыгы башка жетекчилер бийлеп турган мезгилге укмуш жарашар эле. Бирок азыр бул эки жарыктын тең кыргыз жолунда чыныгы ийгилик алып келгенге даремети жетпей калды. Алар силерди караңгылыка калтырып өздөрү тарыхтын тепсендисинде калды.

Ошентип, азыркы Кыргызстан өзүнүн байыркы элинин жарыгын, түндүктүн айкалышкан жыгачтарынан өтүп, боз үйдүн ичине нурун чачкан улуу күндүн жарыгын өз жашоосунун мурдагы ордуна койду. Азыркы убак кыргыздар үчүн түн караңгылыгындагы жашоону токтотуп, өздөрүнүн байыркы жышаан—белгиси болгон жарыкта — түндүктүн айкашкан жыгачтарындагы Курман Айт аркылуу кирген күндүн жарыгында жашоого кадам шилтей турган мезгил.

# Көчмөн калк

*Бул ангемени жазганымдын себеби динди катуу туткан кондуларыңардын көбү силерди дин тааныбайт дегени менен ыңгайсыз абалда калтырууда. Бирок мен буга макул эмесмин. Силердин көчмөн рухуңар менен динге байланбаган мүнөзүңөр мага Кудайдын Сөзүндөгү төмөнкүдөй аяттарды эске салат:*

*"Атама бул тоонун башында жана Иерусалимде гана сыйынбастан бардык жерде табына турган убакыт келет.*

*...Чыныгы табынгандар Ыйык Рухтун жетегинде, акыйкатты таанып сыйына турган убакыт келет. Ал тургай келип да калды. Кудай — Рух, ошондуктан адамдар Кудайдын ким экенин билип, анын кудурети менен гана табынуулары керек".*

*(Жакандын жакшы кабары 4:21—24)*

*Мен болсо бардык өзбектерге, түрктөргө, арабдарга жана америкалыктарга, силерди өзгөртүүгө аракет кылгандан мурун, Кыргызстандын бийик тоолуу жайлоосуна чыгып, бир айча шамалына жан сергитип, боз үйүнө жашап келүүлөрүн каалар элем.*

Сен кайдан келдиң экен, баатыр көчмөн кыргыз калкым? Күнгө тотугуп карарган жүзүңдү шамалга тосуп, арыбас атыңды минип, жаныңа үй—бүлөңдү алып, алдыңа коюңду айдап, бүгүн кайда бара жатасың? Жандүйнөңдү ээлеген ой—санааңа жетеленип, закымдаганың кай тарап?

Өрдөн—өргө чыгып, тээ алыскы тоо арасын карай жөнөп, сен цивилизация менен анын куру коозлугунан улам алыстайсың. Шаар турмушу менен ал жактагы адамга керек көрүнгөн нерселерге арканды салып, сен өз сапарыңды баш—



ка бир дүйнөгө бурдун. Бүтүндөй адамзат атагы чыккан шаарларга ажылыкка барып, дүйнөнүн байыркы эстеликтерин көрүүгө жөнөсө, башка эч кимге угулбаган үн жетелегенсип, сенин умтулганың — асман алдына жайылган бийик тоолуу жайлоо.Бул жалган дүйнөнүн өтүп кетчү байлыгынан алда канча кымбат болгон «Кыдырды» издейт экенсин, сыягы.

Кайда гана жүрбө сен өзүң менен бирге боз үйүңдү да алып жүрөсүң. Калган дүйнө жансыз, кыймылсыз бетондон тургузулган шаарларга тыгылышып жатса, көчмөн кыргыздардын турак жайы болгон боз үй сени бир жерге байлабай, жаратылышка жакын тургудай эркиндик берет.

Америкалыкты, европалыкты, түркtү же өзбекти табыш оңой. Ал эми сени, көчмөн кыргыз досум, мен кайдан табам? Боз үйүңдү тигип, малыңды жайып, сен кийинки айда да ушул жерде болосуңбу? Же шамал менен кошо жарышып, башка конушка көчүп кетесиңби?

*Шамал каалаган жеринде согот. Анын үнүн угасың, бирок кайдан келип, кайда кеткенин билбейсиң Ыйык Рухтан туулган киши менен да ушундай болот." (Жакандын жакшы кабары 3: 8)*

Бетон үйдүн бекем дубалдары белгилүү иретке салынган жашоону билдирет. Канча мезгил өтпөсүн, мындай имарат эч кыймылсыз, өзгөрүүсүз тура берет. Анын эмне болору күн мурунтан белгилүү болгондуктан көп учурда эч кызыгы деле жок. Төрт чарчы салынган үйлөрдөгү эл ой жүгүртүүсү катып калган, дегеле өзгөрүүнү каалабаган адамдарды билдирет. Өздөрүнүн жердеги үйүнүн ыңгайлуу шартына көнгөн алар жашоо агымы не бир сонун сезимдерди туударарын көбүнчө унутуп да калышат.

Алар эреже менен мыйзамдын нугунан чыкпай жашаган адамдар. Алар каалаганыбызга жеттик, мындан ары көчүп, алдыга жылуунун кажети жок деп ойлошот. Алар үчүн асманды көздөй сапар тартуунун эми кереги жоктой. Өзгөрбөс, бекем имараттарда жашаган адамдар адатта бир калыбынан жазбаган, текебер, саран, салтчыл жана динчил келишет.

Көчмө боз үй болсо эркин агып, өзгөрүүгө ийкемдүү келген жашоону билдирет. Ал зарылчылыкка же керек болгонуна жараша өзгөрүүнүн же болбосо ошондой өзгөрүүгө жөндөмдүү болуунун белгиси. Тегерек боз үй жыл мезгилдери оошкон сайын жер которгон сыяктуу эле, боз үйдө жашагандар да жаңы бир нерсе үчүн эскини калтырууга даяр, кайраттуу адамдар болушат.

Ооба, силер бардык элдерге Кудайдын эркине төп келген эркиндиктин үлгүсүн көрсөтүп турасыңар.

Чатыр менен боз үйдө жашаган эл — изденүүдөн кайтпаган адамдардагы жоошттуктун эң жакшы белгиси. Алар дагы деле келечекти көздөп, буюрган насибин алууга же, улуу пайгамбарларга окшоп, асмандагы мекенине умтулган адамдарга окшоп турушат. Алардын үмүтү жердеги көр оокатта эмес, асман байлыгында. Боз үйдөгүлөр, адатта, эч нерседен кам санабаган, жайдары, жоомарт, момун, тууганчыл жана руханий жактан бай адамдар болушат.

Кудай маданиятыңардын бир эле элеси — боз үй аркылуу кантип өзүн момун кармап, Кудайдын Рухун жандап жүрүү керек экендигин башка элдерге көрсөткүсү келет.

Кудай Ибраим пайгамбарды да өмүрү өткөнчө чатырга жашатып, жерден жерге көчүрүп ээрчитип жүргөнүнүн себеби да дал ушунда. Ибраим пайгамбардын кандайдыр бир кармангыдай шарият, эрежелери болгон эмес. Кудайдын буйругу орундалышы үчүн ал Кудай Рухунун жетеги менен күндөлүк жардамын гана издеши керек болчу. Ушул күнгө чейин Кудай Ибраимди "ишенимдин атасы" деп эсептеп келе жатат. Ал динге эмес, ишенимге таянып жашаган бардык адамдардын атасы болуп калды.

Кудай Сөзүндө Ибраим пайгамбардын ишеними жөнүндө эмне делгенине көңүл бурсаңар:

> 8 *"Кудай Ибраимди мураска ала турган жерге чыгууга чакырганда, Ибраим ишеним менен анын чакырыгына баш ийип, кайда баратканын билбей туруп, жолго чыккан.*
> 9 *Ишеним менен Кудай убада кылган жерге көчүп келген. Ошол эле убаданын мурасчылары болгон Исхак жана Жакып менен бирге ал жерде конок сыяктуу болуп жашап турган.* 10 *Анткени Ибраимдин самаганы архитектору да, куруучусу да Кудайдын өзү болгон, бекем пайдубалдуу шаар эле." (Ыйык Инжил Китеби, Еврейлерге жазылган кат 11: 8—10)*

Муса пайгамбар да ушундай болгон. Атүгүл анын Кудай менен жолугушкудай атайын чатыры бар болчу. Кудай Сөзүнөн дагы бир—эки аятты окуп көрөлү:

> *Булут чатырдан көтөрүлгөндө, Ысрайыл уулдары жолго чыгып, өз сапарын улантышчу. Эгерде булут көтөрүлбөсө, анда алар да, ал көтөрүлгүчө, жолго чыкпай турушчу. (Муса пайгамбардын экинчи китеби, 40: 36–37)*

Ошентип Муса пайгамбар да чатырда жашап, күн сайын Кудайды карап, Кудайдын карамагында жана жетектөөсүндө жашаган.

Силер билгендей, Иса да Кудайдын Рухуна жетеленип, эл аралап жүргөн көчмөн пайгамбар болгон. Эсиңердеби, Инжилдеги окуялардын биринде сапар тартып бараткан Исага бир киши:

*"Устат, кайда барсан да артыңдан калбайм," — деди. Иса ага: "Түлкүлөрдүн ийини бар, чымчыктардын уясы бар. Көктөн келген Адамдын болсо бир аз жамбаштап жатып, эс аларга жайы жок," — деп жооп берди."*
*(Матайдын жакшы кабары 8: 19—20)*

Чатырда жашагандар — күн сайын Кудайдын жетелөөсүнө муктаж болгондор. Алардын сапары кандайдыр бир зан—мыйзамдарга эмес, алардын Кудай менен болгон чыныгы мамилесине негизделген. Боз үйдөгү адамдар Кудай Рухунун коштоосу менен уланууч улуу көчтөр үчүн жаралган. Алар Кудайдын чыныгы өнөктөштөрү, чыныгы мусулмандардын эң жакшы үлгүсү.

Көрдүңбү, баатыр көчмөн кыргыз элим, сени көп нерсеге үйрөтөбүз деген башка улуттар, тескерисинче, сенден көп нерсени үйрөнүшү керек экенин мойнуна алууга тийиш. Бирок адеп сен өзүң Кудайдын үнүн угуп, Анын Рухуна багынып, Анын көрсөткөн жолуна түшүшүң керек. Ал сени чакырып жатат. Ага кулак сал, аны ээрчи.

"Мен сени бийиктердин бийигине — эң алп тоолордун да чокулары жете албаган жакка чакырып жатам."

"Шамал каалаган жеринде согот. Анын үнүн угасың, бирок кайдан келип, кайда кеткенин билбейсиң. Ыйык Рухтан туулган киши менен да ушундай болот."

Кана эми, баатыр көчмөн кыргыз калкым, тотуккан жүзүңдү шамалга тосуп, кай тарапка баратканыңды айтчы.

# Куткаруучунун туулган күнү

Кыргыздар кыйналып башка элдин көз карашында болгондо Көкө Теңирге кайрылып сыйынган. Теңир угуп Жакыпка уул берет. Душмандардын ханы буга кызганып Манасты өлтүрмөкчү болуп боюнда бар кыргыз аялдарды чогултуп жан аябастан ичин жарып наристе–балдарын иттерге ыргытат, а бирок Көкө Теңир Манасты жаман хландан сактап баатыр кылып чоңойтту. Баралына келгенде Балтыр эти толгондо элин куткарып, сооп жерге жетелейт. Көкө Теңирдин каары душмандарга түшүп, заманасы куруду. (Манастын Эпосунда жазылган.)

Башка окуяда Жакыптын калкы бөлөк элдин колуна түшүп кайгыга батып, Кудай–Теңирге кайрылып сыйынган. Алардын сыйынганын Эге угуп Жакыпка уул берген. Душмандардын төрөсү буга таарынып Мусаны өлтүрмөкчү болуп Жакып элинин эркек уул бөбөктөрүн жан аябастан суугa ыргыткан. А бирок Көкө–Теңир Мусаны сактап аны пайгамбарлык кылууга Жакыптын элине жөнөтөт. Муса Көк–Теңирдин айтканындай Жакыптын элин куткарып жаңы жерге жетелеген. Душмандары каргышка калып Теңирдин каары аларга түшүп кырылат экен. (Мусулмандардын 1–негизги китебинде – Тооратта жазылган.)

Дагы ушул сыяктуу шайтан Жакыптын элине каршы чыгып басып алат. Эл Эге–Теңирге кайрылып сыйынып Кудай уул берет. Жаман Хан кызганып Исаны өлтүрмөкчү болуп Жакыптын наристе–бөбөктөрүн жан айоосуз өлтүрөт, а бирок Исаны Көктөгү Кудай–атасы сактап калып аны Машайак кылат.

Иса Машайак Жакыптын эли менен бутпарастарды шайтандан куткарып жаңы дүйнөгө жетелейт. Душмандары тозокто калып Кудайдын каары түшүп, заманасы куруп кетет экен. (Мусулмандардын 3–негизги китебинде – Инжилде жазылган.)

# Улуу хан

Бул улуу хан мурда жашап өткөн жана азыр жашап жаткан хандардын эң улуусу. Ал хандардын ханы катары таанымал, анткени анын хандыгы эбегейсиз зор болуп, ал далай хандардын үстүнөн сурак жүргүзгөн. Борбордук Азияда ал тууралуу окуяны билбеген адам жок чыгар. Түрдүүчө айтылып жүргөн бул окуяны силер да уккансынар. Менин кыргыз досторум аны мындай болгон дешет:

Улуу хан өз элине чындап кам көргөн адам болгон экен. Ал адил жана калыс бийлик кылыптыр. Хан элинин жашоосун өз көзү менен көрүп, сезип, түшүнмөйүнчө аларга чыныгы адилеттүүлүк менен кайрымдуулук кыла албасына көзү жетет. Аларды чындап билиш үчүн турмушун өз башынан өткөрүп көрөйүн дейт.

Ошентип, улуу хан колундагы мөөр шакегин чечип, үстүнө эски чапан, башына эски тебетей киет. Анан, түн киргенде, акырын жашыруун эшик аркылуу сарайдан чыгып кетет. Көчө аралап жүрүп, ал элинин турмушун көрүп, сезип, ал тургай анын жытын билет. Эл жегенди жеп, эл ичкенди ичет. Алардын кебин тыңшап, күлгөнүн көрөт. Алардын турмушундагы кем—карчты, жокчулукту өзү көрүп, көчөлөрдөгү көптөгөн адилетсиз иштерге учурайт.

Бир канча убакыт өткөн соң, кимдир бирөөлөр аны таанып коюшат. Таанып калгандары колдон келишинче жакындашып, ымала кылсак дешет. Алар чогуу адилеттик, сүйүү, кайрымдуулук, кечирим, момундук, айыптоо, адамдардын жамандыгы менен күнөөсү жөнүндө кеп кылышат. Дос болуп чогуу жүргөн бул күндөр хан үчүн да, анын жаңы достору үчүн да эң бир сонун убак болот.

Бирок, элеттик башкаруучулардын кээ бири, анын чындыгында хан экенин билбей жарды жолоочуну жактырышпайт. Бул кишинин элге тийгизген таасири менен анын өлкөдөгү мыйзамдарды чечмелегени алардын кыжырын келтирет. Акыры адилеттүү ханга каршы көтөрүлүш уюштуруп жатат деп жалаа жаап, аны айыпка жыгышат. Хандын достору болсо, жүрөгү түшүп, качып кетет.

Ушунун баарын башынан өткөргөн хан ошондо да өзүнүн ким экенин билдирбептир. Ошентип элин жанындай көргөн хан тез эле чыккынчы катары соттолуп, өз эли тарабынан өлүм жазасына тартылып, зынданга салынат. Бирок акыркы алынан тайып, эң чоң кыянаттык ишке аша турган учурга жеткирбей, өзүнүн чындыгында ким экенин жарыя кылат. Албетте, бардык мыйзамдарды, анын ичинде адамга өмүр же өлүм бере турган мыйзамдарды өзү чыгарып, өзү жарыя кылган хан кайрадан мөөр шакегин тагынып, өзүнө кечирим берген бүтүмдү өзү жазып, өзү кол коёт да, зындандан чыгып, эч тосколдуксуз ак сарайына келет. Андан кийин өз элин мурдагыдан жакшы түшүнүп калган хан өз бийлигин буга чейин болуп көрбөгөндөй калыстык жана ырайым менен жүргүзөт.

Ошондой эле ал душмандарынын терс жолунан кайтарын чыдамкайлык менен күтүптүр. Себеби алар өзгөрмөйүнчө же өзү аларды жок кылмайынча, хандыгында эч кандай чындык менен бекем тынчтык болбосун билген эле.

Силер муундан муунга жеткирип, өз балдарынарга айтып жүргөн уламышта терең катылган сыр бар экенин байкаган чыгарсынар? Бул Ыйык Инжил, башкача айтканда үч мусулмандык китебиндеги Машаяктын окуясы. Улуу хан — бул Кудай. Бир жолу ал өзүнүн мөөр шакегин — Кудайлык улуулугун чечип салып, үстүнө адамдын эски чапанга окшогон пенделик кейипти, башына эски тебетейдей болгон адамдын ысмы менен жердеги ордун кийген эле. Андан соң ал акырын асмандан түшүп, жер үстүндө, эч кимге билинбей, биздин бирибиздей болуп арабызда жашады.

Ал бизге не деген момундукту, сүйүүнү жана Кудайдын бүт табиятын көрсөтүп кетти. Бирок өтө текебер, өтө өзүмчүл, өтө бузулган адамзат муну түшүнө алган жок. Ошентип биз аны акыры жалган айыпка жыгып, өлтүрүп, жашоонун эң чоң зынданы — көргө коюп салдык. Бирок ал Машаяк болгондуктан өлүм аны жеңе алган жок. Ал көрдөн чыгып, асмандагы ак ордосуна кетти. Эми ал бүтүндөй адамзаттын жеткилең башкаруучусу, себеби биздин кейпибизди кийип, арабызга жашап, биз жер жүзүндө сезгенден баарын өз башынан өткөрдү. Ал биздин той—тамашалардагы кубанчыбызды, алсыз кезибизде азгырылганыбызды, эл кабыл албай койгондогу оор күндөрдү өз башынан көргөн.

Бүгүн Кыргызстанда көп адамдар аны көрүп, ким экенин түшүнүп, Анын достугун кабыл алып жаткандыгын силер да уккан болушуңар керек. Ал душмандарынын келип, өзү менен достошорун чыдамдуулук менен күтөт. Ал эми душманы аны менен элдешкени келгенде, бул ар дайым асмандагы чоң майрамга айланат. Бирок ал түбөлүк эле күтө бербейт. Ал менменсинген, моюн сунбаган душмандарын чогултуп, тозоктун зынданына сала турган күн келет. Ал эми Кудайдын бардык достору аны менен кошо бакытка бөлөнүп, түбөлүккө анын жеткилең, ажайып хандыгында жашап калышат.

# Кыз ала качуу салты

Кыргыздар оюн—зоокко жакын эл болот. Алар көнүл ачканды, тоого чыгып, эс алганды, ар түркүн оюндарды, спорттук мелдештерди, той—тамашаны жакшы көрүшөт. Мен кыргыз салттарынын бири — "кыз ала качуу" салты менен тааныштым. Тилекке каршы, кыргыздардын көпчүлүгү анын маанилүү бир жагын көз жаздымда калтырышкан сыягы. Ошол себептүү бир жагынан алганда оюн—зоокко жаткан, экинчи жагынан караганда абдан мааниси терен болгон бул салт азыр абдан кооптуу, уят нерсеге айланып кеткени өкүнүчтүү. Кыргыз элинин жандүйнөсүнүн жабыр тартып, кыйроосунун себептеринин бири ушул унутта калган жагы экенине менин көзүм жетип турат.

Силердин элинердин башка элдердин алдында аброю бийик, эркиндикти, ызаат—урматты, сүйүүнү баалай билген эл экенин жакшы билем. Кыз киши өмүрлүк жарын өз ыктыяры менен тандабаса, кийин күйөөсү экөөнүн оту күйүшпөй, ортосунда чыныгы сүйүү болбосун силер жакшы билесинер. Ооба, эркиндик бар жерде гана чыныгы сүйүү адамдын жүрөгүнөн түнөк таап, жашай алат.

Ушул себептен менин досум Бекболотко окшоп, кыргыздын көптөгөн жигиттери, үйлөнөрдөн мурун кыз менен сүйлөшүп, ага жагынууга аракет кылышат. Анан чечкиндүү кадам шилтеп, кызга сөз айтышат. Арийне, жигитте: "Сунушумду четке каксачы?"— деген коркунуч да болбойт койбойт. Бирок бардык нагыз жигиттердей эле, ал өз бактысын сыноого батынат. Кыз макул десе, төбөсү көккө жете сүйүнөт. Үйүнө барып, болочок колуктусу менен жашай турган жай даярдайт. Анан салтка

ылайык, тууган—туушкандары, жолдош—жоролору менен бирге кызды ала качууга камдана баштайт.

Кыз болсо жигиттин качан алып кетерин билбесе да, чыдамсыздык менен күтүп, өзүн даярдайт. Мен муну Бекболотко макулдугун берип, бирок качан келип, алып кетерин билбестен күткөн Элмирадан көргөм.

Акыры жигиттин үй—бүлөсү тойго даяр болгон күн да келет. Жигит досторун чакырып, алар менен мурдатан даяр бирок ошо маалда бейкапар отурган кызды ала качып келишет. Бул эң кызык, эң керемет учур. Эки жаштын сүйүүсү менен кубанычына элдин баары күбө болушат.

Бирок тилекке каршы, кээ бир жигиттер коркок сыяктуу. Алар Кудайдын баардык адамдарга тилеген эркиндиги, урмат—сыйы жана сүйүүсү жөнүндө таптакыр түшүнүгү жоктой. Кыз менен сүйлөшкөндөн, ага сөз айткандан коркушат. Кыздын жообун күтүүгө чыдамы жетпейт. Адатта ушундай жигиттердин кээ бирлери кыздарды өз эңсегенине жетүү үчүн эле пайдалангысы келет. Ал эми кыздын жандүйнөсүн, эркиндигин таптакыр ойлошпойт.

Алар ойлонбой туруп капыстан эле үйлөнөм деген чечимге келип, досторун чогултушат да, илгерки араб баскынчылары, Кокон кандары жана Орто Азияга кол салган орус аскерлери сыяктуу эч нерседен бейкапар кызга жабалактап басып келишет. Тарыхынар айтып тургандай силерди арабтар, өзбектер жана орустар өз диндерине күч менен баш ийдирип, силерге жат диндер менен жолдорду кастарлаганга мажбурлоого аракет кылышкан. Ошол сыяктуу эле күч менен ала качып келинген кыз да күйөөсү менен анын үйүндөгүлөрүн аргасыз кастарлап, кызмат кылууга мажбур болот. Ошол тарыхынарда калган, элиңерди эзген баскынчылардан айырмаланбай, алардын колдонгон ырайымсыз зөөкүрлүктөрүн кыргыздын азыркы кээ бир жигиттери да колдонуп жүрүшкөнү баарыбызга маалым. Бул абдан өкүнүчтүү.

Өз жарыбыздын эркиндигин сыйлайбызбы, сыйлабайбызбы, төмөнкүнү эске түйүп алалы: зөөкүрлүктүн алдында жа-

шаган адам өзүнүн эркин сүйүүгө ача албайт, себеп дегенде эркиндик жок жерде сүйүү турмак анын карааны да жок.

Жоготуп бараткан кыргыз дилиңерди кайрадан изденип жатканыңарды колдоо менен силерден бир нерсени өтүнөр элем: “кыз ала качуу” салтыңардын мурдагыдай туура калыбына келтиргиле. Үйлөнөрдөн мурда колуктуңардын каалоосун эске алсаңар кыргыздын кадыр—баркын, атак—даңкын баштапкы калыбына келтирүүгө кадам шилтемексиңер. Кипкичинекей ушул салымыңар кыргыз маданиятына канчалык чоң кубаныч, маани—маңыз кошмок. Бул кадамыңар менен кыргыз элин жаратып жатканда койгон Кудайдын алгачкы ой—тилегине жакындамаксыңар.

Менимче, ыйык китепте жазылган, көктөгү Кудай берген төмөнкү аян жогоруда айткандырыбызга эң жакшы мисал боло алат: Машаяк да кетүүгө камданган колуктусун күтүп, Атасынын үйүнөн жай даярдап жатат. Колуктусу болсо анын качан келерин билбейт. “Келгиле, баш кошуп, түбөлүккө бирге бололу,” – деп Машаяк силерге сунуш кылган. Кээ бириңер бул сунушту кабыл алып, эч кысталбай, зор кубаныч менен макулдугуңарды берип жатасыңар. Албетте, Машаяктын бизге сунуш кылган никеси жердеги пенделердикиндей эмес, ал башкача, асмандагы керемет нике. Силер рухий жактан көзүңөр ачылган адамдардан болсоңор, анда жердеги нерселердин асмандагы жашоонун чагылдырышы гана экенин билесиңер.

Ошентип, биз асманга кеткен Машаяктын качан кайрадан келерин билбейбиз. Бирок кайтар маалы жеткенде, ал асмандагы ак боз атын минип келип, бизди түбөлүк үйүбүзгө ала качат. Ыйык китепти ачып, Машаяктын айткандарын окусаңар. Аны сүйүп, колуктусу болууну каалагандарга ал мындай деген:

*“Кайгыга батпагыла! Кудайга ишенгиле, ошондой эле мага да ишенгиле! Көктөгү Атамдын үйүндө жай көп. Эгер андай болбосо, силер үчүн жай даярдагыны бара–*

*там деп айтмак белем. Барып, даярдап бүткөндөн кийин кайтып келип, мен болгон жерде силер да болуунар үчүн жаныма алып кетем."*

*(Жакандын жакшы кабары: 14—бөлүм, 1–3 саптар).*

Биз Машаяктын качан келерин билбейбиз. Деген менен анын сунушун кабыл алгандар ал өзү убада кылгандай жерге түшүп келип, аларды Атасынын үйүнө алып кетер күнгө даярдык көрүп жатышат. Ошондо гана кыргыздын "турмушка чыгуу" деген сөзү өзүнүн түбөлүктүү, жеткилең маанисине жетет. Биз жерден асманга кетип Иса Машаяк менен баш кошкондо гана чыныгы турмушка чыгабыз.

Мен силерге бир кеңеш берем: ары тамашалуу, ары маа-ниси абдан тереӊ болгон "кыз ала качуу" салтыңардан баш тартып, унутууга шашпагыла. Тескерисинче, Кудай аны эң башында кандай максатта жаратса, ошол калыбына кайра келтиргиле. Байыркы кыргыз элинин жандүйнөсүнүн сулуулугу менен улуулугу Бекболот менен Элмиранын жашоосундагы-дай болуп, бүткүл элиңерге күн нурундай жаркырап жансын.

Баарынан да маанилүүсү, Машаякка макулдугуңарды берип, ал өз "колуктусун" Атасынын үйүнө алып кеткени асмандан капыстан түшүп келгенде, үрөйүңөр учуп коркпостон, кубангыдай болгула.



# Ала–Тоолук кочкордон кат

Урматтуу Кыргызстан,

Мен — короондогу койлор менен бийик тоолуу жайлоолорундун аксакалы, сенин карыя кочкорунмун. Күч—кубатыма, акылмандыгым менен кадыр—баркыма карабастан чабандарың мени койлорум менен чогуу жайытка айдап, карышкырдан жана ар кандай кыйынчылыктан сактап турушуна муктажмын. Чабандар болбосо, биз эбак эле жоголуп, бир жерде калып, же кандайдыр бир кордукка учурайт элек. Балким үйгө да кайтпай калмакпыз.

Кээ бирөөнөр жакшы, кээ бириң жаман чабансыңар. Жакшы чабан жылдын кайсы мезгили болбосун биз үчүн кам көрөт. Бизди кайсы жерге алып барышты, кайсы жерден жакшы жайыт табышты билет. Эртеден кечке жайыш үчүн таң атпай турат. Койлорунун качан ооруп, качан желин салганын жакшы билет. Бизди карап, карышкырдан сактайт. Мен өз короомдун чабанын жакшы билем. Ал да ар бирибизди өңүбүздөн тааныйт.

Жаман чабан кара жанынан башканы ойлобойт. Турганы кеч, чарчаганы бат. Койлорун такыр жерге жайып, өз билгенин гана кылат. Ал бизди ачка калтырып, ооруп—сыркаганыбызга көңүл бурбайт. Карышкырлар кол салса, жашынып калат же качып кетет. Ага акча эле болсо болду.

Кыргызстан, сенин да меникиндей эле чабандарың бар экенин унутпа. Чабаның жакшы болсо, эч нерседен кам санабайсың, ал эми начар болсо, кыйналып, төрт аягыңды сунгандан башка айлаң калбайт. Көп жыл мурун сенин чабаның Сталин болгон. Ал сен үчүн кам көрдү беле же сени өзүнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн пайдаланды беле, айтчы Кыргызстан? Сага кызмат кылууга өз өмүрүн курман кылды беле, же сени эзип, өзүнө кызмат кылдырды беле? Жакшы чабан менен жаман чабанды ушул суроого жооп берип айырмаласаң болот.

Азыр Кыргызстанда Сталинден же Акаевден да чоң чабандар бар. Алар сенин жаныңды туура жолго салган рухий чабандар. Сен Ыйык Китепти окуган белең? Бир жолу мен жаш чабандарыбыздын бири ушул китепти окуп жатканын көрдүм. Үнүн катуу чыгарып, ал азирети Иса пайгамбардын мындай деген сөзүн окуп жаткан экен: “Мен жакшы чабанмын. Мен Атамды жана Атам мени кандай билсе, мен да өз койлорумду жана койлорум да мени дал ошондой билишет. Койлорум үчүн мен жанымды курман кылам.”

Жаш жигит окуп бүтүп, асманды карады. Анан көпкө чейин мени тиктеп, акыры менден: “Сен үчүн жана койлоруң үчүн, Исага окшоп, өз жанын берген чабаның болгон беле?”— деп сурады. Мен ага жооп кайтарбадым. Ал болсо кайрадан жүзүн асманга бурду да көзүнөн жаш кылгырып: “Кудайым, менин элим да Иса сыяктуу өз элине өмүрүн арнап, кызмат кылып, аны ойлоп, жетектеген пайгамбарга муктаж,” — деди.

Мен жигиттин ойго батып, кайрадан Ыйык Китебине үңүлгөнүн карап турдум. Мен көп жашап, көптү көргөн кочкормун. Ошондуктан ал жигитке чабан тууралуу айтайын дегеним көп. Ага да, сага да берер кенешим ушу: сен өз

Чабаныңды таанып—билип, ага ишенишиң керек. Жаман чабан сени уруп—согуп оорулуу, өлөсөлү кылат. Бирок жакшы Чабан сени жөлөп—таяп, түбөлүк Жайлоого алып барат.

Чабаныңды туура танда. Сенин тагдырың да, бактың да ошого байланыштуу.

# Бир молекула — үч атом
# Бирөө үч абалда

*"Кимде—ким Мен бере турган суудан ичсе,*
*ал түбөлүккө суусабайт.*
*Мен берген суу анын ичинен түбөлүк*
*өмүр тартуулоочу булакка айланат."* Иса.

*Тегин сыйлаган кыргыз аксакалдары менен маектешсем, мен бир машаяк деген кишинин улуулугун угам. «Ал баарынан чоң, эң жогорку, эң ыйык, эң кыйын киши, дүйнөнүн бүт бийлиги анда, кудайдын баласы, кудай менен тең» деп айтышат ар кандай өз боз үйүндө ортурган аксакалдар. Оозум ачылып таң калдым. Ата–бабаларынар ошол укмуштуу терең билимди каяктан тапты? Бул суроо мени дагы суроого жетеледи: силер – кыргыз эли, каяктан келгенсинер? Кудайдын китебинде (Библияда) Эгемдин эли Жакып деп аталат. Алардын пайгамбар менен баатырлары көп болгон. Жакыптын ичинде Манас деген уруу бар экен. Алар да силердин жайлоодогу аксакалынардай машаяк тууралуу бирдей ойлошкон. 2700 жылдан мурда алар бул дүйнөнүн тарыхынан жоголгон. Акыркы күндөрдө кайра табылат, Жараткан Кудай кайра алат деп жазылган Кудайдын китебинде. Аксакалынар мага айтып жатканда силердин каяктан келгенинер деген суроо эсиме түшүп кетти. А бирок, эми ата–бабаларынарды сыйлабаган кээ бир кишилер машаяк тууралуу туура эмес түшүнүктөрдү айтып беришет, менимче мындай туура эмес түшүнүктөр байыркы ата–бабаларынар ыйык тутуп жашап келген Ала–Тоо, Теңир–Тоонун касиетин булгап жатат го дейм. Ала–тоонун эн бийик касиети улана берсин.*



Лицейде имамдын айткандарын угуп отурган декабрь айынын бүркөк күнү Кароолбектин өмүрүндөгү эң маанилүү күндөрдүн бири болуп калды. Бул — Кароолбек пайгамбар болгон күн эле. Ага чейин Кароолбек эртең мененкисин мектепте, түштөн кийин лицейде мыкты окуган студент болгон. Ал сабакты зор кызыгуу менен кунт коюп окугандыктан, бардыгын дароо эле түшүнүп алчу.

Канткен менен лицейдеги ошол бүркөк күн — өзгөчө күн эле. Ал күнү имам студенттерге түркөй, чала сабат адамдардын Иса пайгамбар тууралуу жаңылыш түшүнүктөрү жөнүндө айта баштаган. “Көптөгөн караңгы адамдар “Кудай түрүн өзгөртүп, Иса пайгамбардын кейпин кийип, адамга айланган” деп жүрүшөт. Бирок Кудай — рух, турпатын өзгөртө албайт,” — деди имам.

Сыртта болсо булуттар саландап, таң каларлык түргө кубула баштады. Кубулган булуттар тамчыларга айланып, күн дыбырттады. Терезени карап отурган Кароолбек буудан турган

булут өзгөрүп, сууга айлана алса, эмне үчүн кудуреттүү Кудай өзгөрө албасын билгиси келди. Кандайдыр бир карама—каршылык бардай көрүндү. Же Жараткан кыла албаганды булут кыла алабы?

Имам студенттерге Кудай өз турпатын эч өзгөртө албасын дагы бир жолу баса белгилеп айтты: "Асмандагы рух болгон Кудай эч качан адам болуп, биз менен жашамак эмес. Бирок кээ бир түшүнүгү тайкылар "Кудай адам кейпинде Иса болуп, адамдар менен жашоо үчүн асмандан түшүп келген" дешет,"— деди имам дагы бир ирет олуттуу кайталап.

Бул убакта сырттын баары суу болуп, үйдүн чатырынан ага баштаган эле. Тамчылар Кароолбектин ийини менен колуна да тамып кетти. Кароолбек суудан качып, кийинирээк жылып отурду. Колуна тамган тамчы болсо тез эле кургап, кайра бууга айланды. Бууга айланган сууну көзү менен көрбөсө да анын айланага тарап кеткени Кароолбекке белгилүү эле. Ал тургай, дем алган сайын буу ичине кирип атканын да билген.

Имам дале студентерге лекциясын улантып жатты. Ал "Кудай адам болуп, жерге келип жашаса, анда ааламды башкаргыдай асманда эч кимдин калбай калаарын" айтып жатты. Ал эми булуттар болсо жерге жамгыр нөшөрлөтүп, өздөрү ордунда тура беришти.

Кароолбек имамдын канчалык билимдүү экенин билгиси келди.

"Кереметүү $H_2O$ молекуласы оной эле булут ичинен башка түргө өтүп, жамгыр болуп жерге жаады. Ал эми булут болсо асманда кала берди. Анда эмнеге кудуреттүү Кудай мындай кыла албасын?" — деди ичинен.

Ал ушунчалык айкын нерсени түшүнө албагандыгы үчүн имамды айыптагысы келген жок. Ичинен билимсиздиги үчүн имамды кечирди. Анын үстүнө ал суусу тартыш жерден келген да.

Ушул убакта имам студенттерге Исанын жолун жолдогондор аны тирилип, өмүр берүүчү рухка айланган дегени менен, чынында андай болбогондугун айта баштады.

Муну угуп жатып, Кароолбек чатырдан тамган тамчыга колун созду. Анан өзүнүн суу колун оозуна жакындатып, үйлөгөндө, суу жоголуп кайрадан бууга айланып кеткенин көрдү. Ага мектептен асмандан жаан болуп түшкөн суу буу болуп кайра асманга көтөрүлүп кетет деп окутушкан. Асмандан болсо булуттарды, сууну, карды түзгөн $H_2O$нун өмүр берүүчү молекулалары кайрадан жерге жаап, өзүнүн жандандыруучу күчү менен дүйнөнү жаңыртат.

"Эгерде суу абалын өзгөртүп, жамгыр болуп жаап, кайрадан асманга көтөрүлө алса, анда кантип кудуреттүү Кудай да ушундай кыла албайт бекен?" — деген ой Кароолбекке дагы келди. Ушул жөпжөнөкөй суроо Кароолбекти адамзат тарыхындагы: Иса ким? — деген эң улуу суроого болгон кызыгуусун туудурду.

Анан имам кыргыздар сыйынууларын Иса пайгамбарга эмес, Кудайдын үйү — Мекке шаарына багыштаашы керек деген ойду айтып, алар Кудайга бейиштин тилинде, башкача айтканда, арабча кайрылууга тийиш экенин эскертти. Мындай окутуу Кароолбекке Кудайды кандайдыр бир чоочун, алыстай туюлтту. Имамдын кудайынын бейтааныш, алыс элеси менен адам баласынын ар бир тилине ширешип, качан болсо да өзүнүн үч абалынын биринде бардык адамдарга ушунчалык жакын туюлган суунун кубулушунан ачылып берген аян бири—бири менен таптакыр коошпой жатты. Кароолбек терең дем алып, $H_2O$ молекулалары өпкөсүнө киргенин сезди.

Тилекке жараша Кароолбек эркин ой жүгүрткөн билимдүү жигит эле. Ал чоочун окууну акыл—сезимин караңгылатууга жол бербей, акыры мындай деген ойго келди: эгерде Кудай чындыгында бар болсо, анда суу менен таң каларлык $H_2O$ молекуласын жараткан да ошол. Эгер суунун кереметтүү $H_2O$ молекуласын Кудай жаратса, демек ал өзү суунун ушул үч абалынан алда канча ажайып экени да шексиз.

Бул ой жаратылышты, Кудай жараткан бардык нерселерди сүйгөн Кароолбекти Кудайдын купуя сырлары жөнүндө көбүрөөк ойлонууга түрттү. Кудай жөнүндө имамдан көрө

суу көбүрөөк айтып берерин түшүнгөн ал сыртка көз чаптырып, өз суроосунун жообун себелеп жаткан жаандан издеп жатты. Мына ушинтип карап отуруу кандай сонун, кандай жыргал. Ал көзгө көрүнбөгөнү менен тегеректеги абаны толтуруп турган бууну, атүгүл анын жытын сезип турду. Кар бурганактап, бороон болгондо бийик, күрөң тоолор аппак түскө бөлөнүп, ажары ачыла түшөт. Нымдуу таза абадан кере дем ала, жаап жаткан жамгырды карап турган ал кыштын келишин чыдамсыздык менен күтүп жаткан эле. Жакында балдар кар менен ойношот, тоолор болсо жер үстүндөгү эң чоң суу сактагычтарга айланат да муз болуп калган сууну жазында жана жайында керек боло турган маалына чейин сактап турушат. Суу ага өзү сүйлөп жатканда, Кароолбек тынчтана түштү.

Буу, суу жана кар — жанакы эле $H_2O$ молекуласынын үч абалы. Бир молекула үч күчтүү атомдон турат. Ушул укмуштуу бир молекула Кароолбекти таң калтырды. Ал адамдарга өмүр берип, алардын жашоосунун бардык жагына өз таасирин тийгизет. Бул — бир эле молекуланын үч абалы болчу. Ошондой эле үч атомдон куралган бир зат (субстанция) эле. Кудай сыяктуу, анын дагы жашоодо эң маанилүү мааниси бар.

Кароолбектин билими ага муну түшүнүүгө жардам берди: суу өзүнүн ушул үч абалы жана алардын өз ара карым—катышысыз жер үстүндөгү ролун аткара албак эмес. Бүтүндөй дүйнөгө өмүр берүү милдетин орундатуу үчүн музга — суу, сууга — буу керек экенин ал жакшы билген. Алар ушунчалык жеткилең, ажайып шайкештикте чогуу өкүм сүрүп, бир бүтүндүктү, бир элементти түзүп турушат.

Суудан үйрөнгөн бул сабак Кароолбекти Кудай да рух гана болбошу керек деген ойго салды. Балким, Исанын жолун жолдогондор айтышат деп имам айткандай эле, Кудайдын адам болуп, биздин арабызга жашашы зарыл болгондур. Исанын жолдоочулары Аны биз менен болуп, бизди алкап, күнөөлөрүбүздөн арылтып, тозоктон куткарыш үчүн асмандан түшүп келген дешет. Ошонун сыңарындай, суу да бизди алкап,

тазалап, оттон, кургакчылыктан жана өлүмдөн сакташ үчүн асмандан түшүп, биз менен болушу керек эмеспи.

Эртен менен эле $H_2O$ молекуласы бир гана абалда — булут түрүндө болсо, эми анын үч абалы: булут, кар жана суу көрүнүп турду. Суудан табылган терең чындыктарды иликтеген сайын, мунун баары аябай кызык көрүнүп, Кароолбекти таң калтырып жатты. Ал Кудайдын сырларын жакшыраак билгиси келип турду. Бирок ошол мезгилде, анын оюн бузган имам студенттерге Кудайдын Кудай Ата, Кудай Уул — Иса жана Кудай Ыйык Рух сыяктуу үч турпаты бар дегендердин баары акылсыздар экенин айтты.

Так ошол кезде ачуусу келгенсип, жаан нөшөрлөп төгүп жиберди да, чагылгандын жаркыраганы менен күндүн күркүрөгөнү студенттерди селт эттирди. Имам жана анын окуткандары Кудайды иренжиткенинен Кароолбек шек кылган жок. Жамгыр Кароолбекке Кудайдын колунан келбеген нерсе жок экенин айтып турду. А имам болсо студенттерге өзүнүн чоочун кудайынын чектелген алсыз кудуретин жарыя кылып жатты. Имамдын Кудай тууралуу айтканынын баары Ал тууралуу жаратылыштын айтканына таптакыр карама-каршы болуп турду.

Кароолбек: "Кагыраган жерден келген имам, Кудай, илим же суу тууралуу анча деле көп билбейт экен", – деген чечимге келди. Сырттагы катуу нөшөр менен бирге Кароолбек да Кыргызстанга келип, мындай наадандыкты айтып жатканы үчүн имамга ачуулана баштады. Алай—дүлөй түшкөн жаандуу бороондон, чагылган менен күндүн күркүрөгөнүнөн кудуреттүү Кудайдын каары төгүлүп жаткансыды. Табийгат өзү үйрөтүп жаткандарын четке каккан имамга ачууланып жатты. Кароолбек тээ илгери имам менен анын эли суунун айткан чындыгын кабыл албай коюшканда, алар ошонусу менен жаратылышты кемсинтип, кордогонун түшүндү. Имамдын өлкөсүнөн суу менен жаратылыш коздугун табыш кыйын болгонунун себеби ушул тура деген жыйынтыкка келди Ка-

роолбек. Ырасында эле имамдын мекени жарыткан суусу жок кагыраган чөлгө айланган.

Өзү сабырдуулукка көнгөн кыргыз болгону менен, Кароолбек имамга чындап эле ачуулана баштады. Динчил улуттардан айырмаланып, кыргыздар суу менен анын жаратылыштагы ролун барктап, баалашат. Кайсы бир чет өлкөлүк имамдын күнөстүү Кыргызстанга келип алып, өзүнүн чөлүндөй кургак, жансыз таалимин айта баштаганы туура эмес эле. "Өлкөбүзгө ушу сыяктуу чет жактык имамдар келе баштагандан бери жаратылыш өзгөрүп, жер да бузулуп, айлана—чөйрө көйгөйлөрү көбөйө баштады. Жерибиз алардын чөлүнө окшоп баратат окшойт," — деп өзүнчө сүйлөндү Кароолбек.

Анан ал бул жөнүндө терең ойлонуп кетти. Ал Арсланбап менен Кара—Алма токойлору оор кыйроого учурап, Кыргызстандагы токойлор кескин азайып, жер кыртышы бузулуп жатканынан кабардар болчу. Кыргызстан тууралуу билгенинин баарын ойлогон сайын, Кароолбекке айлана—чөйрөнүн ойрон болушунан келип чыккан эң оор көйгөлөр так ошол, четтиктердин такырайган жерге окшогон өлүк окутууларын кабыл алган жерлерде болуп жаткандай көрүндү.

Күтүүсүздөн Кароолбек өзүн катуу уятка калгандай сезди: Кудай тууралуу мына ушул чөлдөй жансыз үгүт—насаатты анын жердештери кантип гана кабыл алышты экен? Көптөгөн кыргыздар суу менен жаратылыштын Кудай тууралуу берип аткан маалыматын четке кагып салганы кандай ? Кыргыздардын чөлдөн келген имамдарды, алардын окутуусун кабылдап, ошол аркылуу өз жерине каргыш алып келгенин түшүнгөн ал өзүн аябай онтойсуз сезди.

Андан соң Кароолбек имамды тике карап, анын көзүндө Манасты өлтүргөн, Конурбай бар болгонсуп турду. Манас эпосунда Конурбай, Манаска күчү жетпесин билип, аны куулук менен өлтүрүүнү ойлоп, үстүнө дин кийимин жамынып ыйык чөлдөн ажы кишидей кийинип, эч кимге шек алдырбастан кыргыздардын турагына уурудай кирип, кыргыз элинин күчү менен үмөтүн өлтүрүп кеткен. Мына ошондой, азыр да

Кароолбектин алдында бир дин кийимин кийип чоочун киши кыргыз турагында турат. Ал машайакты жамандап, бизди анын куткаруусу менен үмөтүнөн арылтып турат. Демек Манас эпосу бизге эмнени жарыялап турат – Машайак биздин баатырыбызбы? Бул имам ким? Эпос өзү биздин пайгамбарыбызбы? Илгертен бери эле бизге эскерте береби деп өзүнөн өзү сурады да байыркы аталарынын доошун укkансыды.

Кыргызда сакалдуу же касиеттүү адамга орой сүйлөгөнү аз. Бирок бул касиеттүү өндөнгөн адам чындыгында кыргыздардын душманы эле. Ал Кыргызстанга, жаратылышка жана суу айтып турган акыйкаттыкка, демек, Кудайга акарат кылып жатты. Кароолбек Иса Машаяктын бир кезде ушундай жагдайга туш келген кезинде айткан сөздөрүн эстеди:

"Анткор дин мугалимдери, силерге кайгы! Бирөөнү өз дининерге көндүрүү үчүн дениз менен жер кезесинер; ал эми көндүргөн сон, аны өзүнөрдөн эки эсе тозоктун уулу кыласынар.

Тилекке каршы, Исанын убагындагы еврей имамдары менен молдолору жаш пайгамбарды укkандан көрө, анын көзүн тазаламакчы болушкан сынары, бул имам да Кароолбектин кадыр—баркын кетирип, жаман атты кылыш үчүн колунан келгенин кылмакчы болду. Бирок Кароолбек имамга Исага окшоп жооп кайтара албады. Ал болгону ордунан туруп, сыртка чыгып кетти.

Асмандан жаап жаткан $H_2O$ молекуласы өз турпатын өзгөртүп, мөндүргө айланды да, лицейдин чатырын дабыратып кирди. Туш—тараптан чартылдап, чагылган түшүп жатты. Нух пайгамбардын убагында бүтүндөй адамзат топон суунун астында калып, жок болгон сыяктуу, лицей да бүт бойдон тозокко түшкөнү же кыйраганы жаткандай өндөнүп, Кароолбек коркуп кетти. Ал таалимди адамдардан, болгондо да четтиктерден эмес, Кудайдын өзү менен ал жараткан табигаттан алышы керек экенин түшүндү. Бүт оюн Кудайды сыйлоо сезими ээлеген Кароолбек лицейден качып чыкты.

Кароолбек эмки сабактарга катышпай калды. Имам «Көкө–Теңир деген кыргыздардын жасалма кудайы» дегенде, Кароолбек «Кудайым, сиз мени көк–аба сыяктуу кучактап турасыз; эгерде Кудай, сиз жок болсоңуз анда биз бүт адамзат өлмөкпүз, жок болмокпуз. Сиз көк–абадай бизге дем улам берип турасыз. Сиз чын эле өмүрдүн булагысыз; ата–бабаларымдын чыныгы көкө–теңири экенсиз» деп жаратылышта тизе бүгүп көккө алакан жайып сыйынып жатты. Имам чөлдүк шарияттан музыка менен комузду жаманатты кылганда Кароолбек өзүнүн үч жөнөкөй кылдуу комузу менен Кудайга арнап бир сонун күү чертип жатты. Ал эми убакыт өтүп, имам окуучулардын кыбылага жөнөшүн үгүттөгөндө Кароолбек асманга эң жакын болгон кыргыз ак боз–үйүн көздөй жөнөп баражатты. Кыргыздын кубанычына, шайырлыгына балта чапкан имам кымысты ичпе деп жамандаганда, Кароолбек жайлоодогу кыргыз аксакалдарына кымыз сунуп алардын бата–шака түшүп сүйлөшкөндөрүн каткырган күлкүлөрүн, жана зркин жыргалчылыгы койнуна батпай ууз кымыз ичип жатканын элестетти. Имам арабдардын кылыч көтөргөнүн актаганда мажжахеттер Ала–тоону ээлеп алууга даярданып, ал эми Кароолбек чын жүрөктөн душмандары менен имамды кечирди.

Кароолбектин кылган иши эл ичине тез эле жайылды. Көптөрү аны өз дининен безген акылсыз дешип, айыпташты. Ал жөнүндө көп жаман кеп айтылды. Бирок эки жыл катары менен жаан аз жаагандан кийин, алардын кээ бири Кароолбектин айткандарында чындык бар го деп ойлоно башташты. Бирок, өкүнүчтүүсү, айылдаштарынын көбү теке–бердигинен катасын мойнуна алган жок. Алар Исанын өмүр берүүчү суу жөнүндө айткандарын окуудан баш тартып, өздөрүнүн өлүк окуусун Иса асмандан кайткыча тутуп келишти. Бирок, тилекке каршы, абалды оңдош эми өтө кеч болуп калган эле. Алар кулак салбаган суу акыры эми жазага айланды. Ошентип жазасын тартышып, алар акыреттеги күндөрүн суу да, Кудай да жок тозок отунда өткөрмөй болушту.

Тозокто алардын жалгыз энсегени бир тамчы суу менен өздөрү чанган чыныгы Кудайдын ырайымы эле.

Кароолбек болсо өмүр булагынан суу ичет. Анткени бир Жаратканга ишенип, өз элин Кудайдын каарынан жана башка бирөөлөрдүн кыргыздын мүдөөсүн тепсеп жок кылышынан сактоодон башка анын каалоосу болгон эмес.

*34 Ушунун баарын Иса ибаратка салып айтты, ибаратсыз аларга эч нерсе айткан жок. 35 Пайгамбар аркылуу айтылган сөз аткарылсын үчүн ал ушундайча сүйлөдү. Пайгамбар мындай деген: "Мен ибарат менен сүйлөйм. Кудай дүйнө жаратыла электен бери адамдардан жашырын сактаган нерселерди жарыя кылам".*

*36 Ошондо Иса элди калтырып, үйгө кирди. Шакирттери жанына басып келишип: "Талаадагы отоо чөптөр жөнүндөгү ибараттын маанисин бизге түшүндүрүп берчи" — дешти. 37 Иса аларга мындай деди: "Сапаттуу урук сепкен — бул Адам Уулу. 38 Талаа болсо бул дүйнөнү билдирет. Сапаттуу урук — бул Кудай падышачылыгынын атуулдары. Отоо чөптөр — шайтандын адамдары. 39 Отоо чөптөрдү сээп кеткен — шайтан, күз — акыр заман, орокчулар — периштелер. 40 Ошондуктан акыр заманда да отоо чөптөр отолуп откo ыргытылгандай окуя болот. 41 Адам Уулу өз периштелерин жиберип, өз падышачылыгынан бардык азгырыктар менен бейбаштарды тердиртет. 42 Анан аларды алоолонгон мешке ыргытышат. Андагылар жанынын ооруганынан өкүрүп, тиштердин кычыратышат. 43 Ошондо Кудайдын эркин аткарып жашагандар асмандагы Атасынын Падышачылыгында күн сыяктуу жаркырашат. Кулагы барлар угуп алышсын".*

*44 Асман падышачылыгы талаага көмүлгөн кенчке окшош. Аны бир киши таап алып, катып коет да кубанганынан колундагынын баарын сатып жиберип, ошол талааны сатып алат.*

[45]Дагы Асман Падышачылыгы таза берметти издеген
көпөскө окшош. [46]Ал кымбат баалуу берметти көрүп,
аны сатып алуу үчүн барып, колундагысынын баарын
сатып жиберип, түшкөн акчасына ошол берметти сатып
алат.

[47]Дагы Асман Падышачылыгы деңизге ыргытылып,
ар түрдүү балыктарды жыйнап алган чоң торго окшош.
[48]Тор толгондо аны жээкке сүйрөп чыгышып, анан
олтуруп алып жакшысын себеттерге салышып,
жамандарын болсо ыргытып жиберишет. [49]Акыр заманда
ушундай болот: периштелер келип, Кудайдын эркин
аткарбагандарды аткаргандардан бөлүп алышат да
жалындаган мешке ыргытышат. Анын ичинде өкүрүк—
бакырык менен тиштин кычыраганы басылбайт".

(Матай 13: 34—49)

# Төр

Конокко чакырылгандар орун тандап, төргө өтүп жатышты. Муну байкаган Иса мындай нускалуу ангеме айтты:

*«Бирөө сени тойго чакырса, төргө жулунба. Коноктордун бири сенден сыйлуураак болуп калып, экөөндү тен чакырган адам жанына келип: " Орунду бу кишиге бошотуп бер" деп калбасын. Ошондо уят болуп, улагага олтуруп калбагын. Конокко келгенинде төмөн жакка олтуруп жүр. Сени чакырган киши келип: "Досум, төргө өт" дегенде, жанындагылардын алдында мартабан арта түшөт. Анткени ким өзүн—өзү көтөрсө, ал басынтылат, ал эми ким өзүн төмөн кармаса, ал көтөрүлөт».*

Орто Азияны мекендеп жашоого Кудай таала көп этникалык топторду чакырган. Алардын кээ бири бул жакка илгерки заманда, башкалары кыйла убакыт кийин келишкен. Бирок алардын баары тен Кудайдын бул жерге чакырылган коноктору.

Тилекке каршы, көп элдер, Исанын ангемесиндеги коноктор сыяктуу, Орто Азия улуттарынын арасынан сыйлуураак жер ээлеп, төргө отуруп калууга аракеттеништи. Бирок үйдүн Ээси болгон Кудай нечендеген кылымдар бою ошол менменсинген элдерге кайра—кайра келип, дал Иса эскертип кеткендей, аларды төрдөн төмөн жерге жылыштырган эле. Жакынкы жылдардын ичинде эле Эгебиз дагы бир ирет ушундай кылып, мурдагы улуу совет мамлекети кыйроого учурады. Ошондо, Иса өз ангемесинде айткандай, ленинизм

жана атеизм аталган нерселер бүтүндөй дүйнө алдында шермендеси чыгып, Советтер Союзу эң акыркы орунду ээлеп калды.

Исанын түбөлүктүү сөзү менен акылман кеңешине карабастан, менменсинген көп элдердин, уят–сыйытты унутуп, жөөлөшүп, Орто Азиянын төр жерине отурууга аракеттенип жатышканына биз азыртан эле күбө болуп отурабыз. Бирок мындай кылган элдер Кудайдын сыймыгына татыбаган соң, Ал тез эле алардын текебердигин кагып, төмөндөтүп коёрун биз жакшы билебиз.

Кудайдын ыйык Сөзүндөгү бир нече аяттар мени Кудай кыргыз элине көз кырын салып жүргөнүнө ынандырды. Ал силерге далай жылдардан бери назарын салып келатат. Ошондуктан Кудай кыргыз элинин мартабасын көтөрүп, аны чын эле Орто Азиядагы төр жерге отургузмакчы болгонуна мен толугу менен ишенем.

Тилекке каршы, кыргыздардын көбү эч кандай сыйга татыбаган нерселерди кылып, момундук эмне экенин унута башташты. Анын ордуна жанталашып, текебер элдердин тажрыйбасын үйрөнүүнүн аракетин көрүүдө. Мунуңар эч убакта Кудайга жакпайт, бул силерге эч кандай сыймык алып келбейт. Кудай жолун чанганыңарда, аны менен кошо Кудай тартуу кылып жаткан тагдырыңарды, келечегиңерди чанарыңарды унутпагыла.

Иса бизди урмат—сыйга башкага кысымчылык кылбастан, пара бербестен, күч менен курал—жаракка таянбастан, жүрөгүбүздүн тазалыгы менен эле жетишүүгө үйрөтөт. Ал бизге Кудайдын Руху менен биримдикте башкаларга каралашып, аларды сүйүп, мээримдүү болуунун жолун көрсөттү.

«...Конокко келгениңде, төмөн жакка олтуруп жүр. Сени чакырган киши басып келип: "Досум, төргө өт" дегенде, жаныңдагылардын алдында мартабаң арта түшөт. Анткени ким өзүн—өзү көтөрсө, ал басынтылат, ал эми ким өзүн төмөн кармаса, ал көтөрүлөт.

*Нарында бир түркмендик молдо жашаптыр. Ал Иса Машаякка ишенген кыргыздар бар экенин угуп, кыргыз молдолорун чогултуп, машаякка ишенгендерди сабаткан экен. Эми, ким тыгы кыргыз молдолорду окутуп үйрөтүшүн өзүмдөн сурап муну жаздым.*

# Чынчыл молдо

Бүгүнкү күн чынчыл молдо үчүн өтө кыйын болду. Ойготор сааты же тасмага жазылган сыйынуусу жок болгондуктан, ал уктап калып, эртең мененки намазга барбай калды. Аксакалдардын кээ бири эмне болгонун сурашканда, "Ооруп турам," — деп калпты ышкыртып койду. Анан эртең мененки куптан намазынын анча маанилүү эместигин айтып, кээ бир молдолордун арасына тараган калпты туурады. Башкалардын жалган айтканын көп жолу укканы менен, ал Куранда калп тууралуу бир да түшүндүрмөнү көргөн эмес. Ушул күнгө чейин ал бирөөнүн калпын кайталап көргөн жан эмес эле. Бүгүнкү калпы чынчыл молдонун тынчын алды.

Бирок анын көйгөйлөрү бүгүн эле башталган жок. Ал өткөн түнү, айылдын ары жагындагы бир үйдөн өз үйүнө кайтып келе жатканда башталган болчу. Молдо жолдун четиндеги дөңсөөдөн бир кишинин Кудайды алкыштап жатканын угуп калды. Ал киши касиетке толгон байыркы кыргыз тилинде сыйынып жатты. Ушунчалык кооз, жандүйнөнү козгогон сый-ынууну өмүрүндө эч уккан эмес эле.

Чынчыл молдо сыйынып жаткан адамды издеп, акыры дөбөдө отурган адамдын караанын көрдү. Ал Меккени карап турган эмес эле. Бир маалда молдо аны тааный койду. Бул чыккынчы болчу. Өз динин сатып, өз эл журтуна чыккынчылык кылганы үчүн молдо аны жек көрө турган. Молдо токтоп,

сөздөрүн уга кетейин деди. Анткени динбезерге каршы көбүрөөк далил тапканга азыр эн жакшы мүмкүнчүлүк бар эле.

Молдолор Исанын жолуна түшкөндөрдү жек көргөндөй башка эч кимди жек көрчү эмес. Колдон келишинче көбүрөөк адамды жалган динден сактап калуу үчүн, эл чогулган жакшылык жамандыкта Исага ишенгендер жөнүндө элге айтылып, аларды айыптоо молдолордун көпчүлүгүнө да атайы айтылган эле. Алар үчүн атеизм, аракечтик менен чыгыш диндери Исанын таасирине караганда анча коркунучтуу эмес эле. Ушуга чейин айылда бул кишиден башка туура эмес жолго түшкөн адам болгон эмес. Айткандарын укпаганы үчүн чынчыл молдо аны жек көрчү. Молдо башкалар да өз динин сатып кетет деп коркчу.

Өз элин сактап калуу үчүн молдо атүгүл Ленин менен Сталиндин динге каршы айткандарын Исага ишенгендерге да колдоно койчу. Ал элге чет жактан келген молдолордон үйрөнгөнүн түгөл айтчу. Бул адамдын элге болгон таасирин токтотууга ашыккан молдо өзү да алиги адам жөнүндө жаңы калптарды ойлоп таап, элге аны менен кол алышып учурашкан же үйүнө киргендин баары каргышка калат деп айтчу. Албетте, адамдар аны угушуп, Исага ишенген адамды кууғунтукка алышты. Жада калса, аялы да балдарын алып, төркүнүнө баса берди. Ошентип молдо анын турмушун толук бузду.

Молдо өзү жек көргөн кишинин жат Кудайга ичиндегисин төгүп, сыйынып жатканын жашырынып тыңшап турду. Ошол түнү молдо аны бир сааттай укту. Жанагы адам чырак тамызып алып, Ыйык Жазмадагы Иса, Муса, Дөөт жана Сулайман пайгамбарлардын жазгандарын окуп жатты. Окуган сайын, ал жазылгандарды ырастап, алардагы чындыкка кошулуп жатты.

Ал Кудайдан ага Дөөттүкүндөй кайраттуулукту, Сулаймандыкындай акылмандыкты бер деп сыйынды. Исанын Руху өзү аркылуу агып туруусун, көбүрөөк ишеним менен адамдарды айыктыруучу кудуретин берүүнү жалынып суранды. Ал Кудайдын ага көрүнүш—аян беришин энсеп, аны пайгамбар кылышын өтүндү.

Анан элине Кудайдын ак батасын тилеп, Кудайынан кыргыз элинин көкүрөгүн ачуусун сурады. Андан кийин кыргыздарга мээримдүү жана сабырдуу болгону үчүн Кудайга шүгүрчүлүк келтирип, чындыкты издебегени, Кудай Сөзүн иликтебегени үчүн кечирүүсүн өтүндү.

Ушул жерге келгенде, молдо анын үнү өзгөргөнүн байкады. Ал киши элиме ырайым кыл деп Кудайга жалынып жатты. Ал ыйлап жаткан өңдөнду. Акыры Кудайдан өз элине аз гана адамдар таба алган тар жолду табууга мүмкүнчүлүк беришин сурады да көпкө чейин унчукпай калды.

Анан ал Кудайдан кыргыз элин адаштырып, Кудайдын чындыгынан алыстатканы үчүн чет жерден келген молдолорду кечиришин сурады. Дагы бир аз жымжырттыктан кийин ал кайра сыйына баштады. Бул жолу жаш жигит Кудайдан өз айылынын молдосун кечиришин өтүндү. "Мени кечиргендей биздин молдону да кечире көр" — деди ал.

Молдонун кыжыры кайнап кетти. Ал: "Мен кечирим сураганга муктаж эмесмин, мени менен Кудайдын ортосуна эч кандай дин безер арачынын кереги жок!", — деп кыйкырып жибере жаздап токтоду да, кайрадан кулак төшөп калды.

Анын үнү кайрадан түнкү жымжырттыкты бузду. "Оо, Кудай", — деди ал. Молдо анын үнү дагы өзгөргөнүн байкады. Үнү бул жолу мурда Кудайды мактагандагы чыккан кубанычка толгон үнгө окшош эмес болчу. Бул ыйык Китепти окуган жеңиштүү адамдын үнү эмес болчу. Бул Кудайга кайрылган же ырайым сураган үн эмес болчу. Анын үнү ички дүйнөсүндөгү күрөштөн жеңилип чарчаган адамдыкындай угулду.

"Оо, Теңир!", — деди ал. Анан көпкө унчукпай калды. "Сен мени кечиргендей, мен да молдону кечирем. Ага жакшы мамиле кылганга мага жардам кыл. Мага бергендей ага да ак батаңды бере көр!"

Ал Кудайга жакшылыгы менен кең пейилдиги үчүн кайрадан ыраазылыгын билдире баштады. Бирок кыжаалаттанган молдо андан ары угуп тура албай, үн дебестен бурулуп басып кетти. Ал кетип бараткanda жымжырттыкты бузуп, кыргызча сыйы-

нып жаткан кишинин сөздөрү бир канча жерге чейин угулуп турду.

Молдого бул сөздөрдүн таасири ушунчалык катуу болду. Душманынын кылычы да анын жүрөгүнө мынчалык терең сайылмак эмес. Аябай жек көргөн душманынын жөнөкөй сыйынуусу таасир кылгандай күчтүү шарап да анын эсин эңги — деңги кыла алмак эмес. Азыр анда баарынан жаман көргөн душманын жек көрүү деген болгон жок. Ал жай басып, унчукпай үйүнө кетип баратты.

Анын бүлүккө түшкөн жандүйнөсүн жумшак төшөгү да тынчтандыра албады. Ою уйгу—туйгу болуп, көпкө чейин уктай албай жатып, акыры көзү илинип кетти. Ошол үчүн эртең мененки намаз убагында да тура албай калды.

Мына, кийинки намаздын убагы да келди. Ал дагы эле уктап жата бергиси келди. Жаш баланын балдыр тилиндей жаттап алган араб сөздөрү эсине келе баштады. Алар азыр эч кандай күчү жоктой, мектептеги жаш балдар жаттап, окуган ырлар менен жомоктордой жансыз сезилди. Алар ага түшүнүксүз эле. Бул чет элдин тилиндеги намаз жүрөгүнүн тереңинен чыкпагандай сезилди. Бул намаздардын өзү сыйынган араб шаарына жетпесине көзү жетип турган.

Ал үйүнө келгенде өзүнүн ички дүйнөсүнө көз жүгүртүп, ички сезимине кулак сала баштады. Алар аны эң калыс, адилет жана чынчыл адам гана кылмак.

"Мен Кудайды кыргыз элине кантип жакшы билдире алам?" — деп өзүнө өзү суроо берди ал. Анан колуна кагаз, калем алып, өзүн тынчсыздандырган суроолорду жаза баштады.

*"Элимдин мага жана мени окуткан молдолорго караганда кечиримдүүрөк жана адилеттүүрөөк болушун каалайм. Эгер качандыр бир убакта элим Кудайды жана анын максаттарын тапса, анда ал мага караганда чынчыл болушу керек. Менин элим Кудайды менден да жакшыраак билиши керек. Эгер биз бул дүйнөдө качандыр бир кайрадан болууну кааласак...*

*Мен жүрөгүмдүн тереңинде кыргыз эли өзгөчө бир максатка арналганын билем. Кудай биздин бир нерселерди билип,*

*жасаганыбызды каалайт. Бирок мен бул максаттарды Курандан да, чет элдик имамдардын айткандарынан да таба албадым.*

*Мен көбүрөөк даанышмандыкты араб жана түрк молдолорунун айткандарынан эмес, өзүбүздүн эле элдик макалдардан табам.*

Эмне үчүн, оо Кудай?", — деп ал үн чыгара сурады. Бирок анын үнүндө жооп күтүү жок эле. "Эмне үчүн ыйык китеп менен ыйык молдолорго караганда, кыргыз элинин макалдары көбүрөөк жардам берет?"

Ал өз ойлору менен суроолорун жазганын улантты.

*"Алар да мендейби? Чын эле молдо, имам, пайгамбарлардын баары мендей элеби? Алар да мендей эле күнөө менен азгырыкка кириптер болушабы? Алар да мага окшоп башкаларга ачуусу келип, алар жөнүндө кеп кылышабы? Кантип эле алар да мага окшош болсун? Алар да аялдарын басынтышабы? Калп айтып, азыраак ашыкча акча алгым келгенди, алар да кылышабы? Кылган иштерибиздин көбү Кудай үчүн эмес, адамдар үчүн болуп жатабы? Алар да чынында Кудайды билбегени чын болуп жүрбөсүн?*

*Көп учурда мен Кудайды абдан жакшы билген адилет киши болуп көрүнөм. Алардын мактоосу мага абдан жагат. Бирок мен өзүмдү жек көрөм. Мен Куранды чыныгы араб тилинде окуп, элди намаздарда жетектеп жүрдүм. Мечитке дайыма, эч ким барбаган убакта барганымды көрүп жүрүшөт. Баары мени абдан ыйык киши деп ойлошот. Бирок менин жашыруун жашоомду, ички күнөөлөрүмдү билишпейт.*

*Менин тиги чыккынчыны мага же башка мусулмандарга караганда алда канча жакшыраак мусулман деп ойлогонумду эл кайдан билсин!?*

*Биз чет элдин жерин карап намаз окуп жүрөбүз, бирок ал жашыруун өзүбүздүн Ала Тоодо, жаратылышыбызда эле тизелеп, Алла таалага намаз окуйт экен. Бирок мен көргөндү менин элим билбейт.*

*Мен анын өзүбүздүн эне тилибизде Кудайга ичиндегисин*

*төгүп, жалынып жатканын угуп, таң калганымды элим билбейт. Ал менин ички дүйнөмдү кечиримдүүлүгү жана алкышы менен кантип уурдап кеткенин элим кайдан билсин! Ал муну өз Кудайынын жардамы менен тапты.*

*Эмне үчүн мен аны менен көпкө чейин касташып жүрдүм экен? Мен аны эмне үчүн жек көрдүм? Анын динибиз менен пайгамбарыбызды саткандыгы үчүнбү же мен да жаңыла турганымды мага билгизгени үчүнбү?*

*Ал эми азыр, көп жылдан бери анын Ыйык Китебин окуганга тыюу салып жүргөндөн кийин, мен ал китепте эмнелер бар экенине кызыгып калдым. Азыр мен эч нерсеге түшүнбөй турам. Мен Кудайды билбейм, бирок анын кызматчысы болууга аракет кылып жүрөм. Мен өзүмдү мусулман, Кудайдын кулу деп эсептейм. Бирок Кудайдын ким экенин, дегеле , чындык эмне экенин да билбейм. Мен аягы жок эрежелерди аткарам, бирок Кудайга кызмат кылып жүрөмбү? Өткөн түнү уккан ырлар менен аңгемелер мен мурда Курандан окугандарга окшош эмес. Алар адамды башка сезимдерге ээ кылат. Бирок ал китеп жөнүндө ушунча жаман нерселерди айтканмын. Эми кантип аны өзүм окуйм? Мен торго түштүм, элимди да түшүрдүм, эми кантип бошонорубузду билбейм. Эми эмне кылам? Өзүмдү кантип бошотом? Элиме чындык жолду кантип көргөзө алам? Кудай менен элимдин ортосунда кантип арачы боло алам? Кудайга элимди кантип алып келем? Мен элимди сүйөм. Бирок жыл өткөн сайын биз артты карай кетип баратабыз. Элим мен бергенден да чоң нерсеге муктаж. Аларга менден да жакшы бирөө керек. Аларга акырет бейишке алып бара турган киши керек. Аларга чындыкты, Кудайды билген адам керек.*

Чынчыл молдо калемин үстөлгө койду. Бул күнү ал үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи намазга да барган жок. Ал чоочун кишинин айтканы боюнча чет тилде, чет өлкөдөгү шаарга сыйына алган жок. Өз элин мындан ары да чоочун жердин капканына сүйрөгөнгө каалоосу жок болчу. Ал өзү ошол капканда калган. Чынчыл молдо бир аз ойлонуп, Куранды ачты да андан эң жаман көргөн аятты тапты. Анда мындай деп

жазылган:

> *Теңири эмне жазганын Инжилди кармагандар баамдап алсын. Андагы жазымыштын жазганын баамдабагандар — ак жолдон адашып бузулгандар. (Куран, сүрө 5:51).*

Анан ал Куранды жаап, дубалга чалкалай кайгыра ойлонду: "Мен өзүмдү жана элимди торго салыптырмын. Мен элимди өз насиби менен чын Кудайынан алыстатпадым беле? Эми ким каапыр, ким мусулман экенин билбей турам."

"Журттан чыккан ким? Менби?" — деп чынчыл молдо өкүнүч менен катуу кыйкырды.

# Тушоо кесүү

Тушоосу кесилгенден көп жыл өткөн соң, баланын терс кыялы огобетер оркоюп көрүнүп, жүргөн—турганы бузулгандан бузулуп баратканы тууган—туушкандарынын тынчын ала баштады. Эл "тушоосун ким кести эле?" деп көп сурай турган болду. Тушоо кескен ким экени билинген соң, баланын мүнөзү эмнеге мынча жаман болуп кеткенин баары түшүндү. Көп жыл мурун жарышта биринчи келип, тушоону кескен бала өзү жеткен тентек болчу. Эми бул да ошону жазбай тартып калыптыр.

Баланын ата—энеси эмне кыларын билбеди. Уулу туугандарын боз ала кыла турган болду. Акыры агасы бир кезде таанышкан, өзү айылдын чет жакасында турган аксакалга иштин жайын айтып, андан кеңеш сурамакчы болду. Ал башкаларга окшоп акчанын артынан түшүп, мансапкордукка жулунган адамдардан эмес эле. Коюн кайтарып, үй артындагы бакчасын карап, эл катары тиричилигине каниет кылчу. "Аттуу—баштуу" кишилердин аягы түгөнбөгөн чогулуштары менен чоң—чоң ишкерлердин улам көбөйгөн байлыгынан алыс жерде өзүнө зарыл керектүүнүн баары колунда бар адам эле.

Карыя жаңы эле атынын тушоосун чечип, аны мал сарайга жетелеп баратканда, баланын агасы келип калды. Экөө үйгө чайга киришти. Алар отуруп, кеп башталып калса да, аттын жиби аксакалдын колунан түшпөдү. Иштин чоо—жайын уккан соң, дароо жооп бербей, колундагы жипти карап бир топ отурду. Андан кийин, ойногонсуп, аны айланта баштады. Бир аздан соң, башын көтөрүп, эмне үчүн наристенин атасы тушоону тиги балага кестиргенин сурап калды.



— Ал жарышта биринчи келген да, — деди баланын агасы.

— Кайсы жарышта? — деди аксакал.

— Тушоо кесүү тоюндагы.

— Баланардын тушоосун элде жок тентекке кестиргенинер кандай?

— Биз, кыргыздар, балабыз алгачкы кадам шилтегенден кийин, жарышта биринчи келген адамдай күчтүү, күлүк болушун тилейт эмеспизби, — деди агасы.

— Ооба, — деди акылман карыя, — биз, кыргыздар, балдарыбыз жыгылбаса экен... тозокко түшпөсө экен деп тилек кылабыз. Анда эмне үчүн силер тентектиги аттын кашкасындай көрүнүп турган балага бычак сунуп, баланардын тушоосун кестирдинер? Анан бир аз тунжурай түштү да кайра сөзүн улантты:

— Баланын тушоосун кескенди тартып каларын унутуп калдыңар беле? Эми баланын терс кыялынын тушоосунан бошонушу керек. Демек, тушоосу кайра кесилиши керек.

— Кантип? — деди баланын агасы башын көтөрө карыянын көзүн тиктеп.

— Баланардын эч кимге баш бербей, жаман иштерге тез баргандыгынын себеби, анын тушоосун күчтүү, шамдагай жана тентек бала кескендигинен. Силер анын тушоосун эң бай адамга кестирсеңер деле болмок. Анда баланар жеткен амалкөй, ач көз да болуп чыкмак. Же сыртынан динчил болумуш болгон бирөөгө кестирсеңер, бала өзүн такыбаа эсеп-теген текебер адам болуп калмак, — деди аксакал.

— Анда ким аны ушул тушоонун тузагынан бошото алат?

Аксакал бир топко унчукпай турду да, анан оюн ачыкка чыгарды:

— Адамды адам, рухту рух бошотот.

Кайрадан жымжырттык өкүм сүрдү. Баланын агасы чыдабай:

— Эмне, баланын атасы мечитке барып, уулу жаман кыялынан арылгыча куран окушу керекпи? Же баланы медресеге же түрк мектебине бериш керекпи? — деди.

Карыя:

— Диний эрежелер адамды мурдагыдан бетер тушап салат. Бул баланарды биздин динчил коншуларыбызга окшотуп коёт. Мен өзүм кыргызмын. Бирок аларга окшогум келбейт. Диний эрежелердин адамдын жанын эркин кылчу даремети жок.

Баланын агасы жооп кайтарбады. Далай убакыт караңгы түшүнүккө камалып келген ал эч нерсени түшүнө албады.

Ошондо карыя мындай деди:

— Силер баланардын Кудайдын бейишине чыгышын каалайсыңар да, ыраспы? Андай болсо, баланарды тушоосунан Кудайдын Руху бошотушу керек.

Баланын агасынын көздөрү кайрадан аксакалдын көзүнө тигилди: — Кантип? — деди ал, — Кудайдын Руху кантип тушоону кесет?

— Сен агандын баласын ойлосон, бул суроонун жообун өзүң табышың керек. Эгерде таппасаң, анда иниң тозоктун отуну болуудан башкага жарабайт, — деп жооп берди карыя аттын тушоосун колунан чыгарбай. Кудайдын Руху кантип тушоону кесет? Бул суроону ар бир кыргыз өзүнө берип көрүшү керек. Кудайдын Руху бошотмоюн, кыргыз эли азыр аны тушап турган бардык каргыштарга тушалган тейинде кала берет.

Бул сөзгө баланын агасы абдан кызыгып калды. Буга чейин ал бир чакан дүкөн ачмакчы болуп, уруксат алыш үчүн жүздөгөн доллар сарптаган. Бир эле чиновникке канча берди. Эптеп уруксаат алып, дүкөнүн эми эле кура баштаганда, жумушчусу аны алдап жүз элүү долларын алып, анысы аз келгенсип сатып алып койгон курулуш материалдарын да уурдап кетти. Дүкөн ачылганда, мафия менен салыкчылар келип, дагы шыпырып алышты. Ошентип баарынан кол жууп, карызга батып, дүкөнүн сатууга аргасыз болду. Мунун баары ага далай азап жедирип, башына көп кайгыны үйгөн болчу. Бирок мындан да көп күйгөнү — өз эли менен азыркы адамдардын рухий абалы эле. Ушундан улам ал аксакалдан элди тушаган каргыштар дегениңиз эмне деп сурады.

— Кыргызстанды, кыргыздын улуттук мүнөзүн талкалап жаткан каргыштарды сен өзүң деле жакшы билесиң. Булар: коррупция, уурулук, алдамчылык, текебердик, менменсинүү, зордук, аягы суюктук, паракорлук, аракечтик, бангилик, жек көрүү, кекчилдик, алып сатарлык, акчаны сүйүүчүлүк жана тартипсиздик. Биз ошондой эле алып—сатарлык, өндүрүштүн төмөндөшү, жумушсуздук, ар кандай диндерге жамынып алып, кыянаттык кылуу, айлана—чөйрөнү булгоо деген да каргыштар менен байланганбыз. Бизди тушаган ушулар. Алардын айынан биз Кудай алдында эч нерсеге жарабай жатабыз, — деди карыя ойлуу.

Кунт коюу менен кызыгып угуп калган берки, карыяны кечке карап туруп:

— Анда Кыргызстандын тушоосун мурда ким кести болду экен? — деди.

— Бул ой башка келбептир, — деди аксакал кулуп. Бирок суроо анын акылына терендеген сайын жүзүндөгү жылмаюсу өчтү, —Балким элибиз, балага окшоп, жаны бутуна турган мезгилде анын тушоосун тээ байыркы баскынчылардын бири кескендир, балким Азерети Али кескендир, а балким Лениндир. Алардын баары бизди карай кайсы бир байге алыш үчүн чуркап келгендей өндөнөт. Ошолор тушообузду кесип, алардын бирөөсүн тартып калганбыз го, — деди аксакал, өзү да кызыгып кетип. Анан кайра терен ойго чөмүлүдү, баланын агасы да бир топко үн каткан жок.

Акыры карыя Кыргызстандын тушоосун тээ илгери бөтөн жактан келген бир күч кессе керек деген ойго токтолду. Дал ушул себептүү кыргыз элинин жан дүйнөсүнө кыргыз табиятына дегеле жат көп нерсе кирген экен. Ал илгерки баскынчылардын кимисинин мүнөзү азыр кыргыз элин байлап турган каргыштарга окшош болгонун табыш керек деген тыянакка келди.

Бирок баланын агасынын жүрөгүн өйүп жаткан суроо бул эмес эле. — Эн маанилүү маселе, өз мүнөзү менен элибизге терс таасирин тийгизген баскынчыны табуу эмес. Башкысы, канткенде Кудайдын Руху Кыргызстанды тушоосунан бошото алат, ошону табуу, — деди ал.

Карыя да эн эле орчундуусу ушул экенине кошулду.

— Элибиз канчалык чет жактык баскынчыларга байланган бойдон калса, ошончолук ал кыйрагандан кыйрай берет. Биз Кудайдын Рухун таап, элибиздин тушоосун кайра кесишин андан сурашыбыз керек, — деди карыя. Алар Кудайдын Рухун табалы жана ушул эң маанилүү суроого жооп издейли деп макулдашышты. Баланын агасы кеткен сон, аксакал колундагы тушоосун жерге таштады. Эми анын көнүлүндө өз эли үчүн жаны үмүт пайда болду. Ал кыргыздын тагдырын байлаган тушоо тээ илгери эле кесилиши керек экенин билип, Кудайдын Руху аларга чыныгы эркиндик берүү үчүн али да күтүп жатканын сезди.

# Алмамбеттин арбагы

Ала-тоонун добушун угуп
Келечегимди таптым
Кыргыз эли жанымды тартып
Алардын дини туура экендигин билип
Алыс сапар тартууну чечтим да
Атамдын ак батасын алып
Энсеп жүргөн Ала-Тоого келдим
Менин Ата-журтумдун байлыгы
Жүрөгүмдү алдаган
Жеңил жашоо
мени каапырлардын коомуна тарткан
бирок мен Кыргыздарга качып келип
Илгерки кадырлыкты
жана жан Досторду таптым
Көмүлгөн чындык акыйкат мени жандандырды.
Ата-журтумдун согуштары
Азыр алар меники эмес.
А бирок душмандар
кыргыздарга кол салып
Алардын байыркы динин шылдындап
Урматтуу ата-бабаларын жамандаса
Жолборстун ырылдаганы
ичимен чыгат да көзүмдөн от жанат.
Эгерде сен мени Машайак болуп кеттинби десен, албетте жок,
бирок жакында аны көрөсүн
Боз үйдөгү ак сакалдар
Машайактын тендеши жок дешет
Куран анын келээрин баяндайт
Ал кыямат күнүн кармайт.
Жазалана турганың анын колунда
Чубак мага кулак сал
Мен сени менен бирмин
Сенин элиң менин элим
Кыргыздардын үмүтү үчүн
Жанымды курманга берүүгө да даярмын.



# Кыргыз тили

Мен силердин тилинермин. Силер мени менен ырдап, көңүл ачасыңар. Жүрөгүнөрдүн түпкүрүндөгү сырларды ачканыңарда, мага кайрыласыңар. Даанышмандыгыңар менен маданиятыңарды жана рухий нарк—насилиңерди башкаларга не бир сонун кылып жеткирген да менмин.

Мен силердин созолонгон ырларыңар, кылым карыткан дастандарыңар, кара кылды как жарган накыл сөз, макал—лакаптарыңармын. Жаратканга таазим кылып, сыйынганыңарды, бата тилеп, алкыштаганыңарды, жада калса каргаганыңарды да көтөргөн менмин.

Мен аркылуу сүйгөнүңөргө махабатыңарды айтасыңар, балаңарды эркелетип чоңойтосуңар. Дүйнөнү мени менен

куруп, мени менен бузасыңар. Женсеңер да, жеңилсеңер да, муну мен аркылуу айтасыңар. Мен болбосом, жан— дүйнөңөрдөн эч нерсе чыкмак эмес. Мен кыргызчылык бер— метинин сакчылыгында турам.

Мен силердин берген убадаңармын, ичкен касамыңармын, оозуңардан чыккан ар бир сөзүң.өрмүн. Жаныңарды да, акылыңарды да сүйлөткөн менмин. Мен силердин ички дүйнөңөрмүн. Мен — силердин өзүңөрмүн.

Менсиз бир дагы чет элдик силерди түшүнө да, биле да албайт. Силер менен мен бирмин.

Мен болбосом, силер жетим баладайсыңар. Менсиз кыргыз кыргыз эмес.

Эгер кимдир бирөө мени асмандан берилген эмес десе, анда силерди алдаганы. Эгер кимдир бирөө силерге Кудай жана периштелер мени түшүнбөйт десе, анда силерди келесоо дегени. Эгерде кимдир бирөө силерге мени башка элдердин тилинен кем десе, анда кубулжуган ырларыңарды, ойдун не деген кенчи катылган макал—лакаптарыңарды уккусу, мени түшүнгүсү да келбегени.

Эгер кимдир бирөө зарлаганыңды, жан дилиңден чыккан сыйынууну же болбосо Кудайга болгон алкышыңды башка бир тилде айтууга үйрөтсө, анда ал сени өзүнүн кулу, мени болсо тепсендиге калтыруунун аракетин көрүп жатат.

Силер менен мен бирмин.

Мен кыргыз тилимин. Мени Кудай өзү жаратып, анын өзүнөн келип чыккам. Мен Кудай үчүн жаралгам. Ошондуктан мен Кудайды гана даңкташым керек!

# Көр турмуш

Кыздын денеси, көз жашы тыйылбагандыктан улам алсыз болуп турду. Бирок таңкы автобус менен айылга бет алуудан мурда, анын аткара турган бир жумушу бар эле. Ал көзүнүн жашын сүртүп, колуна жазганы калем сабын алды. Ал эч качан мурда мындай жазбаса да анын бүт ички–сыры кагазга түшүп жатты.

*Урматтуу ата.*

*Бала кезимде мени бекем кучактап, жакшы көрөөрүңдү айтканын эсимде. Тогуз жашаар кезимде сен мени алдына алып отуруп, менин ушунчалык татына экенимди айтканыңды эч унутпастырмын. Ал учурлар мен үчүн абдан баалуу эле. Бала чагымда сен мага болгон ак көңүл, аталык мээримиңди эч качан унутпайм.*

*Бирок, кийинчерээк сен менден алыстап кеттиң. Сен мени менен бирге болбой, мени жакшы көргөндүгүн жөнүндө да айтпай калдың. Көбүнчөсү менин байкелерим менен убакыт өткөрчү болдуң. Ошол учурда мен уул бала болууну самачумун. «Эгер мен сенин уулуң болсом, балким сен мени да жакшы көрөөр белең»,–деп ойлочумун. Сен ичип алган кезде гана мага көңүл бурчусуң. Бирок сен ичкен учурда, жанында өзүмдү ыңгайсыз сезчүмүн.*

*Андан соң үйдү калтырып, бул жакка институтка келдим. Биринчи курста мага бир жигит көз салып жүргөнүн байкап калдым. Арадан эки жума өткөн соң, жакын жерден аны көргөндө, же мени карап турганын*

*байкап калсам, жүрөгүм толкундап, катуураак сокчу болду. Экинчи курста окуп жүргөнүмдө бир күнү ал мени кинотеатрга чакырып калды. Буга чейин ал жигит жана анын достору менен чогу барчубуз, бул жолу экөөбүз биринчи ирет жалгыз болдук. Мен аны менен убакытты абдан жакшы өткөрдүм. Ал мага чыныгы айымга мамиле кылгандай мамиле жасап жатты; мен үчүн билет алып, кирээрде мага эшик ачып, менин сулуулугумду айтып жатты. Биринчи жолу көп жылдардан кийин бул жашоого аял болуп жаралганыма кайрадан кубандым. Өзүмдү сүйүктүү, ажарлуу жана сүйкүмдүү сездим.*

*Кийинки жолу киного барганда ал мени өзүнө кубаттуу колдору менен кучактап алды. Анын күчтүү колдору мага ишеним берип, анын жанында мага эч нерсе коркунуч туудура албасына көзүм жетип турду. Аны менен чогуу басып баратып, үйгө бет алган жолдун эч качан түгөнбөсүн самадым.*

*Биз тез–тез жолукчу болдук. Ар жолуккан сайын мамилебиз улам жакындай берди. Бир күнү колдорубуз бекем кармашып үйгө келе жатканбыз. Үйүмө жеткирүүнүн ордуна ал мага өзүнүн бөлмөсүндө бир кызык нерсе күтүп турганын айтты. Биз келген учурда эч ким жок эле. Жигит мага арнап ыр окуп, аяр кучактап мени абдан жактырарын айтты.*

*Окуңучтуу болсо да, андан кийин эмне болгонун сага айтып бергим келет. Эмне кылып жатканыбызды түйган менен эч кабатыр болгон жокмун. Мен үчүн анын сүйүүсү бардыгына тете эле. Бул сырымды ага билгизгим келди. Эмне себептен экенин билбейм, айтоор ошол күндөн кийин мамилебиз мурункудай болбой калды. Көп өтпөй ал мени таштап кетти. Бирок ошол түн изин өчүрбөй, бүт оюмду ээлеп кала берди. Ал эми азыр болсо бир гана ал түн эмес, бөлөк балдар менен болгон башка түндөр да тынчымды алат. Азыр мен абдан өкүнөм ата.*

*Азыр болсо ошол түндөр кайда барсам да күнөөмдү*

*эсиме салчу болду. Мен денемди булгап,жуулгус күнөөгө баттым. Мен күнөөлөрүмдөн айрылгым келет, бирок ал мүмкүн эмес. Тунжураган жан дүйнөмдү алаксытуу үчүн дин, философия, достор жана музыка менен алек болдум. Күнөөмдү эстебеске аракет кылдым. Жада калса, орозо кармап көрдүм, бирок ал мени тазалай албады. Менин күнөөм кала бермекчи.*

*Ата эгер сен менин азыркы турпатымды билсен, балким, менин жүзүмдү башка көргүн да келбес беле? Өткөн жылы үйгө барганда, сенин алдында сен каалагандай таза, ыймандуу кыз болуп көрүнгүм келди. Сенин мени менен сыймыктануунду самадым. Бирок өткөн жылы биринчи ирет сага жакын болгум келген эмес. Билем, бул жерде сенин кымындай да күнөөң жок, ата. Мен болгону сенин жанында тургандан уялып жаттым. Эгер сен менден жигитин барбы деп сурап калсаң, эмне жооп айтаарымды билбей корком. Бүт өмүрүмдө сенин мага көңүл бөлүшүңдү каалап келгем, бирок өткөн жазда анте албадым. Сен байкадыңбы?*

*Кечир мени, ата! Сени капа кылып, кайгыга салып, сени уяткарганым үчүн кечир. Чындыгында мен бир гана сага жакындагым келген. Сага жана Кудайга. Бирок мен ал оюмду орундата албадым. Эми сен мени кызым деп атай аласыңбы? Сени уяткарганым үчүн мени кечире аласыңбы, ата? Мен өзгөргүм келет. Мен кайрадан сенин күчтүү колдорундагы сүймөнчүктүү кичине кыз болгум келет. Атаке, мен ишенем, мен канчалык айыптуу болсом да, сен баары бир мени кызым деп мээриминди төкмөксүң, туурабы? Мен көптөн бери сага бул сырымды айта албай жүрөм. Эмне үчүн сен мынча эрте кеттиң, атаке? Эмне үчүн мени менен сүйлөшпөй өтүп кеттиң? Суранам сенден, атакебай, айтчы деги, сен мени кечирип, кызым деп кабыл аласыңбы же жокпу? Мага бир эле жолу жакшы көрөөрүңдү айтып койчу. Отүнөмүн атаке, айтып койчу. Сен мени дагы эле сүйөсүңбү?...*

Калем кыздын колунан кагазга түштү. Ал башын жерге салып кайрадан өксүп ыйлап кирди. Бирок бөлмөдө ыйлап олтурганда ал жалгыз эмес болчу. Анын артында көрүнбөгөн кимдир бирөө бар эле. Ал күнөөкөрлөрдү күнөөсүнөн арылтуу үчүн жана алар Кудайга «Ата» деп кайрылууга үйрөтүү үчүн курман болгон. Ал кыздын артына басып келип, жараланган колун анын далысына коюп; «Ата, жакында бул кыз да Сени «Ата» деп айтат».–деп жогору карап сүйлөдү.

# Кудайдын дачасы

*Мага Кудай даагы бир өзгөчө маанилүү сабакты досум аркылуу көрсөттү.*

*Мен биринчи Кыргызстанда жашап баштаганда жаны Кыргыз тааныш досум биздин үйгө келип аялым көп Америкалык тамак жасап чогу жеп олтурдук.*

*Досум көп жегенден кийин мага тике карап нанын барбы деп сурады. Мен жок деп уялып кеттим көчөгө чуркап барып нан сатып келдим. Андан сон досум мага Кыргыздар нан жебесе тойушпайт деп ачык түшүндүрдү. Кыргыз досум көп күрүч жана эт менен жашылчалар жесе да тойгон жок. Мен тан калып ошол тирүү сабакты жүрөгүмдүн түпкүрүнө алдым.*

*Силер бул турмуштун дасторконундагы нандан көп жеп а бирок Кудайдын руханий дасторконундагы өмүр нанынан жебесенер жанынар тойбойт жана бул дүйнөдөн руханий жагынардан ачка жана кедей кетесинер.*

*Ошол үчүн Ыйса Машайак бул тууралуу мындай айткан: «Өтүп кете турган тамак үчүн аракет кылбагыла бирок түбөлүк өмүр бере турган тамакка умтулгула анткени ага Кудай Ата өз мөөрүн баскан…Анткени ким Асмандан түшүп келип дүйнөгө өмүр берсе ошол Кудайдын наны экен…Мен өмүрдүн наны экенмин Мага ким келсе ачка болбойт жана Мага ким ишенсе эч качан суусабайт.»*



Кыргызстанда кайсы үйгө барбасаңар да, “куттуу үйдөн куру чыкпайт” деп, меймандос үй ээси сизге нан ооз тийгизет. Ал эми сунган нанынан ооз тийбей кетсеңиз, үй ээсин катуу таарынтып алышыңыз мүмкүн. Бирок канткен менен жакшы конок үйүнө көңүлү ток кетет.

Төмөнкү ангемени мага Кыргызстанга жаңы келгенимде эле айтып беришкен. Мунун өзү мен үчүн кыргыз элин да, анын ички, катылган жан дүйнөсүн да дароо туюнткан чоң ачылыш болду.

Менин котормочум кеп козгоп, Кудай бир күнү бардык жерди бөлүп, ар бир элге өз энчисин бергени жөнүндө сөз баштап калды. Ал эми Кудай элдерге жер бөлүштүрүп жатканда кыргыздар бейкапар уктап жатышкан болот. Ойгонору менен, жерден куру калышканына көзү жеткен алар Кудайга барышып, аларга да жер энчилеп берүүнү сураныШкан экен.

— Ошондо Кудайдын эмне кылганын билесизби? – деп сурады котормочум.

— Жок, —дедим бир аз ойлоно түшүп.

А жанымда отурган бир чети момун, бир чети сыймыктуу жаш кыргыз котормочу жигит баянын мындай деп улантты. "Кудай өзүнө, жараткандарына ыракаттанып, эс алгыдай эң бир сонун жерди сактап койгон экен. Бирок жери жок калган кыргыздардын арыз—муңун укканда, ичи элжиреген Кудай айкөлдүгүн көрсөтүп, жанагы Өзүнүн жашыруун эс алчу жайы — дачасын кыргыздарга берүүнү чечиптир. Биз бүгүн жашап жүргөн жерибиз — дал ошол Кудайдын таберик белеги."

Менин жүрөгүм дүкүлдөй баштады. Котормочу оюмду Кыргызстандын кооздугуна бурайын десе керек. Бирок бул ангемени укканымда, жан дүйнөмдө дагы бир нерсе болуп өткөнсүдү. Өз ичимден мен бул ангеменин маңызында катылып турган бир чындык бар экенин сездим. Мен ишенем, ошол учурда Кудайдын Руху мага бул ангемени эч качан унутпа деп жатты.

Ошондон тартып мен ушул жердин да, ушул элдин да Кудай үчүн кандайдыр бир өзгөчөлүгү бар экенин байкай баштадым. Кудайдын Рухун сезе билген ар адам муну Кыргызстандын бардык жеринен көрө да, сезе да алат. Мен да Кудайдын кандай экенин, Ал өз сүйгөндөрүнө өзгөчө, атайын бир белек тартуулай тургандыгын жакшы билем. Ошондуктан кыргыздар чындыгында эле Кудайдын коногу болуп, анын жашыруун эс алар жерин мекендегенин ырастай алам.

Эми болсо силер өзүңөрдөн кандай конок болгонуңарды сурашыңар керек го дейм.

Ал эми суроонорго жооп берерде, өзүңөрдүн Кудай Рухунан үйрөнгөн каада—салттарыңарды: бата тилеп, нан сындырганыңарды, конокко нан ооз тийгизгениңерди, нанды урматтап, ыйык тутканыңарды, нан тууралуу айтылган макал—лакаптарыңарды жана, ар бир даам татканыңарда, нандын ортого коюлгандыгын, эстеп көргүлө. Нандын ар бир кыргыздын дасторконунда биринчи орунду ээлегени, кыргыздын

жашоо—турмушунда ага кастарлоо менен мамиле кылынганы бекер жерден чыккан эмес. Бул салтты силерге Кудай өзү калтырып, Ал өз нанын алдынарга койгондо, силерди ага кантип ыраазычылык келтирүүнү билсин деген. Эми бул мезгил келип калды: азыр Кудай силерге ошол өмүр берүүчү Нанын сунуп турат. А силерчи? Үйүнөрдүн Ээсин, анын силерге сунуп жаткан Нанын кантип кабыл аласынар?

Боордошторум, ушул суроомо жооп бергенинерде, Кудай Сөзүн эсинерге алгыла. Кудайыбыздын Ыйык Сөзүндө Иса Машаяктын: "Мен асмандан келген өмүр Нанымын... Бул Нандан жеген ар ким түбөлүк .өмүр сүрөт..." — дегенин эстегиле." (Жакандын жакшы кабарынан.)

Тургун Кыргызстан! Иса Машаяк азыр аранарда жүрөт. Анын айткандарына ынангыла. Машаяк — өмүр Наны, Андан ооз тийгиле. Шайтан "бул нандан жебегиле" деп алдап кетишине жол бербегиле. Асман Ээси силерди өзүнүн ыйык жерине чакырып жатат; Аны капа кылып албагыла. Бүгүн — Кудайдын Ыйык Руху ата—бабанарга үйрөтүп, калтырып кеткен улуу салтынардын түбөлүктүү максатын эстей турган күн. Кудай силерди өзүнүн ыйык эс алар жайына чакырып, мурдатан сындырылган нанын, силерге сунуп жатат. Эми үйдүн Ээсин сыйлаган конок болуп, өзүнөрдүн салтынар, ата—бабаларынар, Кудайдын Руху үйрөткөндөй анын ыйык Нанынан алгыла.

Дасторконунарга береке берсин!

ББК 84 Ки 7-4
Р-95
Р-95 *Рысбек. Ала-Тоодогу Кырк* ***из. (Ангемелер жыйнагы).*** — Б.: 2000, — 112б.

ISBN 9967-422-10-6

Р 4702300100-2000
ISBN 9967-422-10-6

ББК 84 Ки 7-4
© Рысбек, 2000



# Эпос

Мен бай адаммын, анткени Кыргызстанда жашаганмын. Бул жерден абдан көп нерселерди үйрөндүм. Ошол үйрөнгөн улуу нерселердин бири — миндеген жылдарды камтыган мезгил агымындагы окуяларды тизмектеп, аларды улуу бир каармандын жашоосуна чегерип, баян кылган эпостун өзгөчөлүктөрү.

"Манас" эпосун окуу мага Эгебиз Иса Машаяктын улуу Эпосун мурдагыдан да жогору баалоого жардам берди. Адам жаралганга чейинки заманда бул байыркы Эпос жалгыз чын Кудайдын: "Өзүбүзгө окшотуп адамды жараталы," — деп өзүнө өзү кайрылып, ошону менен өзүнүн не бир кызыктуу көптүк табиятын көрсөткөндүгүн айтат. Анан, Адам ата менен Обо эненин укмуштуудай жаратылганын баяндайт. Андан сон бул түбөлүктүү Эпоста шайтан жылан болуп кубулуп, Адам ата менен Обо энени азгырган кара өзгөй шайтандын башын

тебелеп, жеңиш алып келе турган Обо энеден төрөлүүчү Куткаруучу тууралуу Кудайдын убадасы жөнүндө кабар берет.

Түбөлүктүү Эпостун барактарын ачканда, көз алдыбызга өткөн замандардын пайгамбарлары менен каармандары: азирети Нук, Ибраим, Жакып, Исхак, Исмаил, Жусуп, Муса, Илияс, Дөөт, Сулайман тартылат. Жандуу Эпостогу ар бир пайгамбардын өз тарыхы бар. Алар Кудай өзүн ээрчүүгө чакырган элдин улуу жеңиштери менен оор кайгылары жөнүндө баян кылат. Бирок адамдар Кудайдын Эпосун унутушканда, алардын абалы мурдагыдан да азапка кабылып, ошол муундун эле эмес, кийинки муундун да каны төгүлөт.

Эпостогу ар бир баянда ар кандай заманда жашаган пайгамбарлар адамдарды келечектен үмүттөндүрүп келишет. Алар келе турган жана түбөлүк бийлик кыла турган улуу Хан тууралуу кеп кылышат. Алар келечектеги Куткаруучуну көрүшөт. Ал тургай Кудайдын өз элинин арасында жашаарын айтышат.

Эпостун акыркы бөлүмдөрүндө алдын ала айтылган Машаяктын, келерин жарыя кылган дагы бир пайгамбар келет. Анан, төрт кичине китепте, биз Эпостун өзү адам болгонун көрөбүз. Иса Машаяк ушунчалык жумшак, бирок ушунчалык кудуреттүү жол менен бүтүндөй дүйнөнү астын—үстүн кылат. Ал катып калган диний эки жүздүүлүктүн негиздерин бузуп, ооруулары айыктырып, адамдардан жиндерди кубалап чыгарып, каргыштардан бошотот, жек көрүүнү талкалап, мээрим көрбөгөндөргө мээрин төгүп, Асман падышачылыгынын жакындаганын айтат. Анан улуу даанышмандык, улуу курмандык жана улуу баатырдык менен эч бир пайгамбар же баатыр мурда кылып көрбөгөндү кылат. Адамды Кудай менен бириктирет. Байыркы пайгамбарчылыктардын баарын орундатат. Жалгыз гана Кудай бере алган сыйлыкты адамзатка тартуулайт.

Эпостун эң бир трагедиялуу учурунда алданган адамзат Жаратканына каршы көтөрүлүп, Машаякты айкаш жыгачка керип, мык менен кадап салат. Анын өлүмү тарыхтын эң

карангы жери. Бирок адам баласынын чегине жеткен кыянаттыгына Кудай өзүнүн түгөнбөс сүйүүсү менен жооп берет. Кан синген айкаш жыгач Ырайым менен Жазанын кереметтүү айкалышкан жери болуп калат. Ал эми Иса Машаяк кайра тирилгенде, ажал баатыр–машаяк менен болгон согушта биротоло женилет. Кудай Куткаруучунун курмандыгын кабыл алып, бүтүндөй адамзаттын улуу үмүтү кайрадан жанат. Бул Эпос адамга укмуштай таасир калтыруучу Эпос. Машаяктын өлүмү жана кайрадан тирилүүсү менен бүтүп калганда деле бул Эпос бүткүл тарыхтагы эң улуу эпос болмок. Бирок ал муну менен эле бүтүп калбайт. Окуя андан ары өнүгөт.

Асманга көтөрүлөр алдында Иса өз жолдоочуларына бүтүндөй дүйнөгө, Кудайдын Эпосу менен түбөлүк падышалыгы жөнүндөгү кабарды таратууну тапшырат. Кырк күндөн кийин өзүнүн Рухун шакирттерине жиберип, алар бардык элдердин тилдеринде сүйлөй башташат. Алар Иса Машаяк кылган ажайыптарды кылышат. Ошондон тартып Түбөлүк Эпостун жаңы бөлүгү башталат. Эпостун бүгүнкү күнгө дейре уланып жаткан бул бөлүгүндө сиз да, мен да барбыз.

Азыр да улуу пайгамбарлар менен баатырлар, трагедия менен улуу жеңиштер, кан менен кайгы бар. Карангылыктын үрөй учурган учурлары жана жарыктын улуу убагы да бар. Эпостун агымы болгон Исага ажал дагы деле каршы турууга далалаттанат. Сиз да, мен да Жандуу Эпостун катышуучусубуз.

Бирок Эпосту көңүл коюп окуганыбызда, түбөлүк Эпосто биз душман тарапка өтүп кеткенибизди билебиз. "Манас" эпосундагы кытайларга окшоп, биз башкы каарманга каршы согушуп жатабыз. Өзүбүз анын Руху менен куткаруусунан сыртта калуу үчүн күрөшүп жатабыз. Өз күчүбүзгө ишенип, ушунча текебер болуп динчил кейпин кийип кеткенибизден Манасты өлтүргөн каракытай ханы Конурбай сыяктуу Исага кыянаттык кылабыз. Ооба, Кудайдын улуу максаттарына каршы күрөшкөндүгүбүздөн улам баарыбыз Түбөлүк Эпостун баатыры болгон Исаны өлтүрүүгө катышкандай болобуз.

Кымбаттуу окурманым, аңгемебизди уланталы. Баатыр Иса колунан келсе да бизди жана бизден башка душмандарын да өлтүрбөгөнүн көргөнүбүздө анын улуу Түбөлүк Эпосунун көркөмдүгүнүн дагы бир жаңы жагы ачыла түшөт. Бетине түкүрүп, ал жараткан ажайып жаратылышын талкалап жатсак да, биз менен жоолашкандын ордуна, Машаяк бизге улуу ырайымын, айкөлдүгү менен мээримин көрсөтүп, бизди коргоп шайтан менен согушуп жатат. Кудай дагы эле бизге момундук, сүйүү менен келүүдө. Ал бизди өзүбүздүн жана шайтандын жалганчылыгынан сактагысы келет.

Бактыга жараша, кээ бирөөбүз Алманбет аттуу каракытай улутунан чыккан жоокердей Эпостун чыныгы каармаиы Ким экенин түшүнүп, анын жакшылыгын кабыл алабыз да жамандыкты таштайбыз. Баатырдын ырайымдуулугу жүрөгүбүздү ээлейт. Ошондо Баатыр бизди жамандык менен ишенбестикке каршы күрөштө өзү менен бир болууга чакырат. Анан Баатыр менен болгон достугубуз уламдан улам тереңдеп баратканын байкайбыз.

Бирок айыгышкан салгылашууда биз жердик куралдарды колдонбошубуз керек. Кудайдын берген курал—жабдыктары сыйкырчылыктан да, уудан да күчтүү. Ал бизге кайрымдуулукту, сүйүүнү, тынчтыкты, кечиримди, кубанычты, сабырдуулукту, ишенимди, сыйынууну, ак бата менен акылмандыкты колдонгула дейт. Ошондо согуштун мүнөзү таптакыр өзгөрөт. Кудайдын душмандары бизге жана өздөрүнүн Жаратуучусуна каршы жек көрүүнү, жаман сөздү, жалгандыкты, бычакты, мылтыкты, кылычты, каргыш менен сыйкырчылыкты колдонушу мүмкүн болсо, биз мындай куралдарды колдоно албайбыз. Буга карабастан, биз Иса сыяктуу бекем турабыз. Биз ырайымдын соттун үстүнөн жеңишке ээ болуп жатканын көрөбүз.

Машаякка, Куткаруучубуздун ырайымына каршы согушту дагы деле улантып жаткандар гана тозоктогу жазага тартылышат. Ал эми Баатыр–Машаяк менен бирге болгондордун баарына анын түбөлүк Падышалыгында жаңы өмүр берилет.

Бул чындыгында эле адам баласына берилген эң улуу Эпос. Эпосто камтылган ойдун баарын жакшыраак түшүнүүгө жардам берген кыргыз досторума мен чексиз ыраазымын. Силерден үйрөнгөн нерселер менин руханий дүйнөмдү байытты.

Жандуу Эпостун көөнөрбөс агымы мага жаккандай эле, силерге да жаксын деген тилектемин.

*Мен тарых менен жаңылыкты окуганда тоодогу мусулмандар чөлдөгү мусулмандай ишенип жүрсө каргышка калышат окшойт. Бул заманда тажиктер, афгандар, курттар, кашмырлыктар, Косоводогу албейниялыктар, чечендер да мусулман болуп тоодо жашаса дагы чоочун араб–чөлдүктүн салттарына батты. Ошентип, тескери жолго кетип, согушта жүрүшөт. Кыргыздар да ата–бабалардын динин сатып, согуш журтуна тартып баштаты. Ылдыйга түшпөс үчүн мусулмандардын эң бийик – тоодогу жолун табыш керек дейм. Мен буларды укканда мындай ойго келдим.*

# Тоодогу бала

*Иса аларга айтты: "Ыйык Жазмада мындай жазылганын окуган жок беленер: "Куруучулар жаратпай койгон таш өзү бурчтун негизи (үйдүн түндүгү) болуп калды: муну Теңир кылып, бул биздин көзүбүзгө укмуштуу көрүнөт"? Ошондуктан силерге айтарым, Кудай Падышалыгы силерден алынып, анын жемиштерин берүүчү элге берилет.*

*Бул ташка жыгылган ар ким талкаланат, ал эми кимдин үстүнө ал таш түшсө, аны басып өлтүрөт".*

*Анын нускалуу аңгемесин уккан дин башчылары менен парызчылдар (молдолор) алар жөнүндө каймана айтканын түшүнүштү. Андыктан алар Аны кармоонун аракетин көрө баштаошты...*

*(Матай 21: 42–46)*

Мен төрөлгөн мезгилдин адамдарынын кылып жаткан иш–тери тарыхтын кийинки мезгилинде төрөлө тургандар үчүн эч кандай пайдасы жок болчу. Мен ушундай мезгилде туулуп, эс тарттым. 30– 40 жылдардагы немистер жашаган заман да

ушундай болчу. Алар үчүн Үчүнчү Рейхтин максаттары абдан маанилүү сезилген болсо, азыр дүйнө жүзүндөгү немистердин баары Үчүнчү Рейхтин кылгандарын акылсыздыктын жеткен чеги деп эсептешет. Алардын аталары акыйкатты четке кагып, Германияны жалган осуят—парыздардын негизинде курууга аракеттенишкен. Бирок ошондо кылгандарынын азыр өздөрү үчүн эч мааниси жок.

Көптөгөн адамдар, коммунисттер Кудайды өз коомунун негизинен алып салганда да, так ошондой болгон деп ойлошот. Анан алар Советтер Союзун коомдун эң маанилүү негизи, өзөгү жок эле курууга аракет кылышкан. Демек, Советтер Союзу башынан эле кыйроо жолуна түшкөн болчу.

Мен дагы биздин кылган иштерибиздин баары өзүбүзгө туура болгондой көрүнгөн заманда туулгам. Бирок эми, артыма көз чаптырган сайын, биздин канчалык акылсыз болгонубузду ойлоп, кейигенимен бүрүшө түшөм.

Мен кыргыз болуп, ажайып мекеним Кыргызстандын бийик тоолорунун арасында туулуп өстүм. Жылда биз коюбузду айдап, бийик тоого жайлоого чыкчубуз. Атам боз үйүн эң бир сонун жерге тиге турган. Бирок жыл өткөн сайын ал боз үйдү түндүксүз эле тиге турган болду. Ал ууктардын башын жөн гана бириктирип байлап койчу да эски түндүгүбүз жай бою боз үйдүн нары жагында жатчу. Түндүк үйүбүздүн эң маанилүүсү болуп, биздин төбөбүздө турушу керек экенин билгеңибиз менен, ошол убактагы кыргыздар түндүктү урунбай, таштап коюшкандыктан, атам да ошондой кылган. Биз да буга көнүп калганбыз.

Албетте, биздин боз үй карангы болуп, анча бек турчу эмес. Кимдир бирөө үйдүн жанынан өтүп калса, мен өзүмдү ыңгайсыз сезер элем. Чынын айтканда, боз үйдө көпкө отургум келчү эмес. Мен боз үй кулап кетет деп корко берчүмүн. Үйдүн болгон түйшүгү да түндүгү жок боз үйүбүздүн ичине чогулгансып көрүнчү. Ошентип, мен көбүнчө сыртта болгонду каалар элем. Тышка чыгып, кооз жайлоодо ойноп же иш кылып жүргөнүмдө, керексиздей жерде жаткан түндүктү конторуп

же анын кызыл жыгачтарын тебелеп–тепсегеним эсимде. Жерде жаткан түндүк мага жөн эле кереги жок бир буюмдай көрүнөр эле. Мен аны баалачу да, сыйлачу да эмесмин. Ал эми ал бир нерсенин белгиси экендиги менин оюма да келген эмес.

Убакыт эч өзгөрүүсүз, өз нугу менен өтө берди. Биз жайлуу жайыт издеп, бир жерден бир жерге көчүп, кой кайтарып жүрдүк. Туптунук булак суусунан ичтик. Айылымдын керемет талаасынын данынан жасалган нан жеп, аны өмүрдүн өзүндөй урматтаганга үйрөндүк. Бийик чокулардагы жалгыз карагай мен үчүн өзүнчө бир касиети бардай туюлуп, баш калкалар жайыма айланды. Мөлтүр башаттар өмүрүмдүн булагы болуп, бардык жакшы нерселер алардан келип тургансыды.

Биз руханий дүйнө менен табийгатка жакын элек. Кыйналып, кысталган күндөрүмдө мен бизге жакын бир карагайлуу булакка барар элем. Көйнөгүмдөн бир аз айрып алып, карагайдын бир бутагына байлап, өзүмдүн бардык кайгы, ооруларымды ошол өмүр булагынан өсүп чыккан даракка тапшырчумун...

Асманда каалгып учкан бүркүттөрдөн мен эркиндик менен күч–кубат эмне экенин үйрөнөр элем. Жайлоонун шамалы мени жаны жайытка ээрчитип, жашыл чөбү болсо малга азык болчу. А козулардын бейкүнөөлүгү мени момундукка үйрөттү.

Албетте, кыргыз болуп калганым мага жакчу; мен өзүмдүн берекелүү мекенимди, кыргыз элимди жакшы көрчүмүн. Биз ушунчалык эркин, ушунчалык кайраттуубуз. Менин элим кайрымдуу жана кең пейил, ал жоош болсо да, эч кимден жалтанбайт. Элим динге байланбаганы менен, руханий дүйнөсү бай. Колубуздагы байлык сырткы көрүнүшү менен эмес, ички нарк–насили менен ченелет. Биз меймандос, айкөл жана жумшак калкпыз. Биз үй–бүлөбүз, жолдош–жоролорубуз менен жаратылышка барып, убакыт өткөрүүнү жакшы көрөбүз. Ал эми көнүл ачканыбызда, ыр ырдап, бий бийлейбиз, моокумубуз канганча музыка угабыз.

Бирок элим түндүк көтөрбөй калгандан бери мунун баары өзгөрдү. Биздин айылга чоочун бир молдо келди. Ал айылыбыздагы дүкөндү мечитке айлантты. Бизди болсо үйдүн ичине кирип, кайсы бир чет элдик китепти алып, чоочун бир шаардагы биз билбеген нерсеге бөлөк бир тилде сыйынганды үйрөттү. Ал эми кызыл түндүгүбүз баягы эле жеринде жата берди.

Кийинчерээк молдо бизге орустарды бизди аракечтик менен жалкоолукка көндүргөндүгү үчүн жек көрүп, аларды кечирбешибиз керек деп үйрөтүп, бизди арам кылган колбасаны жебегиле деди. Бирок менин оюмча, бизди колбаса эмес, орустарды жек көргөнүбүз көбүрөөк арам кылды көрүнөт.

Убакыт өтүп, айылым чет элдик окутууну кабыл алып, какыраган кумдуу жерге сыйына баштады. Ошентип, тоодогу карагайлар да жоголду. Биз чөлгө табынып, чөл бизге жакындай баштады. Ал тургай биздин айылдык бир киши, бардык күнөөлөрүн "жууш" үчүн, ыйык чөлдөгү Меккеге барып келди. Бирок, менимче, муну менен ал күнөөсүн эмес, өзүнүн болгон кыргыз дилин жууп салды.

Кайтып келгенинде, ал кыргыздын бай үрп–адаттарынан көрө, бөтөн элдин чоочун салтынан көбүрөөк ыракат алып келгендей көрүндү. Ал үчүн кыргыздын калпагынан чет элдик баш кийим артык эле. Мурдагы кайрымдуулугу менен кең пейилдигинен эч нерсе калбай, баштагы күлгөнү, жылмайганы жана ырдаганы да жоголгон эле. Ал мурункудай кечиримдүү, жоомарт, жаратылышка жакын болбой, бирдеме алып сатуунун эбин жакшы билип калды. Колунданы дөөлөтү көбөйүп, бөтөн динди катуу тутканы менен, анын жан дүйнөсү жарды эле, себеби ал өзүнүн бай кыргыз мүнөзүн сатып ийген болчу. Ошондой кээ бир нарындыктар:

*Арабдардын дини сакталган*
*Аталардын дили сатылган* дешет.

Мен ошондо өзүмдүн кыргыз табиятымдан кол жууш үчүн ыйык чөлгө барбайм деп чечтим. Анын ордуна тоолорго, булактарга жана тоонун энкейишинде турган жалгыз карагайга барып жүрдүм. Жаратылыш менин сооронучум болуп калды. Мага башка улут менен жолуккандан көрө, шамал менен жолуккан жакшы болчу. Мода болгон диний имараттарда калып, ички дүйнөмдү чоочун тартиптер менен карарткандан көрө, бийик тоолуу жайлоодо калып, күнгө карарганым жакшы эмеспи. Мен бай кыргыз дилин эле жакшы көрөм.

Чоочун молдо өзү менен бирге айылыбызга чоочун элдин салты менен динин алып келгенин уланта берди. Биздин аксакалдар менен бирге ал Инжил же Ыйык Китеп деп аталган китепти окуганга же аны үйдө кармаганга тыюу салган тартип киргизди. Ал бизге Ыйса деп аталган чет элдик пайгамбарга ишенген чыккынчылар жөнүндө көп жаман нерселерди айтып берди. Молдо Ыйса пайгамбар Кудайдын уулу болгон эмес деп айтып жүрдү. “Кудайдын адам болушу мүмкүн эмес,” – деди ал. Кыргыздын эски түндүгү болсо калың кардын астында кала берди...

Бактыма, кыш бүтүп, мен кайрадан бийик тоолуу жайлоого келдим. Бир күнү кечинде, биздин айылда болуп жаткан кызык нерселерден алыс жүргөн кезде мен биз жакка келген карышкырды көрүп чочуп кеттим. Ыргып туруп, качып жөнөгөндө түндүккө чалынып, анын айкаш жыгачтарына жыгылып түштүм. Катуу жыгылгандан жылбай жатып калдым. Бетим менен төшүмдө түндүктүн кайчылаш жыгачы менен кызыл боёгунун тагы калды. Түндүк менен мына ушинтип таанышканымдан бүтүндөй денем какшап ооруду. Карышкырдан качканга да, өзүмдү коргогонго да дарманым жок эле. Боз үйдүн түндүгүнө жыгылып, биротоло жеңилгендей болдум.

Ошентип кыймылдай албай жата бердим. Бактыга жараша, карышкыр жакын келген жок. Аны ата-бабаларымдын байыркы түндүгүнөн чыккан кандайдыр бир сыйкырдуу күч кармап тургансыды.

Бүткөн боюм болсо сыздап ооруп жатты. Мен таптакыр кыймылдай албадым. Кыймылдаган сайын оорубаган бир да жерим калбаганын сезилип турду. Ошентип түндүктүн жыгачынан көзүмдү албаган бойдон жата бердим. Өмүрүмдө биринчи жолу боз үйдүн түндүгүнүн ар бир жыгачын денем менен сездим. Жерде калган түндүктүн алдында, анын күчү менен кооздугун сезип жаткандан башка айлам калган жок. Көңүлүмдүн баары түндүктө болду. Андан көзүмдү албай, анын ар бир бөлүгүн карап жаттым. Анын жөнөкөй, бирок кооз жасалганын туя баштаганымда, ал да мени менен сүйлөшкүсү келгендей сезилди. Бул ой адегенде мени чочутканы менен, бир аздан соң түндүктүн мен үчүн жана менин элим үчүн азыр айтайын деп жаткан жандуу кабары бар экенин билип калдым.

Ошол учурда мен өзүмдүн чоң-чоң энемдин түндүк жөнүндө айтып бергенинин баарын эстегенге аракет кылдым. Аны дүйнөгө жарык алып келүү үчүн бизге Кудай берген эле. Бул – боз үйдүн бардыгын бириктирип, кармап турган бөлүгү. Ал асман менен жер кошулган жерди элестетип турат; ал Кудай менен адам бири–бири менен байланышкан жерди билдирет. Ушул атам замандан бери келаткан чындыкты эстегенимде, мен толкунданып кеттим. Бирок бул сөздөр өз оюмдан чыгып жаттыбы же түндүк чындыгында эле бул чындыктарды жүрөгүмө айтып жаттыбы, муну эч айталмак эмесмин. "Түндүк Кудай менен адамдын туташкан жери. Ал ыйык Кудай менен күнөөкөр адамдын ортосундагы арачы", – дедим өзүмчө. Менин ичим уйгу–туйгу болуп кетти. "Мен түндүктөн Кудайга жолукканым чынбы?"– деп ойлодум мен.

Карышкыр болсо дагы эле жакындабай турду. Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн: "Сүйлөшчү мени менен, түбөлүктүү Кудай," – деп кыйкырып жибердим. Кыргыз символунун тегерек элеси оюмду өзүнө буруп, андан жооп күтүп жаткан учурда мага дем алуу кыйын болду. Тегерек түндүк мени менен чеги жок түбөлүктүүлүк жөнүндө сүйлөштү. Кудайдын түбөлүк табиятынын улуулугу менин руханий өлүк жаныма таасир этти. Ал кыргыздын ата–бабалары боло электе жашаган. Кудай ар

дайым болгон жана боло берет. Ал түбөлүктүү, мен болсо өлүү жанмын.

Бул чындык жүрөгүмдүн теренине жетти. Мен кандай гана мыкты нерселерге жетишпейин, канчалык күч–кубаттуу болбоюн, анын баары шамал айдаган чанга окшоп, бат эле учуп кетерин түшүндүм. Мага ошондо жаштар чанда гана түшүнө билген нерсе ачылды: менин өмүрүм бир гана дем экен. Бул чындык мени кыздардын артынан чуркап, өзүмдү коргоп, мактап, материалдык байлыкка умтулуп, бекер кетирген бардык күндөрүм үчүн катуу уялтты. Көрсө, өзүмдүн кыска өмүрүмдө мен кандай гана өкүнүчтүү жоготууларга учурабаптырмын; Тенирдин түбөлүктүү жолдорун түшүнүүгө дегеле умтулган эмес экем.

Денем алсырап түндүк үстүндө туурамдан жатканымда чындык мага айдан ачык көрүнүп турду. Бул менин денем үчүн абдан кооптуу учур болсо да, суусуну каткан ички дүйнөм үчүн акыры таза булак болду. Менин күнөөгө баткан, кир табиятым ушунча тазаргандыктан, рухум Кудай алдында ачылып кетти. Ооба, суусунум түндүктөн келип чыккан чындыкка кангандан кийин менин рухум тириле баштады. Жүрөгүмдүн ар бир кагышы байыркы түндүк менен байланышканын түшүнө баштадым. Түндүксүз мен эч нерсени кыла да, түшүнө алмак да эмесмин, өзүм да эч нерсеге татымак эмесмин. Керексиз буюмдай жерге жыгылганымда денемди ооруткан түндүк эми, ички дүйнөмө чындыкты айтып жатканында, мен үчүн бардыгы болуп калды.

Ошол убакта түндүк баарын бир бүтүнгө бириктирип тургандай эле, асмандагы Кудай да жердеги жана асмандагы бардык нерселерди биримдикте кармап турганын ойлоп кеттим. Мен Кудайга Анын улуу ырайымы менен кылган бардык жакшылыгы үчүн мурда сезип көрбөгөндөй ыраазычылык менен шүгүрчүлүк келтирдим. Ааламды, убакытты жана жаратылышты укмуш гармонияда кармап турганын ойлоп, Кудайды данктадым. Муну башымдан өткөрүп жатканыма ушунча тан калдым...

...Бирок көп өтпөй мен өз элим жөнүндө ойлоп капа болдум. Айылдагы көп нерселердин баркы кетип, ыдырап жаткандыгынын себеби биз түндүктүн улуу акылмандыгынын күндөй жарыгын четке кагып, жарым ай мыйзамдарынын карангылыгына умтулгандыгыбызда экенин билдим.

Көнүлүмдүн баарын түндүк ээлеп алды. Андагы кандайдыр бир нерсе мени өзүнө көбүрөөк тартып турду. Мен анын жыгачынан үч санын көрдүм. Бул бир эле түндүк болчу, бирок үч деген сан анын ыйык символунда өзгөчө күч болуп турду. Бул жөнүндө бир топко ойлонуп турдум. Кээ бир адамдар түбөлүктүү бир Кудайдын үч инсандыгы: Кудай Ата, Кудай Уулу Ыйса жана Кудай Ыйык Рух бар деп айтканын уккан болчумун. Ошондой эле мага адам да үч бөлүктөн: денеден, жандан жана рухтан турганын айтышкан. Эми Кудай менин элиме Анын үч бөлүгү менен адамдын үч бөлүгү чамгарактары үч–үчтөн кайчылашып турган түндүктөн биригерин көрсөтөйүн деп жатты белем? Кантсе да, Кудай ыйык түндүгүбүз менен анын терен маанилүү символикасын менин элиме кандайдыр бир максат менен бергени анык.

Менин көнүлүм кайрадан алдымдагы айкашып турган жыгачтарга бурулду. "Бул айкаш жыгачтын символикалык мааниси жок болду бекен?" – деп өзүмө суроо бердим мен. Буга чейин мен айкаш жыгачты бул орустун белгиси, анын кыргыздарга тиешеси жок деп ойлоп келгем. Бирок бул жерде ал биздин эн байыркы символубуздун так ортосунда турган.

"Ыйса пайгамбар айкаш жыгачта өлгөн, бирок эмне үчүн Ыйсанын ошол айкаш жыгачы биздин кыргыз түндүгүнөн орун алган? Бул эки зор символдун чын эле биримдиги барбы?" – деп ойлонуп жаттым ичимен. Ошол кезде башымды ооруткан сырларга түшүнүү үчүн мага байыркы кыргыз жөндөмүнүн баары керек болду.

Символдор, Ыйсанын айкаш жыгачы жана биздин түндүк жөнүндө ойлонуп жатып, Ыйса жөнүндөгү кинофильм, анын айкаш жыгачтагы өлгөнү эсиме түштү. Ал толук бойдон адам, ошол эле учурда толук бойдон Кудай болуп эсептелген

Машайак экендигин айтышат. Бул ой мени эстен тандырды. Муну элестетүүнүн өзү коркунучтуу болду. Мындай ойдон мен ката түштүм. "Ыйык Кудай чын эле адам болдубу? Чын эле Кудайдын үч бөлүгү адамдын үч бөлүгү менен бириккенби? Чын эле түндүк менин элим эч качан ойлонуп көрбөгөн нерсе жөнүндө айттыбы? деген ой кетти. Акыл–эсим мурда эч кандай түшүнүгүм да жок сырларды билүүгө умтулуп жаткан кезде, мен бүт денеме тарай баштаган жаңы күч менен ишенимди сездим. Ошондо Кудайдын колунан келбеген нерсе жок экен деген ишеним келди. Бирок Кудай адам боло алат беле? Кудай адам болду беле?

"Таң каларлык!" жүрөгүм көз ирмемге токтой түштү. "Түндүк" – бул жер менен асмандын биригкен жери да! Ыйса, Машайак, Кудай менен адамды бириктирген! Ыйса түндүктүн ыйык маанисинин ишке ашканы боло алабы? Мен ушул нерселер жөнүндө ойлонуп жатканда, түндүк менен Ыйса мен үчүн бир бүтүн болуп калды. Машайак менен түндүк эң жогорку ыйыктыкка ээ. Аларды эми оюмда экиге бөлө албай калдым. Көпкө дейре мен бул нерселерди ойлоп, алдымда жаткан айкаш жыгачты карап калдым, анан бир маалда кыргыз боз үйүнө, анын жогору жагынан түшкөн күндүн жарыгы сымал жарык менин жүрөгүмө толо баштады.

"Ыйса, Ыйса, Ыйса Машайак," – деп кыйкырдым. Жүрөгүм дүкүлдөп, араң дем алып калдым. Биздин кыргыз пайгамбардын сулуулугу жан дүйнөмө жарыгын төгө баштаган учурда мени каптаган сезимди түшүнүү мүмкүн эмес эле. Мен аны көп убакыт бою тоготпогонум үчүн уялып кеттим. Мен жашоомду эмне кылгам? "Ыйса мен сага туура эмес мамиле кылгам. Суранам, кечир мени," – деп сурадым. Карышкыр ырылдап артка жылды, бирок бу жолу мурункудан да ачуулуу экени билинди. Бирок менин көңүлүм түндүктүн айткандарына ушунчалык бурулгандыктан, карышкырдан коркконум менен денемдин ооруганын такыр сезген жокмун. Бул менин чын эле руханий тазалануум сыяктуу болду. Ички жаман каалоолор, аракет сезимдер токтоду. Өмүрүмдө биринчи жолу менин ички

рухум Кудайдын Рухунун алдында ачылды. Мен өзүмдү чыныгы мусулман катары сездим, эреже боюнча мусулман эмес, бирок түндүктүн чындыгы менен Кудайдын рухуна туура келген мусулман болдум.

Анан түндүктүн айкаш жыгачындагы кызыл боёк мага кан болуп көрүндү. Белгисиз сырларды түшүнө алган, кайрадан жаралган ички кыргыз дүйнөм менен түндүктөгү кызыл боёк эмненин символу экенин түшүнө койдум. "Ыйсанын каны" дедим мен. "Машайак айкаш жыгачта өлүп, аны Өз каны менен боёгон. Ооба, Кудай – адам мен үчүн курман болду. Мен жаза тарта турган күнөөкөр болчумун. Бирок анын ордуна Анын каны айкаш жыгачты кызылга боёп, ошол аркылуу булганган жан дүйнөмдү аппак кылып тазалады.

"Менин Кудай Эгем Ыйсанын Каны," – дедим дагы. – "Сен мени күнөө менен жазадан бошотуу үчүн адам болуп, айкаш жыгачта өлгөн түбөлүктүү Кудайсың. Бул Кудай менен менин ортомдогу Машайактын каны. Ал – арачы. Ыйык Теңир менин күнөөкөр жанымды тозокко салайын деп жатканда, Ал менин күнөөмдү эмес, Ыйсанын каны менен курмандыгын көрөт." Мен муну чоң таң калуу жана терең ыраазычылык менен мойнума алдым. "Ыйса, Сен, биринчи Курман айтсың (курмандык козусун), Кудайдын укмуштуу мээримисиң. Сага, чоң ырахмат," – деп сыйындым. Ошол кезде мени түндүк сырдалган кызыл боёк башкарып турган.

Анан мени качандыр бир билүүгө туура келген чоң сүйүү каптады. Бул мага түшкөн сүйүү менен Кудайдын Руху болчу. Ал ичиме толуп, сыртыма чыкты. Мен анан түрмөдөн бошогон туткундай, өлүм жазасына тартылып, бирок өмүрү кайрылып берилген адамдай ыйлап кирдим. Жан дүйнөм чыныгы нооруз – жаңы жылды майрамдап жатты. Мен ички дүйнөмдөгү өзгөчө бакыт менен эркиндикти сездим. Кечирилип, тазаланганымды билгеним мени толкундатып, кубаныч менден төгүлүп жатты. Менин жан дүйнөмө Теңирибиздин сүйүүсү толду. Мен биздин кыргыз Ыйсабызга ишенгенде Ал мени кабыл алды. Мен дүйнөдөгү эң эркин жана эң бактылуу адам болдум. Кудай

мени Өзү үчүн куткарып алып, шайтандын тозогунан аман алып калганын жан дүйнөм билди. Ал мени бошотту, ооба, ал мени бошотту. Биринчи жолу өмүрүмдө мен чындап эркин болдум. Мен толук өзүм менен өзүм болдум. Мен кыргыз болдум.

Асман менен жер түндүктө бириккендей, мен дагы, адам, Кудуреттүү Кудай менен Ыйсада бириктим. Бул менин жашоомдогу эң улуу күн болучу. Мен эч нерсе кылган жокмун. Эч кандай эрежелерди аткаруунун, шан – шөөкөттөрдү өткөрүүнүн кереги жок болду. Жөн гана түндүккө жатып алып, мага ачылган Кудайдын кайрымы менен курмандыгына ишендим. Анын сүйүүсү менин жүрөгүмдү ээледи. Мен Кудай үчүн кылбай турган эч нерсе калган жок. Өмүрүмдүн баарын Ага арнадым, эми Ага түбөлүк кызмат кылам.

Кыргыз экенимди билүүнүн укмуштугу жана түндүк сыяктуу күчтүү символго ээ экенимди түшүнүү, мени таасирлентти. Мен өз улутум үчүн мурдагыдан да сыймыктанып калдым. Бизге болгон таң каларлык ырайымы үчүн Кудайга ыраазымын. Ооба, бардык уулу элдер жердеги байлык менен данкты дүйнөдөгү түйшүгү бүтпөгөн өлкөлөрдүн борборунан издеп жатышкан учурда, асман байлыктары дүйнөнүн алыскы бурчундагы бийик тоолуу жайлоолордун шамалы менен суугуна коркпой каршы турган унутулган элдердин байыркы маданиятында катылып жатат. Ооба, Кудай – бул улуу дегендерди уят кылуу үчүн кичинекейлерди тандап алуучу Кудай. Ошондуктан Ал кыргыз элин кандайдыр бир өзгөчө максат менен тандап алган.

Мен өзүмчө кубанып кеттим, анткени Кудайдын байлыктары адам байлыктарына караганда канчалык айырмалуу экенин түшүнгөн элем. Анан бүт дитим менен жерде калган түндүктүн түбөлүктүү кабарына кулак төшөөнү уланттым.

Силер мен айтып жаткандарды түшүнүп жатасыңар да, чынбы? Мен элим кийин өкүнүп кала турган иштерди жасап жаткан учурда өсүп чоңойдум. Асман менен жердин чыныгы түндүгү болгон Ыйсаны коомубуз чаап, жерге таштаган

учурда тарбияландым. Бирок ансыз биздин коом – биздин боз үй дайыма кулап кетчүдөй, караңгы, азаптуу жана каргашалуу болот. Эркектер таянар нерсеси жок өлүп, аялдар болсо короосу жок талаада калышат. Ыйса – түндүксүз биздин эл эч качан Кудайдын насибин, жарыгы же түбөлүк өмүрүн көрбөйт. Машайаксыз Кудайга чын жүрөгүбүздөн кызмат кыла албагандыктан, биз эч качан нукура мусулман боло албайбыз. Ооба, Ыйсасыз биз эч качан Кудайга болгон таза, өзүмчүл эмес сүйүүгө ээ боло албайбыз.

Муну силер "түндүк түшүп", басып калганга чейин түшүнгөнүнөрдү каалар элем. Мен өз элимди сүйөм. Ошондуктан биз жок болушубуз мүмкүн деген ой мени коркутат. Эгердє тобо кылбасак түндүк төбөбүздөн түшүп, бизди тирүү калтырбасын түшүнбөйсүнөрбү? Ыйса асмандан кайтып келе жатат, жана Аны чангандын баары өз күнөөлөрү үчүн тозоктун түбөлүк каргышында өздөрү жаза тартат. Тозоктогу кыргыздар – азыр кабыл алып жаткан чечимдери үчүн өзүн өзү жек көргөн адамдар болот. Мени жакшылап түшүнүүнөр үчүн аңгемемдин аягына чыгууга уруксат этиниздер.

Кыргызстандын үстүнөн күн көтөрүлгөн кезде, мен түндүктүн үстүндө мага ырылдап турган карышкырдын бет алдында жаткам. Бирок мен Улуу Жараткандын көзөмөлүндө тургандыктан коркунучта эмес экенимди билгем. Ошондой эле кереги жок болуп калган түндүктү өз ордуна коюу убактысы келгенин да билгем. Мен Кыргызстандын чыныгы түндүгүн көтөрүшүм керек. Менин элим Кудайды издеп өйдө караганда, Аны асмандын символу болгон чагарак ичиндеги кесилиш аркылуу көрүшсүн. Кудайыбыз бизге буюрган насипке каршы чыккан карышкыр, чет элдик молдо жана башка адамдардын ар кандай каршылыгына карабай, Өзү чакырып, түндүктү көтөргүлө деп жаткан бул ишине Кудай күчү менен батасын берерин мен билгем. Элимдин мен ошол күнү түндүктөн тапканыма тең келе турган башка баалуу нерсеси жок. Ал боз үйдүн бизди жок болуудан сактап кала турган бөлүгү. Ал гана

бизди бириктирет. Биз мындан ары Кудайдын мындай баа жеткиз белегине көз жуумп коё албайбыз. Ооба, түндүктүн үстүндө жатып, Кудай – адам аркылуу Кудайга жолукканымдан кийин, менин элим Теңир үчүн өзгөчө эл экенин билдим. Эгерде мындай болбосо, Кудай эч качан менин элиме мындай сонун символду бермек эмес.

إِنَّ الْمُتَّقِينَ فِي مَقَامٍ أَمِينٍ ﴿٥١﴾

*(Чындыгында, кудайынан сестенген – ишенимдүү, куттуу жайда жатышат.)*

# Суу менен жарык

Кудай Кыргызстанга шаркырап, тынбай аккан суулары бар залкар тоолорду белек кылган. Кыргыздар болсо Кудайдын тартуусун туура пайдаланып, гидроэлектрдик кубат берүүчү көтөрмөлөрдү курушту. Ошентип Кыргызстан электр энергиясын өндүрүп чыгара турган болду. Тоолорду, сууну жана гидроэлектростанцияларды пайдаланып, силер Борбордук Азияны жарык жана суу менен камсыз кыласыңар. Мунун баары буга чейинки тагдырыңардын бир бөлүгү болуп келди. Эми болсо бүгүнкүңөр менен келечегиңерди ойлонор мезгил келди.

Кудайдын тартуусу болгон суу менен жарык Кыргызстан рухий дүйнөдө кандай болорун көрсөтөт. Машаяк жолуна түшкөн бардык адамдардын, алардын ичинде силердин да, бул караңгы дүйнөдө кандай милдет аткарарыңар тууралуу Иса эмне деп айткан, ошого кулак салсаңар:

*"Силер дүйнөнүн жарыгысыңар. Тоо башында турган шаар жашына албайт. Чыракты тамызып, анан дагыра менен бастырып коюшпай, ачык көрүнө коюшат жана ал үйдө отургандардын баарына жарыгын чачат. Ошонун сыңарындай силер да адамдарга жарыгыңарды чачкыла,*

*алар силердин жакшы иштеринерди көрүп, асмандагы атаңарды даңкташсын."*

*(Матайдын жакшы кабары: 5—бөлүм).*

Кудайды издеп, Анын Сөзүн окугандар Иса дүйнөнүн жарыгы болуп, чаңкаган адамзатка өмүр суусун берип жатканын билишет. Ал силерди, кыргыз элин, өзүнө чакырганы да көбүнө маалым. Муну чындап изденген ар бир адам көрө алат. Эми болсо Кудай өзү бүткүл Борбордук Азияга жарык болушуңарды каалайт. Ал бизди кагырап, суусуну катып турган бул күнөөкөр дүйнөнү өзү менен бирге сугарууга чакырат.

Караңгы дүйнөгө, тозок отуна түшүп бараткан адамдарды көрүп, Кудайдын мээрман жүрөгү сыздап жатат. Силер жаныңардагы адамдардын жалган ишеними менен жалган көз караштарынын кумдуу чөлүндө куруп баратканын көрбөй жатасыңарбы? Алар чындыктын жарыгына, өмүрдүн суусуна муктаж. Азыр болсо Кудай силерди, кыргыздарды, алардын кем—карчын толтурууга чакырып жатат. Ооба, силердин улуу тоонордон да бийик, суунардан да таза, гидроэлектрстанцияларыңардан да кубаттуу максатыңар бар. Бирок Кудайдын чакырыгына үн кошууга батынчу кайратыңар барбы? Кудайдын дарылык күчүн Борбордук Азияга жеткиргенге акылмандыгыңар жетеби?

Иса Машаяк канткенде өмүр суусу ичибизден ага баштарын, анын берген өмүрүн ушул кагырап жаткан дүйнөгө жеткирип, максатыңарды иш жүзүнө ашыра аларыңарды айтып жатат:

*"Ыйык Жазмаларда жазылгандай, ким мага ишенсе, анын ичинен жүрөгүнөн өмүр берүүчү суу ташкындап агат..." Иса бул сөзү менен ага ишенгендер кийинирээк кабыл ала турган Ыйык Рухту айткысы келген."*

*( Жакандын жакшы кабары 7: 38—39).*

Анын чакырыгына жооп берип, Кудай силерди кандай жаратса, дал ошондой боло аласыңарбы? Туура жолго,

чындыкка, өмүргө жетиш үчүн Кудай элиңердин ичине калтырган табигый белгилерди туу тутасыңарбы? Байыркы Ибраим, Жакып, Муса, Дөөт (Даут), Сулайман, Иса жана башка пайгамбарлардын жазгандарын жүрөгүңөр Кудайдын жүрөгү менен бирдей согуп жатканын сезип—туймайынча окуйсуңарбы? Же Кыргызстандын максатына балта чаап, Кудайдын чакырыгын кулагыңарга да илбей коёсуңарбы? Тоолоруңар кыйрап, ылдый агып кетишине, жериңер талкаланып, элиңер жок болушуна жол бересиңерби? Силер муну эбактан бери эле кыла баштагансыңарбы деп корком. Татыксыздыгыңардан улам, силерге келген чакыруу башкаларга берилип калбасын.

Ушуларды сурап жатып, силер Исаны ээрчийсиңер деп үмүттөнөм. Кудай буюруп, бүгүн жаңы күн башталды. Башыңарды көтөрүп, бек ишеним менен алга кадам таштап, ишке киришкиле. Тагдырыңар Машаяктын колунда. Ал кураган, чаңкап жаткан дүйнөнү өзгөртүп, суусунун кандырат.

# Ак калпак

وَإِذْ أَوْحَيْتُ إِلَى الْحَوَارِيِّينَ أَنْ آمِنُوا بِي وَبِرَسُولِي
قَالُوا آمَنَّا وَاشْهَدْ بِأَنَّنَا مُسْلِمُونَ ﴿١١١﴾

*Анан Иса эл менен Өз шакирттерин чакырып алып, аларга мындай деп айтты: "Ким мени ээрчигиси келсе, өзүн–өзү жаратпай койсун да, өзүнүн айкаш жыгачын көтөрүп алып, Мени ээрчип барсын; анткени ким өз өмүрүн аяса, ал аны жогот; ал эми ким өз өмүрүн Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн жоготсо, ал өмүрүн сактап калат; эгер адам бүт дүйнөгө ээ болуп, өз жанына зыян келтирсе, кандай пайда ага? Же өз өмүрүн куткарып алуу үчүн адам кандай кун төлөй алат? Деги кимде–ким мына бул бузуку жана күнөөлүү уруунун арасында Менден жана Менин сөзүмдөн ыйбаа кылса, Адам Уулу да, Өз Атасынын даңкы жана ыйык периштелери менен келген кезде, ыйбаа кылат.*

*(Марк 8:34–38)*

Абдулла ажыда адамга анча билинбеген күнөөлөрдүн бири бар болчу. Бул ичкилик ичүү, калп айтуу, уурулук кылуу же башкаларды алдоо өңдүү ачык—айкын күнөө эмес эле. Анткен менен бул күнөө анын бүт оюн башкарып, жандүйнөсүн кара булуттай каптап алган.

Абдулла ажы таң аткандан күн батканга чейин ыйык топусун башынан түшүрбөй, Кудай тааланын үйүн карап сыйынган такыбаа мусулмандардын бири эле. Ал намаздан такыр

калчу эмес. Такай орозо тутуп, улуу Курман Айтта дайыма кой союп, кайыр садага сурагандардан аянчу эмес. Бир нече жолу ажыга барып келген. Үй—бүлөсүндө да ынтымак өкүм сүрүп, ишкердүүлүгүндө жолу болуп турган.

Бардыгы ойдогудай эле. Тек алиги күнөө күндүр—түндүр жүрөгүн өйүп, коркунучтуу ойлорду туудура турган болду. Акыретте бейиштин төрүндө же тозоктун түбүндө, кайсынысында болорун Абдулла билген эмес. Ал жанталашып, жооп издегени менен, Курандан да, динден да түбөлүк тагдыры жөнүндө эч нерсе таба албады. Ооба, өзүнүн Куранды мыкты билген таза араб, Мухаммеддин тукуму болгондугуна жана шариятты катуу кармаганына карабастан, анын жаны жай таппай, тозоктон кутуларына көзү жетпей жүрдү.

Абдулланын өмүрлүк жары мандайынан нуру төгүлгөн сулуу аял болсо да, ал башка аялга болгон жанкумарына жетеленип жүрдү. Абдулла менен Хамид башында кошуна турушуп, бара—бара жакын дос болуп калышкан. Эки үй—бүлө чоң майрамдарды чогуу тосушчу. Хамиддин жубайы Фатима дайыма жүзүн кара паранжа менен жаап жүргөндүктөн, Абдулла аны чанда гана көрө алчу. Хамид менен Фатима баш кошушкандан кийинки сегиз жыл ичинде Абдулла Фатиманын жүзүн бир нече ирет эле көрдү. Анткен менен ошол учурлар Абдулланын дале эсинде.

Көптөгөн кишилерге паранжа жамынган аялдын кебетеси өөн учурашы мүмкүн. Көпчүлүк эркектерге ал Кудай жараткан ажайып табийгаттын үстүнө түшкөн такты, эч көркү жок, формасыз мүшөктү элестетет. Бирок араб эркеги паранжа алдындагы перинин ар бир сулуулугун таба билүүнү үйрөнгөн. Абдуллага паранжа Фатиманын ийиндерине кантип кийилип тургандыгы да жакчу. Фатима өзүнүн аялдык сымбатын көрсөтүү үчүн боюн дайыма түз кармачу. Анын баскан—турганында жаштыктын эрке мүнөзү байкалып турчу. Чүмбөттүн астынан жымыңдаган капкара көздөрү мүрөк суусу аккан булактын көзүнө окшоп турар эле. Фатиманы ойлогон

сайын Абдулланын жүрөгү элеп—желеп болуп, жанын коёрго жер таппай кетчү.

Хамиддин үйлөнгөнүнө сегиз жылдын жүзү болсо да, ушул убакыттын арасында Абдулла Фатима менен бир да жолу бетме—бет көрүшүп, сүйлөшкөн жок. Жада калса аны менен бир бөлмөдө бир мүнөттөн ашык убакыт да бирге болгон эмес. Ал эч качан анын кызыл ашыгын, жүзүн же чачтарын көргөн эмес. Абдулланын өз жубайына окшоп, Фатима да ар дайым кара паранжа жабынып, капастагыдай катуу көзөмөлдө болчу. Хамиддин үй—бүлөсү Абдулланын үйүнө келген учурларда, Фатима дароо аялдар бөлмөсүнө бет алчу. Ал жакта аны Абдулланын аялы күтүп турчу. Катуу эрежелерден түзүлгөн дин адамдарды арам кумардан кармоого абдан ылайыктуу эле. Бирок Абдулланын бузулган жан—дүйнөсүнөн ушунчалык чоң азгырууну алып таштаганга диний эрежелердин алы жетмек эмес.

Албетте, кошунасынын аялына болгон ышкысы күчөгөнүнө карабастан, Абдулла башынан ак топусун түшүргөн жок. Ал кээ бир досторунун башка аял алганын же сойкуларга барып жүргөнүн билчү. Ал турсун кээ бирөөлөрү, саякаттап жүрүшкөндө, үйдөн алыстап кеткенде күнөө кылбайлы деген шылтоо менен убактылуу аял алып, актанышчу. Алардын баары эркектерге мындай иштерди кылганга уруксат дешчү. Бирок муну менен алар өздөрүн башкарган алсыздыгын гана жымсалдап жатышканын Абдулла жакшы биле турган. Абдулла аларга окшогусу келбеди. Ал тек гана Кудай алдында ак болгусу келген. Бирок Фатимага болгон ашыктыгынан анын ниети бузулуп, ойлору кишенделди. Абдуллла өзүнүн адашкан акыл—сезимин башкара албай жүрдү.

Ал самаган нерселеринин иш жүзүнө ашканын элестетип, узакка чейин отура берчү. Бирок оюна кыяматтагы сурак күнү келгенде, Фатиманы энсегендиги үчүн эле жазаланарын билип, бүткөн боюн коркунуч каптачу. Тозокко түшүү жөнүндөгү ой Абдулла үчүн жүрөгүнүн үшүн алган жалгыз чоң коркунуч эле. Күнөөнү каалагандыгы үчүн эле тозоктун отуна татыктуу

экенин ал жакшы билген. Тозок жөнүндөгү ойлор акыры ага күн көрсөтпөй калды. Ошондуктан ал мурдагыдан да катуу жанталашып, өзүнүн суроолоруна жооп издей баштады.

Күнөөлөрдөн чындап арылып, бейишке барарына ынандыргыдай далил издеп жүрүп, ал акырындык менен Курандагы эн улуу жана кудуреттүү пайгамбар Иса экендигине көзү жетти. Куран азрети Исаны өмүр жаратуучу жана өмүр берүүчү кылып көрсөтөт. Куранда Иса пайгамбардын Кудайга баарынан жакын туруп, адамдарды дарттарынан айыктырып, ичиндеги кара күчтөрдөн бошоткон Машаяк болгону айтылат. Ушунчалык кайрымдуулук, акылмандык менен күч—кудурет көрсөткөн дал ошол Иса пайгамбар эле. Башка пайгамбарлардан айырмаланып, Иса пайгамбар эч качан колуна кылыч да алган эмес.

Мунун баары Абдулланын аябагандай тынчын алды, себеби арабдар Исаны чоочун пайгамбар дап, четке кагышкан эле. Анткен менен арабдардын Куранында ал эн күчтүү жана мээрман пайгамбар катары сүрөттөлөт. Демек, чындыгында азрети Иса арабдарга чоочун болуп, алар тарабынан четке кагылбашы керек. Куранды окуп отуруп, бара—бара Абдуллада Иса пайгамбардын ага жардам бергенге кудурети жетер деген үмүт пайда болду.

Убакыт өткөнү менен, Абдуллада Иса пайгамбардын чыныгы инсандыгы жөнүндө күрөш токтободу. Тилекке каршы, анын дини Исаны таанып—билбеген бойдон калтырганын Абдулла сезип жатты. Куран мусулмандарды Ыйык Китептин адамдарынан (еврейлер менен машаяктардан) үйрөнүп, Мусанын Тооратын, Дөөттүн Забурун жана Исанын Инжилин окууга үндөгөнү менен, алардын ыйык китептерин Аравиядан табыш мүмкүн эмес. Ал эми аларды сураганга батынган ар ким өз ата—бабаларына, эл—журтуна, динине саткынчылык кылган болуп эсептелет. Ырас, Аравияда Иса пайгамбарга ишенүүгө ушунчалык катуу тыюу салынгандыктан, ал жөнүндө жөн эле суроо берүү да сенин жердеги өмүрүндү ойрон кылууга жетиштүү.

Андыктан Абдулла дин мыйзамдарынын катуу көзөмөлүнөн алыс жерден Иса пайгамбар жөнүндө көбүрөөк түшүнүк алуунун эн бир сонун планын ойлоп тапты. Кардарларынын көпчүлүгү Орусиядан келип жүргөндүктөн, Абдулла орус тилин жакшы өздөштүрүп алган болчу. Албетте, арам болуп кетүүдөн, же болбосо өзүн же үй—бүлөсүн жаман аттуу кылуудан коркуп, ал эч качан Орусияга же исламды тутпаган башка өлкөгө бармак эмес. Ошон үчүн ал аз да болсо али чыныгы эркиндиги бар, Кыргызстан аттуу алыскы, жарды, кичинекей өлкөгө "иш боюнча сапар" тартууну чечти.

Кыргызстанга келгени, Абдулла дароо эле көпчүлүк кыргыздардын диний топу кийишпегенин байкады. Анын ордуна алар ак, кара түстүү, узун баш кийим кийишет экен. Аравиядагы достору ага кыргыздардын шариятты кармашпай, чыныгы мусулман болбогонун айтышкан эле. Бирок ансыз деле бейишке барайын деген же өзүн мусулман атаган бирөөнүн касиеттүү араб топусунун ордуна башына башка бир нерсе кийгенин Абдулла элестете алмак эмес.

Абдулла өлкөнүн баш калаасы, Бишкектен бир мейманкана таап, орун алары менен эле максат кылган чыныгы "иш сапарын" ишке ашырууга жөнөдү. Ал шаарды аралап, бир кичинекей дүкөндөн орус тилинде жазылган Ыйык Китепти (Библияны) сатып алды. Бул ыйык китептеги байыркы чындыктарды окуп, Иса пайгамбар жөнүндө көбүрөөк билүүгө ынтызар болгону менен, ал эски славян тилинде жазылган сөздөрдү эч түшүнө албады. Ошентип, тилекке каршы, Ыйык Китептин көпчүлүк жеринин маанисин түшүнгөн жок.

"Иш сапарын" текке кетиргиси келбеген Абдулла араб адамынын дегеле оюна келбей турган нерсени кылмакчы болду. Ал, Куранда айтылгандай, Ыйык Китеп адамы менен сүйлөшүп, андан үйрөнүш үчүн, Исанын жок дегенде бир жолдоочусун тапканы жөнөдү. Көп өтпөй, ал сейилбакта, көк чөптүн үстүндө тегерете олтурушкан кыргыздарды көрүп калды.

Алардын арасында эркектери да аялдары да бар эле. Бакта жүргөн башка кишилерден айырмаланып, алар ортодо ачылып коюлган китепти тегеректеп олтурушкан экен. Асмандан издегени жерден табылгандай, кандайдыр бир ички сезими менен Абдулла бул кишилер Курандан өзү окуган китеп кармаган кишилер экенин туйду.

Ал ак калпак кийген кишиге жакындап келип, аны менен орусча саламдашты. Абдулла ачык адам болгондуктан, таанышар замат эле ак калпакчандан алар эмне кылып жатышканын жана, мусулман болуп туруп, эмне үчүн Исанын жолуна түшкөнүн сурады. Абдулланын укканы не бир сонун, укмуш кызык окуя эле; мындай окуяны Исага ишенген ар бир кыргыз айтып бере алат болуш керек. Кыргыз киши өзү жөнүндө чоң эргүү менен толкундана айтып олтурду. Анын тунук көздөрүнөн чыныгы ишеним менен зор боорукерликтин нуру көрүнүп турду. Кудайдын түгөнгүс сүйүүсү анын бүт жандүйнөсүн өзгөрткөнү даана байкалып турду. Абдулла кунт коюп укту. Ушунчалык таза, бирок жөнөкөй ынанымы бар адамды ал өз өмүрүндө бир да жолу жолуктурган эмес эле. Ал кишинин Кудайга жана Кудай Сөзүнө болгон сүйүүсү ушунчалык ачык—айкын көрүнүп тургандыктан, Абдулла: "Бул киши мен издеп жүрүп, акыры тапкан биринчи чыныгы мусулман болуп жүрбөсүн," — деп ойлоп кетти.

Албетте, Абдулла ушул араб эмес кишинин алдында өзүн— Мухаммеддин урпагын, Ибраимдин уулун — уятка калтыргысы келбеди. Ошондуктан Абдулла анын өз динин сатып, ата— бабаларына чыккынчылык кылгандыгын айыптап, бушайман кылмакчы болду. Бирок бир топ жылдан бери өз элинен кордук көргөн кыргыз киши Абдулланын шылдыңына даяр болчу. Ал эч камырабай калпагын башынан алып, аны Абдуллага көрсөттү.

"Бул менин ата—бабаларымдын байыркы белгиси. Ал бизге ким экенибизди эскертип турат. Сиз билгендей, биз тоо арасында, асманга жакын жашайбыз. Ошондуктан биз

тоолорду ыйык тутабыз. Сиз, араб болгондуктан тоолордун ыйык экендигин билет болушуңуз керек. Көп пайгамбарлар Кудайдын улуу аяндарын тоодон алышкан. Бул бийик ак калпак бардык кыргыздарга биз жашаган ыйык тоолор жөнүндө, Кудайдын адам баласына жакын экендиги жөнүндө эскертип турат.

Сиз ошондой эле Нук пайгамбардын кемеси тоого келип токтогонун да билерсиз. Кемеден чыкканда, ал ошол бийик тоонун чокусунда адал малды Кудайга курман чалган. Улуу Ибраим пайгамбар да тоонун башынан өз уулун курман чалмакчы болгондо, Кудай аны токтотуп, ордуна мыкты курмандыкты берген. Ал эми улуу пайгамбар Иса да бийик дөбөнүн үстүндө курман болгон. Анын курмандыгы — эң акыркы курмандык болчу. Бул анын улуу курмандыгынын ыйык калпактын төбөсүнө түшкөн ыйык белгиси.

Иса пайгамбарды Кудай-таала биз үчүн курман болсун деп жибергенин эстеңиз. Ал биздин бардык күнөө каргыштарыбызды өзүнө алган. Күнөөбүздөн арылып, Кудай алдында ак болушубуз үчүн биздин ордубузга жазага тартылган. Кыргыз калпагын дагы бир жолу карап көрүңүз. Калпактагы курмандыктын белгиси — андагы кара түс, анткени Иса биздин карарган күнөөлөрүбүздү мойнуна алган. Кара белгинин асты жагы — ак кийиз. Айкаш алдында турган ар ким, демек, Кудайдын берген сыйлыгына ишенген биз баарыбыз — акталганбыз. Ал бизди акка кийиндирди. Биздин актыгыбыз — өзүбүздүн кылган иштерибизден эмес, Кудайдын түшкөн мээри менен анын биз үчүн кылган ишинен. Исанын курмандыгынын кара белгисисиз адамзат үчүн эч акталуу жок," — деди ал, кыргыз калпагын өйдө көтөрө.

Анан ал токтолуп, мусулман дүйнөсүнүн улуу сырларынын бирин ачканы жаткансып, абдан олуттуу боло түштү. Дүкүлдөп соккон жүрөгүнө үн кошконсуп, кыргыз киши акырын сөзүн улады: "Сиз мени түшүнүп жатасызбы, Абдулла? Мен Ибраим атабыз жөнүндө айтканым эсиңиздеби? Ал тоонун башынан биринчи болуп курман айт козусун сойгон эле. Биринчи

курман айт козусу Ибраимдин уулунун ордуна чалынган болчу; козу мууздалып, Ибраимдин баласы аман калган. Иса Машаяктын жаны кыйылганда, ал акыркы Курман айт козусу болду. Ал өлгөндө, сиз экөөбүз куткарылганбыз. Ак калпак — ошол улуу курмандыктын белгиси. Исанын өлгөнүн курман айт дегеним мына ушундан, себеби бул белги бизге чыныгы мээримдин толук курмандыгы жөнүндө айтып турат.

Абдулла курман айтта чалынчу ыйык курмандыктын маанисин абдан жакшы билчү. Адилет Кудай күнөөгө баткан адамзатка болгон каарын жазыксыз козуга төккөн. Биздин күнөөбүз бейкүнөө козуга өтүп, биз тартчу жазаны күнөөсүз козу тарткан. Биздин ордубузга анын жаны чыккан. Албетте, жыл сайын курман чалынган козу анын жанынын ордун толтура албагандыгын Абдулла дайыма сезе турган. Бирок Иса пайгамбардын Курман айттын акыркы курмандыгы болгону ыраспы?

Көпкө чейин унчукпай туруп, анан Абдулла башынан топусун алып, аны момун кыргыз кишиге көрсөттү. "Араб топусу тууралуу эмне дейсиң? Биз муну Кудайга такыбаалыгыбызды, орозо тутуп, намазга жыгылып, ажыга барганыбызды көрсөтүү үчүн кийебиз," — деди ал.

Ошондо Абдулла өзү дайыма билген чындыкты биринчи жолу укту. "Бир дагы адам такыбаа эмес. Бир дагы киши ак эмес. Бүткүл адамзат оор күнөөлөргө баткан. Бардыгынын барар жери тозок. Эч кандай зыярат, орозо, бирөөгө кылган кайрымдуу иштер биздин чыныгы жүзүбүздү жаап—жашыра албайт. Күнөөкөр адамдын эң адилет деген иштеринин ыйык Кудайдын алдында кир кийимден эч айырмасы жок экенин көрбөй турасызбы? Андыктан күнөөңүздү жашыруу үчүн эмнелерди гана кылбаңыз, бардыгы куру бекер," — деди акылман кыргыз киши.

Абдулла өзүн токтотуп, ага улутчул өктөмдүгү менен жооп берген жок. Бишкекте жүргөн көптөгөн чет элдиктерден айырмаланып, Абдулла башкаларды үйрөтүү үчүн эмес, өзү үйрөнүү үчүн келген эле. Анын үстүнө ал чындыкты билүүнү

энсеп жүргөн. Ошондуктан алиги руханий түшүнүгү бар кишинин жанга баткан курч сөздөрүнө эч жооп кайтарбады.

"Карасанчы, досум, биздин бийик ак калпагыбыз асманды көрсөтүп турат. Ал жалпак чөлдөрдү эмес, өмүр берүүчү булактарга толгон, заңкайган ыйык тоолорду билдирип турат. Ал адамдын тайкы акыл—эси менен гана чектелбей, ой—сезимибизди өстүрүп, бизге жол көрсөтүп турчу Кудайдын Рухуна кенен орун берет. Эгерде биз чыныгы мусулман болсок, анда Кудайдын Рухуна башыбызды ийип, анын жолун жолдогонубуз абзел. (Мурунку Советтер Союзу убагында жашап, "Үйдү Кудай өзү курбаса, анда жумушчулардын иштегени куру бекер" экенин акыры түшүндүк го.) Калпагыбыздын билдиргени жер, адам, өлүм же диний мыйзамдар эмес, кең асман, Кудай, өмүр жана Ыйык Рухтун жолу экенин көрбөй турасызбы.

Силердин ак топуңар адамды жалган актап, анын жакшы иши менен ээ болгон курулай үмүтүн көрсөтсө, биздин кара түстөгү курман айттын белгиси бар ак калпагыбыздан түбөлүк акталуу менен Кудайдын өзү кылган иштери, жакшылыгы аркылуу көрсөткөн ырайымы көрүнүп турат. Көрдүңүзбү, Исанын курмандыгысыз бүткүл адамзат күнөөгө байланып, мойнундагы жазасы менен кала берет. Биз өзүбүздү өзүбүз ак кыла албайбыз. Ошондуктан биз кыла албаганды Кудай өзү кылды. Ал Иса болуп, адам кейпин кийип, биз тарта турган жазаны өз мойнуна алып бизди актады. Эми бир да адам мактана албайт, анткени биздин адилеттигибиз биз кылган иштерден болбойт. Ал — Кудайдын бергени," — деди. Абдулланын жандүйнөсүн— жашыл жайытты карай баштаган чабанга окшоп, алиги киши.

Алардын сөзү кайрадан токтоп калды. Абдулла жерди тиктеп турду. Араб адамы үчүн кыргыздан мусулман болуу эмне экенин угуп туруу оңой эмес эле. Бирок кыргыз калпагынын байыркы кабарында ал өмүрүндө араб кабарынан укпаган, аны ойлонткудай бир нерсе бар эле. Жаңы араб досунун чындыкка чаңкаган жанына суу берген кыргыз киши, үнүн акырын чыга–

рып, Кудайдын Рухуна Абдулланы анын айткандарын түшүнгүдөй кылуусун жана шайтандын жалганчылыгынан сактоосун суранып, сыйынды.

Андан соң ал Исанын адамдын башчысы болгондугу тууралуу аятты эстеп, Кудай Сөзүн ачты да, Абдуллага мындай деген аятты көрсөттү: "Мен болсо ар бир эркектин башчысы — Машайак, аялдын башчысы — эркек, ал эми Машаяктын башчысы — Кудай экенин билүүнөрдү каалаймын" (Ыйык Инжил китеби, 1—Кор. 11: 3).

Бул сөздөр Абдулланын кулагына кайра—кайра жаңырып жатты. "Ар бир эркектин башчысы — Машайак, аялдын башчысы — эркек, ал эми Машаяктын башчысы — Кудай." Абдулла ушул аят тууралуу ойлонуп, сакалын кармалап турду. Ырас, ал аялына башчы эле. Бирок Машаяк ага башчы болгонбу? Жок. Ал эч качан өзүн Машаякка тапшырган эмес.

Абдулланын тынчы кетип, ачуусу келе баштады. Кыргыз киши анын тирек кылган ынанымын бузууга аракеттенип жатты. Ал кыргыздын көзүн карай койду да, чочуп кетти. Анын көзүнө көздөрү жалындаган, колундагы жаландаган кылычы менен Абдулланын ичин жарып салчудай болгон байыркы жоокер көрүнө түштү. Бирок мандайында карапайым кыргыз кишиден башка эч ким жок эле. Анын көздөрү болсо Абдуллага кыргыздарды биротоло жакшы көрүп калуудан мурун, аларды жек көрдүргөн суроону берип жаткансыды:

"Сиз чыныгы мусулмансызбы?"

Абдулла өзүнүн мусулман экенин билчү. Ал эч качан башка болмок эмес. Бирок ушул кыргыздын алдында өзүн мусулманмын деп айтуу анын Иса Машаякка баш ийгендигин билдирмек. Абдулла өмүрүндө биринчи жолу эш туткан ынанымы канчалык бош экенин сезди. Анын таянганы же Куран, же Кудайдын жолу, же Кудайдын пайгамбарлары эмес эле. Анын негизинде адамдык окутуулар гана бар болчу. Же ал акыл—эсин жоготуп, манкурт болуп калганбы?

Жымжырттык жан сыздатканы менен, ал да керек эле. Акыры кыргыз киши: "Досум, чыныгы мусулман болуп, Исага баш ийүүгө мезгил жетти," — деди.

Машаяктан жана анын курмандыгынан баш тартканын койсо, ал өз күнөөсүнөн бошоно аларына көзү жеткенде, Абдулланын жүрөгү дүкүлдөй баштады. Акыры ал Кудай менен туура мамилеге да жетише алат эле. Бирок аң—сезими дагы эле ага толук баш ийген жок. Каабадан ушунча алыс жерден мынчалык көп акыйкатты табууга мүмкүн экени анын оюна да келген эмес.

“Адам ата менен Обо эненин окуясы эсиңиздеби? — деп сурады кыргыз киши, — алар алданып, Кудайдын тилин албай, күнөөгө батышканда, өздөрүнүн жылаңач экенин көрүп, этин жалбырак менен жаап алышкан. Бирок кийин Кудай Өзү Адам ата менен Обо энени жаныбардын терисинен жасаган кийим менен кийинткен.”

Байыркы окуянын маанисин терең түшүнгөн киши, Абдулланын көзүнө тигиле карап, сурады: “Эмне үчүн? Эмне үчүн Адам атанын өсүмдүктөн жасаган кийими Кудайга жакпады? Эмне үчүн Кудай Өзү айбандардын терисинен кийим жасап, аларды Адам ата менен Обо энеге кийгизди?”

Диндин уюткусу болгон жерден келгенине карабастан, Абдулла жөнөкөй адамдын жөнөкөй суроосуна жооп бере албады. Кичи пейил кыргыз киши жаңы араб досун ыңгайсыз абалда калтыргысы келбей, дароо эле өзү жооп берди: “Кудайдын Сөзү мындай дейт: “Кан төгүлмөйүнчө күнөө кечирилбейт.” Көрдүңүзбү, досум, күнөө — бул тамаша эмес. Сиздин жана менин Кудайга кылган кыянаттыгыбыз үчүн бирөөнүн жаны кыйылышы керек.”

Кайраттуу кыргыз кишинин сөздөрү Абдулланын жүрөгүнө жоокердин курч кылычындай сайылып жатты. Бирок Меккеден ушунчалык алыс жерде туулуп—өскөн адамдын Кудай жөнүндө ушунчалык көп түшүнүгү бар экени Абдулланы дале бушайман кылып жатты.

Кудай тандаган адамдардын катарындагы бул жоокер өз максатын жакшы түшүнүп, алдында турган жоош арабдын аң—сезими менен жандүйнөсүндөгү чындык үчүн күрөшүн билгичтик менен улантты: “Күнөө кылгандан кийин, Адам ата

менен Обо эне өздөрүн жалбырак менен жабууга аракет кылышты. Бирок алар Кудайдын түбөлүк адилет экенин түшүнүшкөн эмес. Күнөөлүү адамдын кылмышын жабуу үчүн бирөөнүн жаны кыйылышы керек болгон. Биздин калпак койдун жүнүнөн жасалган. Ал бизге Кудай Адам ата менен Обо энеге чыныгы кийимди бергенде курман чалынган күнөөсүз жаныбар жөнүндө эскертип турат. Ошол кийим жыланач этибиз менен бизди маскара кылган күнөөлөрүбүздү жабат."

"Мен түшүнөм, — деп Абдулла анын сөзүн бөлдү. — Биздин топу пахтадан, демек, өсүмдүктөн жасалган. Сиздин оюнузча, ал күнөөлөрүмдү жабуу үчүн жамынсам да баары бир жарабаган кийимдеримди билдирет. Сиз айткандай, ал "кийимдер" — мен такыбаа жашап, кечирим алыш үчүн орозо тутканым, намазга жыгылганым, куран окуганым, ажыга барганым жана ушул сыяктуу башка иштерим."

Алар бири—биринин көзүн тиктешип, кайрадан унчукпай калышты. Акыры кең пейил кыргыз сөзүн улап, мындай деди: "Сиз бир нерсени эсиңизге түйүп алышыңыз керек. Эгерде Кудай берген кийимди кийбесеңиз, анда ар бир ишиңиз, ал турсун ар бир күнөөлүү каалооңуз сизди Кудай алдында ашкерелей берет." Бул Абдуллага анын уятсыз кумарын дагы эскертти. Анысы менен ыйык Кудайдын алдында тура албасын Абдулла жакшы билген.

Абдуллага кыргыздан уккан кабардын чындыгы улам айкын боло берди. Аны тозокко түрткөн күнөөлөрүнөн арылта алчу бир гана курмандыкка чалынган Машаяк (Месих) эле. Ошентсе да ал Иса пайгамбардагы катылган сырлар жөнүндө дагы көбүрөөк түшүнүк алгысы келди. Анын үстүнө ушул жаңы ачылган казына ал үчүн эмнеге турарын да түшүнүш керек болчу. Ошондуктан Абдулла бешиктеги кезинен эле башынан түшүрбөй жүргөн пахтадан тигилген топусун көргөзүп: "Бул топуну мен динге биринчи болуп окуткан атамдай ыйык тутам" деди.

Көрдүнөрбү окурмандарым, Байыркы кылымдарда ачуу чөл, көп тоолорго кылыч көтөрүп, мажбурлап, өз карамагына караткан. Ал эми азыр болсо, бир мырза тоо, кылыч менен эмес, бирок сый калпак жана урмат менен чөлдү өз айкөлдүгүнүн карамагына кайра жетелей баштады. Тоолук киши ак калпакты Абдулланын алдына коюп, мындай деди: "Сиз Жаратканыңызга ички дүйнөңүздүн улуу ээси жана түбөлүк тагдырыңыздын башчысы болууга эрк беришиңиз керек. Ал сизди кийинтүүгө ыракым этиңиз.

Азыр кудуреттүү Кудайдын эң ыйык экенин эске тутуңуз; күнөө менен күнөөкөрлөр Анын жанында тура алышпайт. Эгерде Кудай менен сиздин ортоңузда курмандык белгиси турбаса, сиз ойлоп жүргөн адилеттигиңиз Кыямат Күнү ыйык Кудайдын алдында кабыл болбосун көрөсүз. Ошондо күнөөлөрүңүз менен Кудайга наалат келтиргениңиздин жазасын тозокто өз жаныңыз, өз каныңыз менен тартасыз."

Абдулла кайрадан бир нерсе тийгендей селт этип кетти. Анын баарынан корккону тозок менен Кыямат Кайым, ал эми эң чоң тилеги — Кудайдын адилеттиги эле. Өмүр бою эңсеп келген Кудайдын сүйүүсү менен кечирими жөнүндө укканда, ал кайрадан ак калпактагы курман айттын кара белгисине тигиле карады. Иса Машаяк Кудайдын жиберген кишиси болгону ыраспы? Күнөөкөр адам менен адилеттүү Кудайдын ортосундагы арачы — асмандан түшүп, мен үчүн өз канын төккөн курман айт козусу жана дырдай жыланач күнөөкөр табиятымды жаба алгыдай жалгыз бирөө чындыгында эле Ошолбу?

Абдулла терең ойго чырмалып көпкө турду. Анан бир топтон кийин калпакты карап, өзүнө: "Жараткан Кудай күнөөгө баткан адамзат жөнүндө ушунчалык кам көргөнбү,"— деп суроо берди. Акыры, Абдулла мындай тыянакка келди: эгерде Жаратkандын Исаны жиберип, Ал өзүн мал сыяктуу өлгүчөктү кемсинткени чын болсо, анда Абдулла да өзүн Кудайга багындырып, өз жеринде тирүү Кудай үчүн жанын курмандыкка берүүгө даяр болот эле. Анткени ал өз Жаратканы

менен Анын жибергет Машаягынан уялган адам жашоого, ал тургай адам деп аталууга татыксыз экенин билген.

Абдулла оор үшкүрүндү. Ал Кудайдын ырайымы жөнүндөгү ушул укмуштуудай аянды кабыл алса, калпактагы айкашкан сызыктар менен Исанын айкаш жыгачы бир күнү анын өзү үчүн түрмөнүн айкашкан темир торуна же болбосо аскер мылтыгынын мээлегичиндеги айкашкан сызыктарга айланарын Абдулла билген эле.

Меймандос кыргыз киши Абдулланын ичиндеги болуп жаткан күрөштү көрүп, аны үйүнө чакырды. Жөнөкөй кыргыз үйүнө келишкенде, ыйык китептерди ачардан мурун, алар бирге нан сындырып, чай ичишти. Досу Абдуллага Ыйык Китептин түшүнүктүү, азыркы орус тилиндеги котормосун берип, өзү болсо колуна кыргызчасын алып, ачты. Алар дүйнөнүн жаралышынан баштап, Кудай Сөзүндөгү Адам ата менен Обо эне, алардын эки уулу, азрети Нуктун, Ибраимдин, Исхактын, Мусанын, Дөөттүн, Сулаймандын, Даниярдын, Исанын жана дагы көптөгөн башка адамдардын өрнөктүү өмүрүн баяндаган аңгемелерди чогуу окуп чыгышты. Буга чейинки өмүрүндөгү улуу казылардын бардыгына караганда, ак калпакчан жөнөкөй кыргыз киши бир жуманын ичинде Абдулланы Кудайга алда канча көбүрөөк жакындатты. Мындагы чоң айырмачылык — казылар Кудай жөнүндө окутушса, кыргыз киши Кудайды Абдуллага кадимкидей тааныштырды.

Алардын Кудайдын Сөзүн бирге барактап окугандагы сапары кыргыз чабандарынын, кой айдап, жакадагы айылдан бийик тоолуу жайыттарга көчүп баргандагы сапарына окшоду. Түбөлүк чындыктарды ачып жатышканда, алар айылдагы мааниси жок куру сөздөр менен ушактардан алыстап кеткендей болушту. Адамзаттын күнөөгө батып, бейиштен куулганын окуп жатышып, алар айылдын отоо чөп менен курт—кумурскалардан, кургакчылыктан улам куурап бараткан эгин талаасын аралап бараткандай болушту. Кудайдын ажайып иштери жана күнөөлүү адам баласы үчүн кылган жакшылыгы жөнүндө

окуганы, капчыгайга кирип, аскалуу жолдун эки жагындагы укмуштуу аска—зоолорго суктанган менен барабар эле. Кудайдын мыйзамы менен Кудайдын Рухунун ортосундагы айырманы биле баштаган Абдулла, ак боз ат минип, шылдыраган үнү обондой угулуп, салкыны жан сергиткен тоо суусунун жанынан өтүп бараткандай болду. Кудайдын Исанын өлүмү аркылуу бериле турган кечирими жөнүндөгү убадалары тоодогу мөл булактан ичип, анын тунук суусуна жуунганга барабар эле. Кудайдын бизди шариятка ылайык же дененин каалаганы боюнча эмес, Рухтун жетегинде ишеним менен жашасын деген тилегин билүү, алар үчүн асмандан түшкөн шүүдүрүмдү кечип, көк асман алдында жашап, шамал менен чогуу көчүп жүргөн жайлоого баргандай эле болду.

Ырас, Абдулла Кудайдын жеринде бир жума жашаган сон, анын "иш сапарынын" натыйжасы ал ойлогондон алда канча сонун болду. Бир жуманын ичинде ал арабдардын эң байы болуп калды — ал бейиштин катылган кенчин — ыпылас күнөөлөрү үчүн Кудайдын берген жабуусун, аны ушунчалык узак мезгил бою башкарып келген кумарын оздуктоонун рухий жолун тапты.

Ооба, эми ал Кудай менен асманда түбөлүк бирге болоруна толук ынанып турду, анткени Иса, Кудайдын жиберген машаягы, анын ордуна өлүп, анын башчысы болуп калган эле.

Көрдүнөрбү, Абдулла Кудай Сөзү аркылуу Иса кыргыздардын эле чыныгы пайгамбары эмес, анын эли менен алардагы Курандын да ачыла элек чыныгы пайгамбары экенин түшүндү.

Эми ал Кудайдан тапкан чексиз адилеттүүлүктү көрсөткүсү келди. Ошондуктан ал өзүнүн мурунку баш кийими менен кошо мурдакы пенделик такыбаалыгын жерге коюп, анын ордуна кыргыз калпагы менен Кудайдын түгөнбөс ырайымын кийди.

Эми гана Абдулла ажы Кудайга чыныгы зыяратка барып келип, чыныгы ажы... жана тоолук же толук мусулманчылык-ка жеткенин силер түшүнгөн чыгарсынар...

# Ак Калпак (II Бөлүм)

Бир нече убакыт өткөн соң, тунук суудай улуу окутууга чаңкаган дагы көп адамдар өз күнөөлөрү Кудай жиберген машаяктын курмандыгы аркылуу кечирилишин окуп үйрөнүү үчүн Кыргызстандын эркин Ала–тоосуна келе баштады. Ошентип, Кудайдын ыйык Сөзүндө айтылгандай, бардык элдер Кудайдын ыйык тоосун көздөй умтулганда, калпактагы пайгамбарлык белгинин дагы бир жагы орундалды:

> *"Акыркы күндөрдө мындай болот, Теңирдин Үйүнүн тоосу тоолордун башына коюлуп, адырлардан жогору көтөрүлөт; ага бүт элдер агып келет. Көп элдер барып, мындай дешет: "Келгиле, Теңирдин тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын үйүнө кирели. Ал бизди өз жолдоруна үйрөтүп, биз анын ак жолунда жүрөбүз." (Исаия 2:2—3.)*

Мен калпактын кара жээгинен өйдө көтөрүлгөн сызыктар жолдордун да белгиси экенине ишенем: Бул — адашып, караңгыда жүргөн элдер Теңир үйүн көздөй бет алганда түшө турган жолдордун, же болбосо биз үйрөнө турган жолдордун белгиси болушу мүмкүн.

Абдулланын досу Хамид да, ак калпактын жолун таап, тоолук сырларды түшүнүп, толук мусулманчылыкка да жетти. Ошондуктан ал байкесинин үйүнө барып, байкесинин капастагы бүркүтүн өз эркиндигине бошотуп жиберди, андан соң байкесинен таяк жеди. Ошондой эли силер да Ала–Тоонун алтын сырларын билесиңер. Эми силердин ролуңар бул тирүүлүктүн эпосунда канлай?

(Кыргыз досторум, эми силер машайактын Ала–Тоодогу баскан кырк изинин калганын тапсаңар кандай болоор эле?)

# Тааныш үн

Учурда бул жакка миллиондогон долларлар агып келүүдө. Миндеген чет элдиктер өздөрүнүн жолдоруна силерди окутуш үчүн жиберилишүүдө. Алардын үндөрүн ар бир үйдөн укса болот. Бирок, дагы башка бир үн бар. Ал өзүнүн пикирин тануулабайт, эч нерсени зордоп талап кылбайт. Сен ошол үнду уктуң белең? Ал үнду анын кылган иштеринен укса болот. Ал үнду анын издеринен таанып билсе болот.

Кыргыз досум, кел бери,
Теңир Тоого баралы,
Чокусуна чыгалы,
Мээ кайнаткан кум чөлдүн
Аптабынан качалы.
Кыргыз досум, кел эми,
Көкө Теңирге табын,
Мөлтүр булакка чайын,
Күнөөлөрүндүн баарын
Булактын башында өскөн
Даракка барып байлагын.
Эшиги ачык баарына
Кудайынын Жакыптын
Боз үйүнө баргынын
Босогосун аттагын.
Сындырылган сен үчүн
Өмүр нанынан жегин.
Кайрат берчү жанына
Саамал кымыздан ичкин...
Бейкүнөө Козу союлган
Курмандыкка чалынган
Күнөөлөрүң жоюлган,
Ошондон тапкын кечирим.
Курман айттын Козусу
Канын төгүп сен үчүн,
Жазандан башың бошоткон,
Ошондон тапкын чон өмүр.
Бийлигине моюн сун,
Түбөлүккө кубангын,
Жаңы ырды ырдагын.
Үч кылын терип комуздун
Шаттык күүсүн чыгаргын.
Өйдө көтөр башыңды,
Кереметтүү түндүккө
Көз чаптырып карасаң,
Анда айкаш жыгач бар:
Айкаш жыгач алдында
Эч ким сотко тартылбайт,
Сен ошерде жашагын.
Көк Нурунун жарыгы
Өмүрүнө төгүлсүн.
Ал жерде толук эркиндик,
Эркиндикте жашагын.
Түркүн–түркүн даам коюп,
Дасторконун жайнатып,
Улуу Хан сени күтүүдө.
Суранчын угуп элинин,
Узун өмүр жаш тилеп,
Тост айтты ал сөз сүйлөп,
Кантип четте каласың

Кошулуп ичпей чын дилден,
Хан Манастын кубаты,
Элибиздин үмүтү —
Бир гана Көктүн Теңири.
Кыргыздын бабаларына
Эркиндик берген ал Теңир.
Аны тосуп алгыла,
Жөнөкөй гана кийинип,
Кыдыр болуп келет ал,
Кыдырды ысык тоскула,
Сыртына карабагыла,
Батасын алып калгыла.
Анткени анын батасы
Бул жашоодон артык ко!
Анын улуу байрагы
Желбиресин көкөлөп,
Анын аппак калпагы
Сыймык менен кийилсин.
Ага моюн сунгула,
Анткени ал боорукер,
Андан рахат алгыла.
Анын соккон шамалын
Бетиңер менен сезгиле.
Аталарыңар баскан
Ак жолдорго түшкүлө.
Ала Тоонун мунканган
Үнүнө кулак түргүлө.
Бабалардан келаткан
Эпоско каарман болгула.
Четтиктердин ойлору
Дубалдарга камалган.
Кыргыздардын ойлору
Дубалдарга камалбайт.
Кыргыздардын Эпосу
Дубал дегенди билбейт,
Оор эзүүдө жаткандын
Тушоолорун кескиле.
Машаякка каршыгып,
Көп эле жылдар тирештик,
Жолдон кыдыр жолукса,
Терс карап, кыйгачтап өттүк.
Өмүрдү тандап албастан
Өлүмгө карай жөнөдүк.
Бейишти тандап албастан
Тозокко карай жөөлөдүк.
Ибраимдин балдары!
Үмүтүңөр өчө элек,
Ак кочкор түшкөн асмандан,
Өлүмдүн күчүн тепселеп.
Көктөн түшкөн ал Кочкор
Курман айттын кочкору,
Өмүргө болот ал себеп.
Адилеттин адили,
Кыйындырдын кыйыны,
Көсөмдөрдүн көсөмү —
Улуу Хан күтөт силерди
Кайрылып келер бекен деп.
Далай ирет жыгылдык
Күнөөгө канча тыгылдык
Көрүп турду ал баарын,
Мыйзамдарын бузганда
Карап турду ал баарын
Ачуусун мээрими жеңип,
Кун төлөөчү Майрамда
Курман кылып ал өзүн
Канын төктү биз үчүн,
Кун болуп берди биз үчүн.
Сатып алган өзүнө
Жыйнаган кырманы болдук.
Машаяк сен үчүн келген

Күнөөндүн кунун төлөгөн
Сени менен сүйлөшүп
Чер жазайын деп келген.
Асманда Атасы салган
Заңгыраган үйү бар
Ошол үйдөн сен үчүн
Орун даярдап жатат.
Сен экөөбүз үчүн ал
Бейиш даярдап жатат.
Эми кайра келет ал,
Жан адамга билгизбей
Болжошкон күндө жолугуп,
Күтүп турган сүйгөнүн
Ала качкан жигиттей,
Ала качат ал бизди.
Шайтандын кол алдынан
Баатырыбыз куткарат.
Тозоктун азаптарынан
Азаттыкка чыгарат.
Бизди сүйөт Машаяк,
Артык көрөт жанынан.
Алып барат ал бизди
Дачасына Кудайдын,
Ал жерде жыргап-куунайбыз,
Жашайбыз эркин түбөлүк.
Машаяктын жеңишин
Майрамдайбыз түбөлүк.
Машаяк кандай экенин
Бабаларынар көргөн,
Алар баскан жолдордо
Ар дайым жүргөн Кыдырды
Аталарынар көргөн.
Тоонун мусулмандары,
Жоошуй турган кез келди,
Баш ийе турган кез келди,
Кыдырга кызмат кылгыла,
Ал баскан жолго түшкүлө.
Машаякка жан-жолдош
Чоролору болгула.
Машаяктын жарыгын
Элдерге жар салгыла.
Какшыган чөлдүү жерлерин
Машаяк берчү тынчтыктын
Кандыргыла суусуна.
Жалгандын башы жанчылган
Акыйкаттын жарыгы
Түбөлүккө чачылган.
Асмандагы чоң тойго
Чакыргыла аларды.
Тартынганды таштагын
Теңир Тоого бурулгун
Күтүп жатат улуу Хан.
Мүмкүнчүлүк барында
Ырайымын кабыл ал,
Ак жолдорун табып ал.

*Көркөм адабий басылма*

*Рысбек*

# *Ала-Тоодогу Кырк из (Аңгемелер жыйнагы)*

Теруүгө 28.02.2000. берилди. Басууга 23.03.2000. кол коюлду.
Формат 60x84 1/16. 1,5 басма барагы. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басма. «Аль Салам» басмаканасында басып чыгарылды.
Нускасы 2 000 даана.

Балким кыргыздар дагы
башка"Издерди" таап,
китептин кийинки томдорун
жазууну улантышаар...